КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

## 2 0 0 8

Бишкек 2009

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2008-жыл үчүн отчету***

Улуттук банктын 2008-жыл үчүн отчету «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8, 10-статьяларына ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2008-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма бешиндеги № 15/1 токтому менен бекитилген.

2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын чын куран айынын тогузундагы №18/1 токтому менен бекитилген.


РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрайым: | Цыплакова Л.Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Алыбаева С.К.<br>Конокбаев С.С.<br>Садыкова Н.О.<br>Урустемов С.А. |
| Жооптуу катчы: | Айдарова А.К. |



Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Макроэкономикалык анализдөөлөр жана финансы рыногун анализдөө бөлүмүнө
(996 312) 66-90-59 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта aaidarova@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 66-90-09, телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
e-mail: pr@nbkr.kg
Http://www.nbkr.kg

# МАЗМУНУ


**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү ............................................... 5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2008-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2008-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ ..................................................................... 8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ............................ 8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору ......................... 11
1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми ......... 14
1.4. Финансы рыноктору ........................................... 16
1.4.1. Валюта рыногу ............................................ 16
1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу ................... 19
1.4.3. Баалуу кагаздар рыногу .............................. 20
1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу ............ 26

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2008-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ ....................... 34

2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжалары ...................................................... 34
2.2. Акча-кредит саясатынын каражаттары (инструменттери) .............................................. 38
2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар ....... 39
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен ..................... 40
2.2.3. Репо операциялары ...................................... 42
2.2.4. Банктарды кайра каржылоо ........................... 43
2.2.5. Милдеттүү камдар (резервдер) .................... 43
2.3. Эл аралык камдарды тескөө .............................. 45

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ ........................................................... 48

3.1. Банк тутумунун иши боюнча баяндама ............. 48
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча баяндама .............. 55
3.3. Коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүк жана жөнгө салуу .......................... 61
3.3.1. Лицензиялоо ................................................ 61
3.3.2. Тышкы көзөмөл .......................................... 62
3.3.3. Инспектирлөө ............................................... 65
3.3.4. Таасир этүүчү эскертүү чаралары ................. 65
3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүктүн ченемдик базаларын өркүндөтүү ................. 65

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ............................. 70

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү ........................... 70
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр ............................... 70
4.1.2. Төлөм системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу ............................................. 73
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ....................................... 74

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР ....................................................... 77

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу .......... 77
5.2. Улуттук банктын борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуусу ......................... 81

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ............................................... 84

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү .......................................... 84
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдагы иши ............... 89
6.3. Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү жана финансы кеңешчисинин функциясын аткаруу .. 93
6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы .......................................................... 97
6.5. Коомчулукка маалымат берүү ......................... 98

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2008-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2008-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ ........................................... 105

7.1. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчеттун даярдалышына жана бекитилишине жоопкерчиликтин жетекчилик тарабынан тастыкталышы ................................................. 105
7.2. Көз карандысыз аудиторлордун отчету ........... 106
7.3. 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча бухгалтердик баланс ............................................................... 107
7.4. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет .................... 108
7.5. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет ................................................. 109
7.6. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет ................................... 110
7.7. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр .................................... 112

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2008-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги ................... 150
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер) .................. 159
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары ............................................... 182
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси ........... 187

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2008-жыл үчүн жылдык отчету «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык даярдалган жана өлкөдө баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо, банк тутумун өнүктүрүү жана чыңдоо, республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүүсүнө түрткү берүү үчүн төлөм системасын өркүндөтүү боюнча банк ишинин жыйынтыгын чагылдырат.

Улуттук банк өз ишин Өлкөнү 2007-2010-жылдары өнүктүрүү стратегиясында белгиленген максаттарга жана Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан коюлган милдеттерге жараша жүзөгө ашырган.

Өткөн жыл улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылышына 15 жыл толушу менен даңазалуу болду. 1993-жылы кабыл алынган сомду киргизүү жөнүндө чечим, Улуттук банкка өз алдынча акча-кредит саясатын жүргүзүүгө өбөлгө түзгөн. Ушул мезгил аралыгында өлкөнүн мароэкономикалык туруктуулугуна жетишүү жана калайык-калктын өз валютасына карата ишенимин бекемдөө жагында олуттуу ийгиликтерге жетишилген.

Улуттук банк Өкмөт менен биргеликте отчеттук жылда тышкы баа таасирлеринин терс кесепеттери орун алып, глобалдуу финансылык кризис түптөлүп жаткан шартта, экономикада инфляциялык процесстерди токтотууга багытталган макроэкономикалык саясатты жүргүзгөн. Акча-кредит саясатын катуулатуу жагында 2007-жылдан берки чаралар, 2008-жылы инфляцияны мурдагы жылдын деңгээлинде чектөө үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берген.

Улуттук банктын иши өлкөдө финансылык туруктуулукту сактоого, калктын банк тутумуна карата ишенимин бекемдөөгө жана финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатууну камсыз кылууга багытталган. Дүйнөлүк финансылык рыноктордогу жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө абалдын начарлоосу, дүйнөлүк кризистин өлкөнүн финансы секторуна терс таасирин минимизациялоо боюнча шайкеш чараларды көрүүнү талап кылган.

Чакан жана орто бизнестин финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн микрофинансылык уюмдарды андан ары өнүктүрүүгө, иш менен камсыз кылууну арттырууга жана региондордо жакырчылык деңгээлин кыскартууга олуттуу көңүл бурулган.

Отчеттук жылда Улуттук банк төлөм системасын жана накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун чегинде, төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшү үчүн зарыл болгон инфраструктураларды өнүктүрүү боюнча ишти уланткан. Накталай эмес эсептешүүлөрдү кеңейтүү жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүнүн артышы, банктын ушул багыттагы ишинин жыйынтыгы.

Бул басылманы даярдоодо Улуттук банк мурдагыдай эле, маалыматтардын ачыкайкындуулугу жана толук чагылдырылышы принцибине таянган. Отчетто көз карандысыз аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчет да камтылат.

Төрага М. Алапаев

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2008-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2008-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ

2008-жылы Кыргызстандын экономикалык өсүш арымы дүйнөлүк экономиканын өсүш арымынан мурдагыдай эле ашып тургандыгына карабастан, бүтүндөй алганда өлкөдө ишкердик жигердүүлүктүн басаңдоосу байкалган: ИДПнын реалдуу өсүшү 7,6 пайызды түзгөн, ал эми 2007-жылы 8,5 пайыз чегинде катталган эле. Соода жүргүзүү шарттарынын начарлоосу, өндүрүштүн жана каржылоо чыгымдарынын көбөйүүсү, ошондой эле реалдуу эмгек акынын жай жогорулатылышы экономикалык өсүш потенциалын байкалаарлык кыскартуу менен өлкөдөгү инвестициялык жагдайга таасирин тийгизген. Экономикалык өсүштүн калыптанган арымы көбүнесе, кызмат көрсөтүүлөр секторунун динамикалуу өнүгүшү жана кайра иштетүү өнөр жайында алтынды активдүү казып алуу менен шартталган.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн чыгаша бөлүгүнө салыштырганда озгон арымда өсүшү, 2007-жылдагыга салыштырганда бюджеттин тартыштыгынын кыскаруусуна алып келген.

Тышкы факторлордун таасир этүүсүнүн натыйжасында, төлөм теңдеминин оң сальдосу 2007-жылдагыга салыштырганда, 2,8 эсеге кыскарган.

Республиканын финансы рыногундагы жагдай инфляция арымынын жогору деңгээлде сакталып турушу жана дүйнөлүк финансылык кризистин күч алып жатышы шартында, Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын таасири астында калыптанган. Ички жана тышкы факторлордун таасири улуттук валютанын алмашуу курсунун динамикасынын багытынын өзгөрүүсүнөн жана анын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн ыкчамдашынан, рынокто пайыздык чендердин деңгээлинин жогорулоосунан, депозиттер жана кредиттердин өсүш арымынын кыскаруусунан көрүнгөн. Мында, банк тутумунун ликвиддүүлүк деңгээли жетишээрлик жогорку деңгээлде сакталып калган, бирок ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөрүүсү жана анын коммерциялык банктарда концентрациялануусу да, жыл ичинде рынок коньюнктурасынын калыптанышына таасирин тийгизген.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору

2008-жылы реалдуу сектор оор шарттарда өнүккөн. Энергетика комплексиндеги көйгөйлөр жана азык-түлүккө, энергоресурстарына баанын глобалдуу өсүшү экономикага катуу таасирин тийгизген. Бул факторлор инфляция арымынын тездешине жана өндүрүш чыгымдарынын көбөйүүсүнө түрткү берип, ал өз кезегинде чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишкердик жигердүүлүгүнө терс таасирин тийгизүү менен өлкөдө экономикалык ишкердиктин шарттарынын кандай болоорунун белгисиздигин жогорулаткан.

Мындан тышкары, финансылык кризистин кесепеттери Кыргыз Республикасынын экономикасынын реалдуу секторуна да кыйыр түрдө таасир тийгизген, атап айтканда, суроо талаптын төмөндөшүнө байланыштуу негизги өнөктөш өлкөлөр, эң оболу Россия жана Казакстан менен соода жүргүзүүнүн олуттуу кыскарышы байкалган.

Мына ушулардын бардыгы келип, 2008-жылда кыргыз экономикасынын өнүгүүсүнүн басаңдашынын себебинен болуп калган. УСКнын алдын ала маалы-

маттары боюнча 2008-жылы реалдуу алганда ИДП 7,6 пайызга көбөйүү менен 185,0 млрд. сомду түзгөн (2007-жылы өсүш 8,5 пайызда катталган). Өсүш негизинен, соодада, транспорт жана байланыш чөйрөсүндө ишкердик жигердүүлүктүн сакталып турушу, кайра иштетүү өнөр жайында өндүрүштүн артышы менен шартталган.

*Алтын өндүрүүчү тармак*

Кайра иштетүү өнөр жайында иш өндүрүмдүүлүгүнүн артышы башка тармактарда өсүш арымынын басаңдашынын ордун жарым жартылай компенсациялоого мүмкүндүк берген. «Кумтор» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, реалдуу ИДПнын өсүшү 2007-жылдагы 9,0 пайызга караганда, 5,4 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан жылы «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларынын ИДПнын жалпы көлөмүндөгү дүң кошумча наркынын үлүшү, 2007-жылдагы 2,7 пайыздан 4,5 пайызга чейин өскөн.

Калктын киши башына эсептегенде ИДПнын көлөмү 35,1 миң сомду (959 АКШ долларын) түзүү менен отчеттук жыл ичинде 6,8 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча ИДП дефлятору, 2007-жылдагы 14,9 пайызга караганда, 21,2 пайызды түзгөн.

***1.1.1-таблица***

2008-жылдагы ички дүң продукттун түзүмү

| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүш арымына салым, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токойчулук | 25,8 | 0,7 | 0,2 |
| Тоокендерин казып алуу өнөр жайы | 0,4 | 6,4 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 11,3 | 23,6 | 2,3 |
| Электрэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2,2 | -7,5 | -0,2 |
| Курулуш | 3,1 | -10,8 | -0,4 |
| Соода, автомобилдерди жана жеке пайдалануудагы буюмдарды оңдоолор | 18,6 | 9,2 | 1,7 |
| Мейманкалар  жана ресторандар | 1,3 | 13,2 | 0,2 |
| Транспорт жана байланыш | 8,4 | 29,7 | 2,2 |
| Жана башкалар | 15,6 | 3,4 | 0,6 |
| Продуктыларга таза салык | 13,2 | 7,6 | 1,0 |
| **ИДП** | **100,0** | **7,6** | **7,6** |

*Булагы: КР УСКнын маалыматтары*

*Айыл чарбасы*

2008-жылы айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмү 112,4 млрд. сомду түзүү менен 2007-жылдагыга салыштырганда 0,7 пайызга көбөйгөн. Отчеттук жылда өсүмдүк өстүрүү багытынын үлүшүнө айыл чарба продукцияларынын жалпы көлөмүнүн 57,0 пайызы туура келген. Дан эгинин өстүрүү (иштетилгенден кийинки салмагында) 1,3 пайызга көбөйгөн. Пахта өстүрүү (пахта чигити) натуралай түрүндө өзгөргөн эмес. Тамеки жыйноо 5,6 пайызга, май алынуучу өсүмдүктөр –11,8 пайызга, картошка жыйноо 2,8 пайызга кыскарган. Мал чарбасында эт өндүрүүнүн көлөмү (тирүүлөй салмагында) – 1,9 пайызга, чийки сүт – 2,7 пайызга өскөн, жумуртка алуу 1,2 пайызга кыскарган.

*Өнөр жайы*

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү, отчеттук жылы натуралык түрүндө алганда 14,9 пайызга көбөйгөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жайындагы өндүрүш көлөмү 2,1 пайызга төмөндөгөн.

Өнөр жай өндүрүшүндө эң эле олуттуу өсүш, кайра иштетүү өнөр жайынын

металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын жасоо (алтын казып алуу), текстиль жана тигүү өнөр жайында, тамак-аш азыктарын чыгаруу, ошондой эле электрондук жана оптикалык жабдууларды жасап чыгаруу сыяктуу тармактарында катталган. Ошол эле учурда айрым курулуш материалдары өндүрүшүндө жана резина, пластмасса буюмдарын жасоо өндүрүшүндө төмөндөө жүргөн. Бүтүндөй алганда кайра иштетүү өнөр жайындагы өндүрүш көлөмү 2008-жылы 70,2 млрд. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 123,6 пайызды (2007 жылы – 107,5 пайызды) түзгөн.

*Электрэнергетикасы*

Электрэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында олуттуу түшүүнүн жүргөндүгү байкалган. Бул тармактын өндүрүшүнүн физикалык көлөмү Токтогул суу сактагычында суунун деңгээлинин жетишсиздигинен улам, электрэнергияны иштеп чыгуунун азайышына байланыштуу, 2007-жылдагыга салыштырганда 7,5 пайызга (2007-жылда өсүш 7,8 пайыз) кыскарган.

Отчеттук жылда тоо кендерин казып алуу өнөр жайында өндүрүлгөн продукциялардын физикалык көлөмү 6,4 пайызга өскөн, анын ичинде отун энергетикалык пайдалуу кендерди казып алуу 6,5 пайызга, ал эми башка пайдалуу кендерди казып алуунун көлөмү, физикалык түрүндө алганда 6,2 пайызга өскөн.

*Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн өнүктүрүү*

Ыргактуу өнүгүү багытына ык койгон кызмат көрсөтүүлөр сектору экономикалык өсүшкө олуттуу салым кошкон. Соода жүргүзүүнүн, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке пайдалануудагы буюмдарды ремонттоонун жалпы физикалык көлөмү 8,8 пайызга көбөйгөн. Мейманканалар жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 13,0 пайызга өскөн. Транспорттун бардык түрлөрү менен жүк ташуулар жыл ичинде 5,6 пайызга жогорулаган. Байланыш ишканаларынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 45,3 пайыздык олуттуу өсүшкө ээ болгон.

*Инвестициялык иштин кыскаруусу*

Отчеттук жылда негизги капиталга инвестициялардын кыскаруу тенденциясы байкалган, алардын көлөмү 29,2 млрд. сомду түзгөн, бул реалдуу алганда, 2007-жылдагыга салыштырганда 5,4 пайызга төмөн. Инвестицияларды каржылоо булактарынын ичинен эң чоң үлүштү, мурдагыдай эле, жалпы көлөмдүн 27,8 пайызын түзгөн ишканалардын өздүк каражаттары (айрыкча капиталында чет өлкөлүктөр катышкан ишканалардын каражаттары)  жана отчеттук жылда үлүшү 28,5 пайызды түзгөн калктын каражаттарынын эсебинен инвестициялар ээлейт. Тышкы инвестициялардын үлүшү 2007-жылдагы 21,5 пайыздан 2008-жылдагы 30,2 пайызга чейин көбөйгөн.

Республика боюнча бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысынын өлчөмү[1] 5 422,0 сомду түзгөн (148,3 АКШ доллары) жана 2007-жылдагыга салыштырганда 36,0 пайызга көбөйгөн, ал эми реалдуу алганда эмгек акынын өсүшү 9,2 пайызды түзгөн (2007-жылы бул көрсөткүч 19,0 пайыз чегинде катталган эле).

[1] КР УСКсынын чакан ишканаларды эске алуусуз берген маалыматтары боюнча.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору

*Салык саясатындагы өзгөзгөрүүлөөр*

Кароого алынып жаткан жылы бюджет-салык саясаты, айрыкча салык системасын реформалоого топтоштурулган. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясы боюнча иштер бүткөрүлүп, ал 2009-жылдын үчтүн айынын биринен тартып колдонууга берилген. Салык мыйзамындагы негизги өзгөрүүлөрдүн ичинен кошумча нарк салыгынын ченинин төмөндөтүлүшүн, салыктардын жалпы санынын кыскартылышын, салыктык администрлөөнү реформалоону бөлүп көрсөтүүгө болот.

Мамлекеттик финансы секторунун статистикалык эсепке алуу системасын өркүндөтүү жагында, бюджеттик классификацияны эларалык стандарттарга ылайык келтирүү боюнча иштер улантылган.

*Бюджет тартыштыгын азайтуу*

2008-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын-ала маалыматтарына ылайык, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2007-жылдагы ИДПга карата 1,6 пайыздан, 0,4 пайызга чейин олуттуу кыскарган. Буга айрыкча, мамлекеттик бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн өсүшүнө салыштырганда, анын киреше бөлүгүнүн озгон арымда өсүшү түрткү берген.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттер 2008-жылы 28,0 пайызга көбөйүү менен 45,5 млрд. сомду же ИДПга карата 24,6 пайызды түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары (өнүктүрүү бюджетинин чегинде, гранттык каражаттарды кошо алганда) отчеттук жылда 48,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2007-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 22,4 пайызга жогору. ИДПга карата чыгашалар 27,7 пайыздан 26,0 пайызга чейин кыскарган.

***1.2.1-график***

Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери




*Салыктык түшүүлөрдүн өсүшү*

Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринде негизги үлүш (79,0 пайыз), көлөмү 2007-жылдагыга салыштырганда 35,3 пайызга көбөйгөн салыктык түшүүлөргө туура келген. Салыктык түшүүлөрдүн жалпы суммасы 35,9 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен бажы жана салык органдары тарабынан салыктык кирешелердин жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 52,0 жана 48,0 пайызы камсыз кылынган.

***1.2.2-график***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдүн түзүмү




Салыктык кирешелердин көбөйүүсү эң оболу, пайда салыгынан түшүүлөр жана жеке адамдардын кирешелеринин өсүшү менен шартталган, бул эмгек акынын жогорулоосу жана ишкердик жигердүүлүктүн салыштырмалуу туруктуу өсүшү менен түшүндүрүлөт. Бирок, пайда салыгы жана киреше салыгынан түшүүлөрдүн өсүшүнө карабастан, салыктык түшүүлөрдүн түзүмүндө кыйыр салыктардын басымдуулугу сакталып калган. Мында, 2008-жылы салыктык түшүүлөрдүн өсүш арымы менен номиналдуу ИДПнын өсүш арымы максималдуу жакындашкандыгын белгилеп кетүү зарыл.

***1.2.3-график***

ИДПнын жана мамлекеттик бюджеттин салыктык кирешелеринин номиналдык өсүш арымы




*Мамлекеттик чыгашалар саясатынын социалдык багыттуулугу*

Азык-түлүк товарларына жана энергетика ресурстарына баанын олуттуу өсүшүнүн алкагында, мамлекеттик чыгашалар саясатында калктын аз камсыз болгон катмарына даректүү социалдык жардамдардарды көрсөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Пенсиялардын жана мамлекеттик ошондой эле, муниципалдык кызмат-керлердин эмгек акыларынын өлчөмү жогорулатылган. Алсак, эмгек акыларды төлөөгө жана Социалдык фондго чегерүүлөргө чыгашалар, 2007-жылдагыга салыштырганда 36,8 пайызга, ал эми социалдык жөлөк пулдарга чыгашалар жана төлөөлөр 21,0 пайызга көбөйгөн.

*Карыздарды тейлөөгө чыгашалардын көбөйүүсү*

Бүтүндөй алганда операциялык ишти жүргүзүүгө 2008-жылы мамлекеттик бюджеттен чыгашалар 36,9 млрд. сомду же ИДПга карата 20,0 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар өткөн 2007-жылдагыга салыштырганда, 0,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен ИДПга карата 2,7 пайызды түзгөн, анын ичинде пайыздык төлөмдөр ИДПга карата 0,7 пайыз чегинде катталган.

*Капиталдык салымдарга чыгашалардын төмөндөшү*

Өнүктүрүү бюджетинин чегинде долбоорлорду каржылоону кошо алганда, капиталдык салымдарга мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 2008-жылы 9,5 млрд. сомду же ИДПга карата 5,1 пайызды түзгөн (2007-жылы ИДПга карата 6,0 пайыз). Ишканаларга, финансы мекемелерине жана калкка ссудаларды берүүлөрдүн, алардын төлөнүшүнөн артышынын натыйжасында, таза бюджеттик кредиттөөнүн көлөмү 2008-жылы 650,1 млн. сомду түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[1]

Дүйнөлүк экономикалык кризис Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин абалына терс таасирин тийгизген, анын оң сальдосу 2008-жылы 2,8 эсеге, 111,1 млн. АКШ долларына чейин кыскарган.

*Күндөлүк эсептин абалы*

Негизинен, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунан жана трансферттерден түшүүлөр менен камсыз кылынган утурумдук кирешелер товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортуна, резидент эместердин кирешелерине төлөөлөргө байланыштуу утурумдук чыгашалардын ордун жаба алган эмес. Натыйжада күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 2 эсеге, ИПДга карата 12,3 пайызга чейин көбөйгөн.

***1.3.1-график***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Соода тартыштыгынын өсүшү*

Отчеттук жылда товардык рыноктордогу дүйнөлүк баанын өсүшү, атап айтканда, алтынга жана мунайга баанын өсүшү, ошондой эле алтынды ичтен өндүрүүнүн көбөйүшү экспорттук түшүүлөрдүн 38,7 пайызга, импорттун 41,2 пайызга көбөйүүсүнүн уланышын камсыз кылган. Жыйынтыгында бул соода балансынынын тартыштыгынын 43,8 пайызга, 1,9 млрд. АКШ долларына чейин андан ары көбөйүүсүнө алып келген.

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун өсүш арымынын кызмат көрсөтүүлөр экспортунун өсүш арымынан 1,6 эсеге озушу, кызмат көрсөтүүлөр балансынын 10,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдосун түптөгөн (2007-жылы бул көрсөткүч 102,1 млн. АКШ долларына барабар болгон оң мааниде катталган). Бүтүндөй алганда эларалык кызмат көрсөтүүлөр түзүмүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрү боюнча өсүш байкалган, бирок «кыдыруулар» статьясы кыйла өзгөрүүгө дуушар болгон, мында импорттун өсүшү үч эседен көбүрөөккө көбөйгөн. Көбүнчө КМШ өлкөлөрүнө кыдыруулар ишке ашырылган.

Мигранттардын акча которууларын кошо алганда, трансферттердин жалпы көлөмү отчеттук жылда 2007-жылдагыга караганда, 33,7 пайызга көбөйүү менен 1,4 млрд. АКШ долларын түзгөн.

Кирешелердин терс сальдосу 2,1 эсеге көбөйүү менен 112,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстанда инвестициялык ишинен кирешелеринин өсүшү менен шартталган.

2008-жылы финансылык эсептин валюталык түшүүлөрүнүн эң чоң үлүшү

---

[1] Алдын-ала маалыматтар.

тике чет өлкө инвестицияларына, атап айтканда, инвесторлордон алынган кредиттерге туура келген. Тике чет өлкө инвестицияларынын агылып түшүүсү 206,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2007-жылдагы ушул көрсөткүчтүн маанисинен 0,7 пайызга аз. Экономиканын мамлекеттик жана жеке секторлорунун сырттан карыз алуулары («башка инвестициялар» статьясы) жалпы алганда 64,2 млн. АКШ доллары суммасын түзгөн.

*Капиталдын жылышы эсебинин абалы*

Коммерциялык банктардын чет өлкөлөрдөгү активдеринин кескин көбөйүүсү «жана башка инвестициялар» статьясы боюнча байкалган, ал Кыргыз Республикасынын резиденттеринин чет өлкө банктарындагы күндөлүк эсептерде жайгаштырылган акча каражаттарынын өсүшүнөн улам, 115,9 млн. АКШ долларында катталган. Ошондой эле, ишканалардын резидент эместердин алдындагы дебитордук карыздарынын он эселенген көбөйүүсүнөн улам да, тышкы активдердин өсүшү жүргөн жана ал 273,2 млн. АКШ долларына эквиваленттүү болгон. Ошол эле учурда, атамекендик ишканалардын резидент эместердин алдындагы кредитордук карызы 6,3 эсеге, 83,8 млн. АКШ долларына чейин өскөн. Жыйынтыгында «башка инвестициялар» статьясы боюнча резиденттердин тышкы активдеринин, алардын тышкы дүйнө алдындагы милдеттенмелеринен артышы, ушул статьяда 2007-жылы орун алган оң сальдонун отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 205,4 млн. АКШ долларына барабар болгон терс мааниге өзгөрүүсүнө алып келген. Бул фактор 2008-жылы капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин 2007-жылдагы 259,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдосуна караганда, 90,4 млн. АКШ долларын түзгөн терс маанисин аныктаган.

*Резиденттердин тышкы активдеринин өсүшү*

***1.3.2-график***

Финансылык эсеп




2008-жылдын алдын-ала жыйынтыгы боюнча «каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясынын оң сальдосу, 2007-жылдагыга салыштырганда үч эсеге көбөйгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортун же капиталдын агылып кирүүсүн статистикалык эсепке алуу жетишсиз жүргүзүлгөндүгүн тастыктайт. Төлөм теңдеминин статистикасынын сапатын жакшыртуу максатында Улуттук банк УСК жана МБК менен бирдикте, статистикалык маалыматтардын камтуу чөйрөсүн кеңейтүү жана алардын сапатын жакшыртуу боюнча иштерди уланткан.

*Каталар жана калтырып кетүүлөр*

Отчеттук жылдын акырына карата дүң эларалык камдардын көлөмү 4,1 пайызга көбөйүү менен 1,2 млрд. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин деңгээли товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн ордун жабуунун 3,6 айына ылайык келген.

*Эл аралык камдар*

## 1.4. Финансы рыноктору

### 1.4.1. Валюта рыногу

*Валюта рыногундагы негизги тенденциялар*

2008-жылдын жыйынтыгы боюнча республиканын валюта рыногунда, акыркы бир нече жыл ичинде биринчи жолу, улуттук валютанын АКШ долларына карата алсызданышы катталган. Сомдун алмашуу курсунун динамикасынын багытынын өзгөрүүсү, республиканын төлөм теңдеминин абалынын начарлоосуна таасир эткен, глобалдуу финансылык кризистин тереңдеши шартында жүргөн. Жыл башынан тартып, жай айынын акырына чейин негизинен, ошол мезгилге мүнөздүү болгон алмашуу курсунун сезондук өзгөрүп туруусу байкалган. Алсак, жыл башында ошол мезгилде чет өлкө валютасына карата түптөлгөн жогорку талаптын таасири алдында, АКШ долларынын курсунун жогорулоосу белгиленген, бирок адетте анчалык көпкө созулбаган бул тенденция, бугу айына чейин сакталып турган. Бугу айынан баш оона айына чейинки мезгил ичинде, валюта рыногунда чет өлкө валютасынын ички рынокко агылып кирүүсүнүн сезондук артышына байланыштуу, сомдун чыңдалуусу катталган. Аяк оона айында АКШ долларынын курсу дүйнөлүк рыноктордогу курстук тенденциялардын жана өлкөнүн төлөм теңдеминин көрсөткүчтөрүнүн андан ары начарлоосу таасири астында, кайрадан жогорулай баштаган. Доллардын эсептик курсу жыл башынан тартып 11,0 пайызга, 39,4181 сом/АКШ долларына чейин өскөн.

***<u>1.4.1.1-график</u>***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Жыл ичиндеги валюта курсунун динамикасы*

Биринчи чейректе республиканын валюта рыногунда АКШ долларынын курсу негизинен жогорулаган. Бул экспорттун өсүш арымына салыштырганда, импорттун өсүш арымынын озуп турушу шартында, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту боюнча кардарлардын контрактыларына төлөөлөрдү каржылоо үчүн коммерциялык банктар тарабынан чет өлкө валютасына суроо-талаптын көбөйүүсү менен шартталган. Жалган куран айынын акырынан бугу айына чейинки мезгилде, рынокто чет өлкө валютасын сунуштоодо жана ага карата суроо-талапта өзгөрүүнүн жүрүшүнө байланыштуу, АКШ долларынын алмашуу курсунун ар тараптуу багытта өзгөрүүсү катталган. Бугу-баш оона айларында абал, акча которуулар түрүндө анын агылып кирүүсүнүн сезондук

көбөйүүсүнүн, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунан түшүүлөрдүн натыйжасында, валюта рыногунда чет өлкө валютасын үстөк сунуштоонун түптөлгөн таасири астында калыптанган, бул ушул мезгилде АКШ долларынын курсунун төмөндөө тенденциясынын басымдуу болуп туруусунан көрүнгөн. Аяк оона айында валюта рыногунда АКШ долларынын курсунун, ички жана тышкы факторлор менен шартталган, өсүшү катталган. Ошол мезгилде АКШ долларынын курсунун динамикасына таасир эткен ички факторлорго, эң оболу, чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын көбөйүүсүн чегерүүгө болот.

Тышкы факторлордун ичинен, улам өөрчүп бара жаткан финансылык кризиске каршы күрөшүүнүн алкагында АКШ өкмөтү тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында, валюта рыногундагы жагдайга АКШ долларынын негизги, эң оболу, дүйнөлүк рыноктордогу Европа валюталарына карата чыңдалуусу байкаларлык таасирин тийгизген. Ошондой эле, Россиядан капиталдын агылып чыгуусу жана Казакстандын банк тутумунда тышкы займдар боюнча төлөөлөрдүн ишке ашырылышы шартында, АКШ долларына карата суроо-талаптын өсүшүн мүнөздөгөн Россия менен Казакстандын валюта рынокторунда түптөлгөн жагдайлар да, сомдун курсунун динамикасына таасирин тийгизген. Жыл акырында АКШ долларынын курсу жогорулоосун уланткан, бирок анын чыңдалуу арымы бара-бара басаңдап отуруп, бештин айында доллардын курсунун өзгөрүүсү бир азды эле түзүп калган.

*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүп кетүүсүнө жол бербөө максатында, үчтүн айынан чын куран айынын орто ченине чейин валюта тоорuktарында АКШ долларын сатууну ишке ашырган, чын куран айынын экинчи жарымынан тартып, баш оона айына чейин, рынок коьюнктурасынын өзгөрүүсү шартында ал АКШ долларын сатып алып турган. Аяк оона айынан тартып, Улуттук банк АКШ долларын сатуучу жана сатып алуучу катары рынокко катышуу менен чет өлкө валютасына карата суроо-талап менен сунуштун ортосундагы убактылуу ажырымды жөнгө салууга жетишкен. Бүтүндөй алганда, 2008-жылы Улуттук банктын АКШ долларын сатып алуу боюнча операцияларынын жалпы көлөмү 228,5 млн. АКШ долларын, ал эми долларды сатуу боюнча операциялардын көлөмү 175,6 млн. АКШ долларын түзгөн (анын ичинде 0,3 млн. нак АКШ

***1.4.1.1-таблица***

Чет өлкө валюталарын сатып алуу/сатуу боюнча операциялар
*(млн. сом)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. | Өсүш арымы, *пайыздар* |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөм** | **144 318** | **158 348** | **9,7** |
| анын ичинде: | | | |
| *Валюта тооруктарында нак эмес валюта менен спот-операциялар* | 22 600 | 32 388 | 43,3 |
| Улуттук банк менен операциялар | 11 907 | 14 869 | 24,9 |
| банктар аралык операциялар | 10 693 | 17 519 | 63,8 |
| *Валюта тооруктарынан тышкары нак эмес валюта менен спот-операциялар* | 2 278 | 2 041 | -10,4 |
| *Нак валюта менен спот-операциялар* | 117 512 | 119 921 | 2,1 |
| Улуттук банк менен операциялар | 114 | 12 | -89,7 |
| коммерциялык банктардын | 92 286 | 91 119 | -1,3 |
| алмашуу бюролорунун | 25 113 | 28 791 | 14,6 |
| *Своп-операциялар* | 1 928 | 3 999 | 107,4 |
| Улуттук банк менен операциялар | 1 761 | 2 514 | 42,8 |
| коммерциялык банктардын | 167 | 1 485 | 787,8 |

доллары). Мындан тышкары, отчеттук жылда Улуттук банк 1,2 млн. евро суммасында еврону сатуу боюнча операцияларды, 17,5 млн. рубль суммасында орус рублин жана 0,25 млн. теңге суммасында казак теңгесин сатып алуу боюнча операцияларды, ошондой эле коммерциялык банктарга 11,0 млн. доллар суммасында АКШ долларын нак акчага айландырып берүү операцияларын ишке ашырган.

*Валюта рыногунун валюта түрлөрү боюнча түзүмү*

Экспорттук-импорттук операциялардын көлөмүнүн өсүшү, тике чет өлкө инвестицияларынын агылып кирүүсү жана капитал менен операциялар көлөмүнүн көбөйүүсү валюта рыногунда иш жигердүүлүгүнүн артышына өбөлгө түзгөн. Алсак, ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү 2008-жылы 158,3 млрд. сом эквивалентинде түптөлүү менен 2007-жылдагыга салыштырганда, 9,7 пайызга көбөйгөн. Операциялардын көлөмүнүн көбөйүүсү казак теңгеси менен келишилген бүтүмдөрдү эске албаганда, валюталардын бардык түрү боюнча катталган. Операциялардын олуттуу көлөмү АКШ долларында жүргүзүлгөн, алардын жалпы көлөмдөгү үлүшү 66,8 пайызды түзгөн, ал эми еврону сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын үлүшү 6,3 пайызда, орус рублиники 18,1 пайызда катталган. Казак теңгеси менен операциялардын салыштырмалуу салмагы, коммерциялык банктарда накталай теңге менен ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн 2,2 эсеге кыскарышынын натыйжасында, 17,8 пайыздан 8,6 пайызга чейин кыскарган. Башка валюталар менен операциялардын үлүшү[1] 0,2 пайыз чегинде катталган.

*Валюта рыногунун нак жана нак эмес сегменттери*

Операциялардын негизги көлөмү мурдагыдай эле, валюта рыногунун накталай сегментинде ишке ашырылган (чет өлкө валюталарын сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмүндө 75,7 пайыз). Мурдагыдай эле, нак валюталарды сатып алуу жана сатуу боюнча бүтүмдөрдүн олуттуу көлөмү, алардын көлөмүнүн бир аз төмөндөгөндүгүнө карабастан, коммерциялык банктарда келишилген. Валюта рыногунун нак эмес сегментинде бүтүмдөрдүн дээрлик бардыгы, банктар аралык валюта тооруктарында[2] АКШ долларында келишилген, алардын көлөмү 43,3 пайызга, 32,4 млрд. сомго чейин өскөн. Мында өсүш, Улуттук банк менен операциялар сыяктуу эле, банктар аралык операциялар боюнча да катталган.

*Своп-операциялар*

Отчеттук жылы Улуттук банк, банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүү максатында своп-операцияларын жүргүзүүнү уланткан. 2008-жыл ичинде ишке ашырылган своп-операцияларынын көлөмү, андан мурдагы жылдагыга салыштырганда, эки эседен көбүрөөккө көбөйүү менен 129,9 млн. АКШ долларын түзгөн (4,0 млрд. сомду түзгөн), Улуттук банктын коммерциялык банктар менен операциялары сыяктуу эле, коммерциялык банктар ортосундагы операциялар боюнча да көбөйүү жүргөн. Ошондой болсо да, бул операциялардын салыштырмалуу салмагы, өсүшкө карабастан бир аз эле бойдон калууда (операциялардын жалпы көлөмүнүн 2,5 пайызы).

*Алмашуу бюролорунда негизги валюталардын курстарынын динамикасы*

Алмашуу бюролорунда АКШ долларынын курсунун динамикасы алардын банктар аралык валюта тооруктарындагы динамикасындай эле болгон: 2008-жыл ичинде долларды сатуунун орточо салмактанып алынган курсу 11,8 пайызга өсүү менен бештин айынын акырына карата 39,7217 сом/АКШ долларын түзгөн. Алмашуу бюролорунда еврону сатуунун орточо алынган курсу 5,8 пайызга жогорулоо менен 55,2291 сом/еврону, казак теңгеси 11,7 пайызга жогорулоо менен 0,3247 сом/теңгени түзгөн. Орус рублине карата улуттук валюта 9,6 пайызга чыңдалуу менен 1,2903 сом/рубль чегинде катталган.

---

[1] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму жана кытай юаны.
[2] Тооруктар Улуттук банк тарабынан, тоорук-маалыматтык электрондук ситемасы аркылуу жүзөгө ашырылат.

### 1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу

*Банктар аралык кредит рыногундагы негизги тенденциялар*

2008-жылы Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда улуттук жана чет өлкө валюталарында банктар аралык карыз алуулардын көлөмүнүн көбөйгөндүгү катталган. Бүтүндөй банк системасында жана айрым коммерциялык банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин олуттуу өзгөрүүсү, ошондой эле коммерциялык банктардын мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда иш жигердүүлүгүнүн артышына байланыштуу, финансылык ресурстарга болгон талаптын жогорулоосу банктар аралык кредиттөөнүн өсүшүнүн негизги себебинен болгон.

*Улуттук валютадагы операциялар*

Банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютадагы операциялардын жалпы көлөмү 2007-жылдагыга салыштырганда, 21,9 пайызга көбөйүү менен 10,3 млрд. сомду түзгөн. Сом түрүндөгү займдардын негизги бөлүгү, мурдагыдай эле, алардын көлөмү 1,8 пайызга, 6,9 млрд. сомго чейин кыскаргандыгына карабастан, репо-операциялары сегментинде топтоштурулган, ал эми отчеттук жылда алардын үлүшү 2007-жылдагыга салыштырганда, 80,9 пайыздан 65,2 пайызга чейин азайган. Улуттук валютадагы кредиттик операциялар сегментинде бүтүмдөрдүн көлөмү 44,2 пайызга көбөйүү менен 2,4 млрд. сомду түзгөн. Мындан тышкары, кароого алынып жаткан жылы Улуттук банк 1,3 млрд. сом жалпы суммасындагы «овернайт» кредиттерин берген.

*Пайыздык чендердин динамикасы*

Жылдын биринчи жарымында, банктар аралык кредит рыногундагы жагдай салыштырмалуу туруктуу бойдон калуу менен сом түрүндө берилген кредиттердин пайыздык чендери, кыска чекте өзгөрүлүп турган. Жылдын экинчи жарымында карыздык ресурстардын наркы, ошондой эле алардын өзгөрүлмөлүүлүгү ички финансы рыногунун башка сегменттеринде суроо-талаптын артышынын жана чендердин өсүшүнүн таасири астында, байкаларлык көбөйгөн. Бүтүндөй 2008-жыл ичинде, репо-операциялары боюнча орточо чен, 2007-жылдагыга салыштырганда, 4,9 пайыздык пунктка жогорулоо менен 8,9 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы банктар аралык жөнөкөй кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 4,4 пайыздык пунктка өсүү менен 7,6 пайызды түзгөн, ал эми «овернайт» кредиттери боюнча орточо чен 16,4 пайыз чегинде катталган. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин репо-операциялары боюнча чендерге салыштырганда кыйла төмөнкү деңгээлде калыптанышы, айрым бүтүмдөрдүн күрөөлүк камсыздоолорунун жогорку ликвиддүү экендиги менен шартталган, мында накталай эмес АКШ доллары да күрөөлүк камсыздоо катары колдонулган. Репо-

***1.4.2.1-график***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү



операцияларынын мөөнөттүүлүгүнүн орточо деңгээли 2008-жылы, андан мурдагы жылдагыга салыштырганда 7 күндөн 15 күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттер боюнча 8 күндөн 65 күнгө чейин өскөн.

*Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасындагы операциялар*

2008-жылы банктар аралык ички кредит рыногунда чет өлкө валютасында ишке ашырылган операциялардын көлөмү 32,1 пайызга көбөйүү менен сомдук эквивалентинде 1,1 млрд. сомду түзгөн. Ушул операциялардын банктар аралык карыз алуулардын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы 8,7 пайыздан 10,5 пайызга чейин өскөн. Чет өлкө валютасындагы банктар аралык кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүү чеги, отчеттук жылда байкалаарлык көбөйгөн, экинчи жарым жылдыкта чендер негизинен, ФРС ченинин төмөндөшүнүн таасири астында төмөндөгөн. Бүтүндөй жыл ичинде, банктар аралык ички рынокто, чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо чен 2007-жылдагыга салыштырганда, 1,0 пайыздык пунктка төмөндөө менен 5,7 пайызды түзгөн, ал эми орточо алынган мөөнөттүүлүк 69 күндөн 73 күнгө чейин узарган.

***1.4.2.2-график***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы пайыздык чендердин динамикасы




### 1.4.3. Баалуу кагаздар рыногу

#### 1.4.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

2008-жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда мамлекеттик казына векселдери, Улуттук банктын ноталары, мамлекеттик казына милдеттенмелери, мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздар – МКВ (ж) жана МКМ (ж), жөнөкөй жана которулма векселдер, муниципалдык баалуу кагаздар жүгүртүүдө турган. Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү жыл акырында 8,0 млрд. сомду түзгөн жана жыл башындагыга салыштырганда, 10,7 пайызга көбөйгөн. Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмүнүн өсүшү, МКВ жана Улуттук банктын ноталарынын эмиссия көлөмүнүн көбөйүүсүнө байланыштуу болгон жана ал, Финансы министрлиги менен Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздардын биринчилик рыногунда, макулдашылган аракеттерди көрүү боюнча биргелешип жүргүзгөн саясатына ылайык ишке ашырылган. Натыйжада, мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө алардын салыштырмалуу салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша 23,8 пайыздан 34,9

пайызга чейин жана 19,7 пайыздан 20,6 пайызга чейин өскөн. Ошол эле учурда, Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коммерциялык банктар, банктык эмес мекемелер жана Улуттук банктын алдындагы карызын кайра тариздетүү максатында мурда чыгарылган МКМ жана МКМ(ж)ны төлөө ишке ашарылган. Жыйынтыгында, алардын салыштырмалуу салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша 15,2 жана 19,5 пайызга чейин кыскарган. Өкмөттүн Улуттук банктын алдындагы карызын жөнгө салуу процессинде эмитирленген МКВ (ж) көлөмү өзгөргөн эмес, алардын мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүндөгү салыштырмалуу салмагы 6,8 пайызга чейин төмөндөгөн. Банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карыздарын кайра тариздөө процессинде, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүүдөгү жөнөкөй жана которулма векселдердин көлөмү, кароого алынып жаткан жылда бир нечеге көбөйгөндүгүнө карабастан, алардын үлүшү бир аз эле бойдон (0,5 пайыз) калган. 2008-жылдын теке айында Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан 200,0 млн. сом суммасында муниципалдык баалуу кагаздар чыгарылып, жайгаштырылган. Баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө алардын үлүшү 2,5 пайызды түзгөн.

***<u>1.4.3.1.1-график</u>***
Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмү




### 1.4.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Отчеттук жылда МКВ биринчилик рыногундагы жагдай олуттуу деңгээлде инфляциянын жогорку арымда сакталып турушу, ошондой эле ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөрүүсү жана анын банк тутумунда концентрациялануусу шартында, Улуттук банктын акча-кредит саясатын алгылыктуу чекте катуулатуу боюнча көргөн чараларынын таасири астында калыптанган.

***1.4.3.1.1.1-график***

МКВларга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар




*МКВ рыногундагы суроо-талап жана сунуш*

Жыл башынан тартып, бугу айынын орто ченине чейинки мезгил аралыгында Финансы министрлиги тарабынан МКВларды сунуштоо көлөмү бара-бара көбөйтүлгөн. Андан соң, теке айынын орто ченине чейин казына векселдерин апталык сунуштоо 50-55 млн. сом деңгээлинде сакталып турган. Биринчи чейректе банк тутумунда үстөк камдардын жогорку деңгээлде болушу шартында, суроо-талап салыштырмалуу туруктуу бойдон калуу менен МКВ кирешелүүлүгү бир аз жогорулаган. Жылдын чын куран – теке айларында кирешелүүлүк, ошондой эле анын өзгөрүлмөлүүгү Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн өсүшүнүн таасири астында арткан. Мында, кыска мөөнөттүү векселдер (3 жана 6 ай болгон МКВ) сегменттеринде кирешелүүлүктүн кыйла байкаларлык көбөйгөндүгү катталган. Теке айынан тартып, тогуздун айынын орто ченине чейин МКВларды апталык сунуштоо көбөйүү менен 210 млн. сомго жеткен. Банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээлинин жогорулоосу шартында, векселдерге карата суроо-талап да өскөн, бирок ал негизинен, сунуштоодон артта калып турган, мында МКВга суроо-талаптын анчалык жетишээрлик эмес көбөйүүсүнө белгилүү өлчөмдө таасирди, рыноктун айрым активдүү катышуучуларынын Улуттук банктын ноталарынын салыштырмалуу кыска мөөнөттүү рыногуна ыкташуусу таасирин тийгизген. Бул рыноктун бардык сегменттеринде МКВ кирешелүүлүгүнүн андан ары жогорулоосунан көрүнгөн. Тогуздун айынын экинчи жарымынан тартып, Финансы министрлиги аларды жайгаштыруу түзүмүн өзгөртүү менен МКВнын апталык эмиссия көлөмүн кыскарткан: жума сайын жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 же 12 ай болгон МКВларды жайгаштыруу боюнча экиден ашпаган аукцион өткөрүлүп турган, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 18 жана 24 ай болгон МКВлар, жылдын акырына чейин жайгаштырылган эмес. Натыйжада, рыноктогу жагдай турукташууга жетишкен: МКВлардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн өсүш арымы байкаларлык төмөндөп, МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган жалпы кирешелүүлүк, отчеттук жылдын акыркы үч айы ичинде иш жүзүндө өзгөргөн эмес.

***1.4.3.1.1.2-график***

МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




*Сатуунун жалпы көлөмү жана МКВ кирешелүүлүгү*

Бүтүндөй 2008-жыл ичинде мамлекеттик казна векселдерин сатуунун жалпы көлөмү 2007-жылдагыга салыштырганда, 78,3 пайызга көбөйүү менен 3,0 млрд. сомду түзгөн. Мында жүгүртүү мөөнөтү бир жылга чейинки векселдерди сатуу көлөмү байкаларлык көбөйгөн (3 айлык – үч эсеге, 6 айлык – 73,7 пайызга жана 12 айлык 63,7 пайызга), жүгүртүү мөөнөтү 18 жана 24 ай болгон МКВларды сатуу көлөмү да өскөн, бирок азыраак чекте (тиешелүүлүгүнө жараша 32,8 жана 45,6 пайызга). Натыйжада, сатуу түзүмүндө кыска мөөнөттүү векселдердин үлүшү 2007-жылдагы 41,0 пайыздан 50,4 пайызга чейин көбөйгөн. Отчеттук жыл ичинде мамлекеттик казына векселдеринин орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 7,3 пайыздык пунктка, 14,8 пайызга чейин өскөн.

***1.4.3.1.1.1-таблица***

МКВ эмиссиясынын көлөмү жана орточо жылдык кирешелүүлүгү

| | **2007-ж.** | | | **2008-ж.** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү *млн. сом.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү *млн. сом.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп,** | **1 687,6** | **100,0** | **7,4** | **2 962,8** | **100,0** | **14,8** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ | 245,9 | 14,6 | 4,8 | 730,5 | 24,7 | 12,7 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВ | 442,0 | 26,2 | 5,7 | 761,8 | 25,7 | 14,3 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ | 461,8 | 27,4 | 7,0 | 744,0 | 25,1 | 15,2 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 18 ай болгон МКВ | 312,4 | 18,5 | 9,6 | 405,6 | 13,7 | 15,2 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 24 ай болгон МКВ | 225,4 | 13,4 | 11,4 | 321,0 | 10,8 | 16,4 |

** Улуттук банктын областтык башкармалыктары аркылуу жайгаштырылган МКВлардын көлөмүн эске алуу менен келтирилген маалыматтар.*

*Жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү*

Жүгүртүүдөгү МКВлардын жалпы көлөмү 2008-жыл ичинде 62,0 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырына карата 2,7 млрд. сомду түзгөн, ал эми МКВнын эсебинен бюджетти таза каржылоонун көлөмү терс чыгуу менен минус 68,8 млн. сомду түзгөн, ал эми 2007-жылда бул көрсөткүч 425,5 млн. сом чегинде катталган эле. Мында, жылдын акырында жүгүртүүдө турган векселдердин дюрациясы жыл башындагы 233 күндөн 214 күнгө чейин кыскарган. Кароого алынып жаткан жылы, жыл ичинде алардын үлүшү жүгүртүүдөгү МКВлардын жалпы көлөмүнүн 98,9 пайызынан 88,3 пайызына чейин кыскарган болсо да, коммерциялык банктар мурдагыдай эле, МКВга негизги ээлик кылуучулардан болуп калган. Отчеттук жыл ичинде МКВдан турган банктык портфель 43,5 пайызга көбөйүү менен 2,2 млрд. сомду түзгөн. Бирок МКВга ээлик кылган банктардын саны 19дан 16 банкка чейин кыскарган. Жүгүртүүдөгү МКВлардын жалпы көлөмүндө институционалдык инвесторлордун салыштырмалуу салмагы жылдын акырына карата 5,3 пайызды, юридикалык жактар- резиденттердики 4,7 пайызды, ал эми жеке адамдардын үлүшү 1,7 пайызды түзгөн.

*МКВнын экинчилик рыногундагы операциялар*

Экинчилик рыногунда коммерциялык банктар МКВларды эң башкысы, репо шарттарында кредиттик бүтүмдөргө келишүү учурунда күрөө катары колдонушкан. Бирок, репо шарттарында ишке ашырылган банктар аралык операциялардын көлөмү, 2007-жылдагыга салыштырганда 1,8 пайызга кыскарган. Ошондой болсо да, төлөөгө чейинки МКВны сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын көлөмү, отчеттук жыл ичинде 15 эседен көбүрөөккө 435,4 млн. сомго чейин көбөйгөн. Бул негизинен, айрым коммерциялык банктарда ликвиддүүлүктүн жетишсиздигине байланыштуу келип чыкан. Алардын ордун жабуу үчүн банктар өз портфелиндеги баалуу кагаздарды сатууга барышкан. Мына ошол бүтүмдөрдө төлөөгө чейинки МКВлардын орточо алынган мөөнөтү 213 күндү, ал эми орточо жылдык чен 11,9 пайызды түзгөн.

*МКВлардын фондулук биржаларда жайгаштырылышы*

Отчеттук жылдын үчтүн айынан тартып, бугу айына чейин Финансы министрлиги "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын соода аянтында, фондулук рынокто МКВ менен соода жүргүзүү боюнча пилоттук долбоордун чегинде, жүгүртүү мөөнөтү 9 ай болгон МКВны жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөргөн. Мына ошол тооруктардын жыйынтыгы боюнча ушул МКВларды сатуунун жалпы көлөмү 43,2 млн. сомду, ал эми орточо алынган кирешелүүлүк акыркы аукциондо 13,9 пайызды түзгөн.

### 1.4.3.1.2. Улуттук банктын ноталары

Улуттук банк 2008-жылы рынокко жүгүртүү мөөнөтү 14, 28, 91 жана 182 күндүк, ал эми баш оона айынан тартып 7 күндүк ноталарын жайгаштырган. Инфляциянын жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында Улуттук банк, ноталарды көбүнчө акча-кредит саясатынын милдеттерине жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлине жараша, алардын сунуштоо көлөмүн жөнгө салуу менен үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу каражаты катары колдонууну уланткан.

*Улуттук банктын ноталары рыногундагы суроо-талап, сунуш жана алардын кирешелүүлүгү*

Үчтүн айынан тартып теке айына чейинки мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарынын сунуш кылынган эмиссиясынын ар апталык көлөмү 260-410млн. сом деңгээлинде өзгөрүп турган. Ошол эле учурда, жыл башынан тартып бугу айына чейинки мезгилде ноталарга суроо-талап, банк тутумунда үстөк камдардын кыскаруусу шартында төмөндөгөн болсо, банк тутумунда ликвиддүүлүктүн өсүшү менен суроо-талап кайрадан көбөйө баштаган. Биринчи чейректе рынокто Улуттук банктын ноталарына суроо-талап алардын сунушунан ашкан, бул ушул мезгилде алардын кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүнөн көрүнгөн. Андан кийин ноталарга суроо-талап сунушка караганда артта калган жана ноталардын кирешелүүлүгү өсө баштаган. Баш оона айынан тартып Улуттук банк, инфляциянын жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, акча-кредит саясатын алгылыктуу чекте катуулатуу боюнча көрүлгөн чаралардын алкагында, ноталарды сунуштоо көлөмүн эки эседен көбүрөөккө арттыруу менен аларды кошумча жайгаштырууну

***1.4.3.1.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар




ишке ашырган. Мында, ноталардын эң чоң көлөмдөгү эмиссиясы аяк оона жана бештин айында ишке ашарылган. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап да көбөйгөн, бирок ал сунуштан артта калуу менен жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгүнүн жогорулашына түрткү берген. 7 күндүк ноталар сегментинде, коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүнүн кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ экендигинен улам, жетишээрлик жогорку деңгээлде болгон жана ал, жыл акырына карата кирешелүүлүктүн бара-бара төмөндөшүнө таасирин тийгизген. Ушул эле себеп боюнча Улуттук банктын 91 жана 182 күндүк ноталарына карата суроо-талап төмөнкү деңгээлде сакталып калаган: 2008-жыл ичинде 91 күндүк ноталар сегментинде, жарыяланган 28 аукциондун 13 гана өткөрүлгөн (негизинен жылдын башталышында жана акырында), ал эми 182 күндүк ноталар сегментинде жарыяланган 13 аукциондун бири гана өткөрүлгөн.

***1.4.3.1.2.2-график***

Улуттук банктын ноталарынын түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк



*Сатуунун жалпы көлөмү жана Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгү*

Отчеттук жыл ичинде бардыгы болуп, Улуттук банк рынокко 19,1 млрд. сом суммасында ноталарды жайгаштыруу менен алардын көлөмүн 2007-жылдагыга салыштырганда 4,5 эсеге көбөйткөн. Ноталардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли, 2007-жылдагыга салыштырганда 5,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 10,4 пайызды түзгөн. Анын ичинде 7 күндүк ноталардын орточо кирешелүүлүгү 9,2 пайыз чегинде катталган, 14 күндүк ноталар сегментинде орточо жылдык кирешелүүлүк 5,2 пайыздык пунктка жогорулоо менен 10,2 пайызды, 28 күндүк ноталар сегментинде, орточо жылдык кирешелүүлүк 2007-жылдагыга салыштырганда, 5,8 пайыздык пунктка көбөйүү менен 11,6 пайызды түзгөн. Улуттук банктын 91 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгү жыл ичинде орточо алганда, 2,2 пайыздык пунктка жогорулоо менен 11,8 пайызды түзгөн, 182 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү бирдин айында өткөрүлгөн бир аукциондо 10,5 пайыз чегинде катталган.

*Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталары*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү жыл башындагыга салыштырганда, 15,7 пайызга көбөйүү менен 1,7 млрд. сомду түзгөн. Ноталарга ээлик кылуучулардын түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 80,5 пайызды, юридикалык жактар-резиденттердики – 13,5 пайызды, институционалдык инвесторлордуку - 5,4 пайызды жана жеке адамдар-резиденттердики - 0,6 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталары 17 банктын портфелинде катталган.

### 1.4.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу

Фондулук рынокто кароого алынып жаткан жылы жигердүүлүктүн артышы жана биржалык тооруктар көлөмүнүн олуттуу өскөндүгү белгиленген. "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын, "Борбордук Азия фондулук биржасы" ЖАКтын жана "Биржалык тоорук системасы" ЖАКтын соода аянттарында өткөрүлгөн тооруктардын жалпы көлөмү, жылдын тогуз айы ичинде 5,9 млрд. сомду түзүү менен 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда, 66,1 пайызга көбөйгөн. Республиканын баалуу кагаздар рыногунун негизги соода аянты болуп "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАК саналат, анда 2008-жылдын үчтүн айы-аяк оона айларында өткөрүлгөн тооруктардын көлөмү, 2007-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда, 12,0 пайызга көбөйүү менен 3,7 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук жылы "Борбордук Азия фондулук биржасы" ЖАКта өткөрүлгөн тооруктардын көлөмү, 2007-жылдын үчтүн айы- аяк оона айларындагыга салыштырганда, 9 эседен көбүрөөккө көбөйүү менен 1,8 млрд. сомду түзгөн.

Мындан тышкары, 2008-жылдын аяк оона айынын акырына карата баалуу кагаздар рыногунда 5 инвестициялык фонд ишин жүргүзгөн, алардын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодогу үлүшү өтө эле аз, ал эми инвестициялык фондулардын активдери ИДПга карата 0,02 пайыз деңгээлинде калган.

### 1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Кредиттердин жана депозиттердин өсүшүнүн басаңдоосу*

2008-жылы банк тутумунда депозиттердин жана кредиттердин өсүш тенденциясы сакталып турган бирок, алардын өсүш арымы байкаларлык басаңдаган. Буга эл аралык финансы рынокторундагы, эң башкысы, Кыргыз Республикасынын негизи экономикалык өнөктөштөрүнөн болгон өлкөлөрдө, биринчи кезекте Россияда жана Казакстанда орун алган кризистик жагдайлар олуттуу таасирин тийгизген. Мындан тышкары, инфляциянын жогорку арымда сакталып туруусу, тышкы соода жүргүзүү шарттарынын начарлоосу, өлкө ичинде жеке бизнести өнүктүрүү арымынын басаңдашы да коммерциялык банктардын ишине таасирин тийгизген. Бүтүндөй 2008-жыл ичинде банк тутумунун депозиттик базасы[1] 25,9 пайызга көбөйүү менен отчеттук жылдын акырына карата 29,8 млрд. сомду, ал эми кредиттик портфель[2] 22,1 пайызга көбөйүү менен 26,3 млрд. сом чегинде катталган. Отчеттук жылда

---
[1] Өкмөттүн, финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.
[2] Дисконтту эске албаганда.

проблемалуу банктардын депозиттеринин жана кредиттеринин кыскаруусу байкалган, буга "Акыл" ИАКБсынын реабилитацияланышы процессине байланыштуу анын бардык депозиттик милдеттенмелеринин жана кредиттеринин ордунун жабылышы өбөлгө түзгөн. Бүтүндөй алганда, 2008-жылдын акырына карата реабилитациялоо процессин башынан кечирип жаткан банктардын депозиттик базанын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 0,8 пайыздан 0,6 пайызга чейин кыскарган, ал эми кредиттердин үлүшү 0,3 пайыздык пунктка азаюу менен банк тутумунун кредиттик карызынын бүтүндөй көлөмүнүн 2,7 пайызын түзгөн.

*Финансылык ортомчулук*

Банк тутумунун депозиттеринин жана кредиттеринин өсүш арымынын төмөндөшү анын финансылык ортомчулугунун натыйжалуулук көрсөткүчүнө таасирин тийгизген. Депозиттик базанын ИДПга карата катышы 2007-жылдагы 16,9 пайызга салыштырганда, 16,1 пайызды түзгөн, ал эми кредиттик салымдардын ИДПга карата катышы 15,4 пайыздан 14,2 пайызга чейин кыскарган. Экономиканы кредиттөөнүн өсүш арымынын басаңдашынын жана депозиттердин тез өсүшүнүн натыйжасында, кредиттер менен депозиттер ортосундагы катыш 88,2 пайызды түзүү менен 2,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

*Депозиттик база*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттери[1] өсүшүн улантуу менен отчеттук жылдын бирдин айында, баш оона жана бештин айында гана алардын бир азга кыскаруусу катталган. Бул бирдин айы жана баш оона айларында улуттук жана чет өлкө валюталарында депозиттердин азайышына, ал эми бештин айында улуттук валютадагы депозиттердин агылып чыгуусуна байланыштуу болгон. Жыл ичинде улуттук валютадагы депозиттер кыйла жогорку арымда өсүшкө ээ болгон. Бирок, тогуздун айынан тартып, ал басаңдаган, ошол эле учурда, валюталык депозиттердин өсүш арымы рынокто олуттуу үлүштү ээлеген банктардын бириндеги ишканалардын талап боюнча төлөнүүчү валюталык депозиттеринин көбөйүүсүнө, ошондой эле жылдын акырында АКШ долларынын чыңдалуусуна байланыштуу келип чыккан. Алсак, жыл ичинде сом түрүндөгү депозиттер 11,1 пайызга ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 39,5 пайызга өскөн. 2008-жылы депозиттик базанын долларлашуусунун натыйжасында 5,5 пайыздык пунктка, 57,6 пайызга чейин өскөн. Отчеттук жылдын акырына карата улуттук валютадагы депозиттердин нак акчалардын (M0) көлөмүнө карата катышы 42,6 пайызды түзүү менен жыл башындагы көрсөткүчкө салыштырганда 0,5 пайыздык пунктка көбөйгөн.

***1.4.4.1-график***

Иштеп жаткан коммерциялык банктардагы депозиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Мындан ары маалыматтар иштеп жаткан коммерциялык банктар боюнча келтирилет.

*Депозиттик базанын түзүмү*

Коммерциялык банктардын депозиттеринин негизги үлүшүн, мурдагыдай эле, юридикалык жактардын аманаттары түзгөн. Алардын салыштырма салмагы жыл башынан тартып, 3,3 пайыздык пунктка, 76,7 пайызга чейин өскөн. Отчеттук жыл ичинде ушул депозиттердин көлөмү 31,8 пайызга көбөйгөн, алардын түзүмүндө чет өлкө валютасындагы аманаттар 51,4 пайызга, ал эми улуттук валютада – 11,4 пайызга өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин өсүш арымы алда канча төмөн болуу менен 10,4 пайызды түзгөн, анын ичинде калктын улуттук валютадагы аманаттары 12,1 пайызга, чет өлкө валютасындагы – 8,9 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жылдагы депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмүндө талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин озгон арымда өсүшкө ээ болушуна байланыштуу, мөөнөттүү аманаттардын кыскаргандыгы катталган, алсак, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин үлүшү 3,5 пайыздык пунктка, депозиттик базанын жалпы көлөмүндө 64,6 пайызга чейин өскөн, ал эми мөөнөттүү депозиттер түзүмүндө 6 айдан 12 айга чейинки мөөнөттөгү депозиттерди эске албаганда, кыска мөөнөттүү бардык депозиттердин үлүшүнүн өскөндүгү катталган. Бул депозиттик базанын дюрациясынын 6,6 айдан 5,2 айга чейин, анын ичинде мөөнөттүү депозиттер боюнча 16,9 айдан 14,7 айга чейин кыскаруусуна алып келген.

*Депозиттик базанын наркы*

Бүтүндөй алганда жыл ичинде, улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо салмактанып алынган чени 1,4 пайыздык пункта өсүү менен 6,0 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыктары боюнча чен 0,6 пайыздык пунктка, 1,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү 2007-жылдагыга салыштырганда 13,0 пайызга көбөйүү менен 83,1 млрд. сомду түзгөн. Мындай өсүшкө улуттук валютадагы депозиттердин эң оболу, кыска мөөнөттүү депозиттердин өсүшүнүн эсебинен 43,1 пайызга көбөйүүсү түрткү берген. Мында сом түрүндөгү депозиттердин агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү бир банкты эске албаганда, бардык коммерциялык банктарда байкалган. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү бир азга (0,1 пайызга) көбөйүү менен 51,7 млрд. сомду түзгөн.

*Кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен*

Жыл ичинде орточо алганда, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен, 2007-жылдагыга салыштырганда, 0,3 пайыздык пунктка, 2,5 пайызга чейин өскөн жана ал талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин чендеринин өсүшүнө жана мөөнөтүү депозиттердин көбөйүүсүнө байланыштуу болгон. Жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин кирешелүүлүгү алардын дээрлик бардык түрлөрү боюнча төмөндөгөн жана бүтүндөй мезгил ичинде 0,1 пайыздык пунктка азаюу менен 6,8 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо чен, 2007-жылдагы деңгээлде сакталып калуу менен 0,9 пайыз чегинде катталган. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо жылдык пайыздык чен, калктан мөөнөттүү депозиттерди кабыл алуу боюнча чендердин өсүшүнө байланыштуу 0,4 пайыздык пунктка, 5,8 пайызга чейин өскөн.

*Кредиттөө рыногу*

Банк тутумунун депозиттик базасынын өсүш арымынын төмөндөшү, башкы банктар тарабынан чет өлкө капиталын тартуу менен иштеген банктарды каржылоо көлөмүнүн азаюусу коммерциялык банктардын ресурстук базасынын кыскаруусуна алып келген. Мындан тышкары, карыз алуучулардын финансылык абалынын белгисиздик жагдайынын жогорку деңгээлде сакталып туруусу жана кредиттик тобокелдиктин өөрчүшү берилип жаткан кредиттер боюнча талаптардын катуулатылышына түрткү берген. Натыйжада, 2008-жылы кредит портфелинин

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү эсептерине каражаттардын түшүүсү эске алынбайт.

*1.4.4.2-график*
Жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




өсүш арымынын төмөндөгөндүгү жана жаңыдан берилген кредиттер көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган. Мында, тобокелдиктин жогорулоосу, инфляция деңгээлинин жогору болуп турушу шартында, финансылык ресурстардын наркы өскөн жана ал коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин жогорулашынан көрүнгөн.

*Кредиттик портфель*

Кредиттердин көбөйүүсү улуттук валюта сыяктуу эле (15,0 пайызга), чет өлкө валютасында да (27,5 пайыз) катталган. Негизинен АКШ долларынын сомго карата курсунун жогорулоосу чет өлкө валютасындагы кредиттердин бир кыйла өсүшүн шарттаган жана бул кредит портфелинин 2,4 пайыздык пунктка, 64,8 пайызга чейин долларлашуусунун өсүшүнөн көрүнгөн.

*Кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмү*

Отчеттук жылда кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмүндө узак мөөнөткө (бир жылдан ашкан мөөнөткө) кредиттөөнүн өсүшүнүн алгылыктуу тенденциясы сакталып калган, мунун натыйжасында кредит портфелинин түзүмүндөгү алардын үлүшү 2,0 пайыздык пунктка, жылдын акырына карата 69,4 пайызга чейин көбөйгөн. Мында кыска мөөнөттүү сыяктуу эле, узак мөөнөттүү кредиттердин түзүмүндө кыска мөөнөткө берилген кредиттердин салыштырмалуу салмагы көбөйгөн, бул кредит портфелинин дюрациясынын 25,2 айдан, отчеттук жылдын акырына карата 24,8 айга чейин төмөндөшүнө алып келген.

*Кредит портфелинин тармактык түзүмү*

Кредиттөө көлөмүнүн көбөйүүсү, чет өлкө валютасында кредиттөөнүн кыскаруусу байкалган үч банкты эске албаганда, дээрлик бардык коммерциялык банктарда байкалган, ал эми алардын биринде улуттук валютадагы кредиттер да кыскарган. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин концентрациялануу деңгээли 0,09дан 0,10 чейин өскөн, бул концентрациялануунун төмөндүгүн жана рынокту он банк ортосунда бөлүштүрүүгө эквиваленттүү экендигин билдирет. Банктардын кредит портфелинин тармактык концентрациялануу индекси бештин айынын акырына карата 0,45, 0,42 чейин төмөндөгөн болсо да, жогору бойдон сакталып калган, бул көпчүлүк банктардын кредиттик карыздарын болжол менен алганда эки тармак ортосунда бөлүштүрүүгө ылайык келе тургандыгын тастыктайт.

***1.4.4.3-график***

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин наркы*

Коммерциялык банктардын портфелин түзгөн улуттук валютадагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо жылдык деңгээли 2008-жыл ичинде 2,4 пайыздык пунктка, 23,7 пайызга чейин өскөн, ал эми чет өлкө валютасында чен 1,4 пайыздык пунктка жогорулоо менен 19,5 пайызды түзгөн. Жыл ичинде реалдуу пайыздык чен, орточо алганда терс чыгуу менен (-1,0) пайызды түзгөн.

***1.4.4.4-график***

Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




*Жаңыдан берилген кредиттер*

Жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү отчеттук жылы, 2007-жылдагыга салыштырганда, 0,6 пайызга кыскаруу менен 24,4 млрд. сомду түзгөн, мында чет өлкө валютасында берилген кредиттер 5,4 пайызга азайган жана бул 15,3 млрд. сомду түзгөн. Ошол учурда улуттук валютада кредиттер 8,6 пайызга, 9,1 млрд сомго чейин өскөн. Мында, жыл ичинде берилген кредиттердин көлөмдөрүнүн динамикасы ар түрдүү багыттагы мүнөзгө ээ болгон. Үчтүн айынан чын куран айына чейин кредиттөө көлөмдөрү арткан, андан соң жылдын акырына чейин кредиттөө көлөмдөрүнүн төмөндөшү байкалган.

*Берилген кредиттердин тармактык түзүмү*

Отчеттук жылда 2007-жылдагыга салыштырганда, тармактар боюнча ипотекага (56,1 пайыз) жана өнөр жайына (11,0 пайыз) жаңыдан берилген кредиттердин агымынын кыскаргандыгы катталган. Ошону менен бирге эле, айыл чарбасына (21,8 пайыз), соодага жана коммерциялык операцияларга (3,6 пайыз), социалдык кызмат көрсөтүүлөргө (4,9 эсе), транспортко (16,2 пайыз), керектөө максаттарына (18,7 пайыз) жана курулушка (14,2 пайыз) кредиттердин көлөмдөрүнүн көбөйгөндүгү белгиленген. Ал эми «жана башка» категориясына берилген кредиттер 1,3 пайызга кыскарган.

*Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чен*

Отчеттук жылда улуттук валютада берилген кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 2,7 пайыздык пунктка жогорулоо менен 25,9 пайызды түзгөн. Пайыздык чендердин өсүшү реалдуу сектордун бардык тармактары боюнча катталган. Айыл чарбасына, даярдоо жана кайра иштетүү тармактарына, байланышка берилген кредиттер жана башка кредиттер боюнча чендердин эң эле жогору көбөйүүсү белгиленген. Ушул мезгил ичинде, чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен да өсүү менен (1,9 пайыздык пунктка) 20,3 пайызды түзгөн. Мында, чендердин өсүшү социалдык кызмат көрсөтүүлөргө берилген кредиттердин чендерин эске албаганда, реалдуу сектордун бардык тармактары боюнча белгиленген. Ал эми улуттук жана чет өлкө валюталарындагы эң эле кымбат кредиттерден болуп, керектөө кредиттери саналган.

Банктык эмес финансы кредит мекемелери да, экономиканын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Отчеттук жыл ичинде алардын чогуу алгандагы кредит портфели 52,2 пайызга өсүү менен жылдын акырына карата 7,4 млрд. сомду же коммерциялык банктардын кредит портфелинин 28,9 пайызын түзгөн, ал эми 2007-жылы бул көрсөткүч 23,4 пайыз чегинде катталган эле.

# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2008-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Глобалдуу финансылык кризистин жана өлкөнүн энергетика секторунда проблемалардын орун алып турушу жагдайында, жогорку инфляциялык потенциалдын сакталып турушу шартында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты бир жагынан, баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугуна жетишүүгө жана аны колдоп турууга экинчи жагынан, финансы-банк системасынын туруктуулугун сактоо, республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө түрткү берүү боюнча милдеттерди жүзөгө ашырууга багытталган. Улуттук банк менен Өкмөттүн банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча макулдашылган чараларынын натыйжасында, Кыргыз Республикасында инфляция отчеттук жылдын орто чениндеги 30 пайыздан (жылдык мааниде алганда) жогору болгон деңгээлден, жылдын акырындагы 20 пайызга чейин кыскарган. Мында, 2008-жылы банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшүнүн алгылыктуу динамикасын сактап калууга мүмкүн болгон: кредит портфелинин, депозиттик базанын жана коммерциялык банктардын өздүк капиталынын өсүшү байкалган.

Эл аралык камдар (резервдер) Улуттук банктын акча-кредит саясатынын максаттары, ошондой эле Өкмөт менен Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөө үчүн пайдаланылган. Дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук жылдын акырына карата 1,2 млрд. АКШ доллары деңгээлине чейин өскөн. Валюта портфелин, СПС (АКУ) жана алтын түрүндөгү активдерди кошо алганда, эл аралык камдардын түзүмү өзгөрүүсүз калган.

Камдык активдер өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктарында, эл аралык финансы институттарында жана кредиттик жогорку рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктарындагы эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжалары

Улуттук банктын 2007-жылдын акырында кабыл алган Билдирүүсүнө ылайык, калктын өсүп жаткан инфляциялык күтүүлөрүн төмөндөтүү, ошондой эле орто мөөнөттүк мезгилде туруктуу экономикалык өсүштүн негизги шарттарынын бири катары, баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу 2008-жылга акча-кредит саясатынын негизги максаттары катары аныкталган.

*Акча-кредит саясатынын максаттары*

Акча-кредит саясаты Өкмөт менен Улуттук банктын 2008-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттары тууралуу биргелешкен билдирүүсүндө жана «Акча-кредит саясатынын 2008-2010-жылдарга негизги багыттары» документинде көрсөтүлгөн максаттардын жана милдеттердин аткарылышына жетишүүгө багытталган.

*Акча-кредит саясатын жүргүзүү шарттары*

Акча-кредит саясаты 2008-жылы негизги соода-экономикалык өнөктөштөрдөн болуп саналышкан өлкөлөрдө дүйнөлүк финансылык кризистин курчушунан улам, экономикалык жагдайдын начарлоосунун тереңдеп жатышы шартында ишке ашырылган. Коңшу мамлекеттердин банк секторлорундагы жагдай, жергиликтүү туунду коммерциялык банктардын тышкы финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн чектелишине алып келген. Өлкөдө өндүрүлүп жаткан продукцияларга суроо-талаптын азайуусу жүргөн. Мындан тышкары, отчеттук жылдын акырында эмгек мигранттарынын акча которууларынын өсүш

арымынын басаңдоого ык коюусу байкалган. Булар жогоруда көрсөтүлгөн себептер менен чогуу алганда, ички рынокко чет өлкө валюталарынын агымынын азайуусуна алып келген.

Республикада ички керектөөнүн импорттон көзкарандылыгынын жогорку деңгээлде сакталып туруусу менен шартталган, олуттуу инфляциялык потенциал орун алып турган.

Отчеттук жыл ичинде банк тутумунда сом түрүндөгү үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде экендиги байкалып, ал чет өлкө валютасына карата суроо-талапты жаратkan, ал эми бул тышкы экономикалык чөйрөнүн өнүгүшүндө белгисиздик жагдайы өкүм сүрүп турган шартта, ички валюта рыногундагы абалдын кандайдыр бир деңгээлде туруксуздугуна түрткү берген.

Ошентип, 2008-жылдагы акча-кредит саясатынын чаралары баанын туруктуулугуна жетишүүгө жана аны колдоп турууга багытталган, ал эми бул Улуттук банктын ишинин негизги максаты болуп эсептелет жана төмөндө келтирилген милдеттерди аткарууга багытталган:

– узак мөөнөттүк экономикалык өсүшкө колдоо көрсөтүү максатында, республиканын финансы-банк секторунун жана төлөм системасынын туруктуу ишин камсыз кылуу;

– баанын туруктуулугун жана финансылык туруктуулукту колдоого алуунун маанилүү шарты катары, сомдун алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө.

Баанын жалпы деңгээлинин эң жогорку өсүшү кулжа айында, андан мурдагы айга карата инфляция 4,3 пайызды түзгөн 2008-жылдын орто ченине туура келген. Ыңгайлуу тышкы коньюнктура шартында акча-кредит саясатынын каражаттарынын (инструменттеринин) бүтүндөй спектрин пайдалануу менен банк системасынан үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүүгө багытталган Улуттук банктын чаралары, жыл акырына карата инфляцияны басаңдатууга өбөлгө түзгөн. Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча, инфляция деңгээлин мүнөздөгөн, керектөө бааларынын индексинин өсүшү отчеттук жыл ичинде 20,0 пайызды түзгөн (2008-жылдын декабры 2007-жылдын декабрына карата).

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

Улуттук банктын ноталары 2008-жылы банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун негизги инструментинен болгон. Ноталарды сатуу көлөмү отчеттук жыл ичинде 19,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2007-жылдагы аларды сатуу көлөмүнөн 4,5 эсеге – 4,2 млрд. сомго көп. Ноталарды сатуу боюнча операциялардын көлөмүн көбөйтүү, Улуттук банк тарабынан инфляциялык процесстердин күч алышына байланыштуу 2007-жылы кабыл алынган акча-кредит саясатын катуулатуу концепциясына ылайык ишке ашырылган. Ошол эле учурда, 2007-жылдагыга салыштырганда, отчеттук жылы кайтарым репо-операцияларынын көлөмү 2 эседен көбүрөөккө төмөндөө менен 1,8 млрд. сомду түзгөн.

Жыл ичинде Улуттук банк сомдун алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөөгө жана валюталык алып сатарлыкка чек коюуга багытталган саясатты жүргүзгөн, бул баа туруктуулугун колдоонун жана финансы-банк чөйрөсүндө тобокелдиктерди басаңдатуунун маанилүү шартынан болуп калган.

Сомдун алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында Улуттук банк чет өлкө валютасынын ашыкча көлөмүн жүгүртүүдөн алуу боюнча операцияларды, кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саясатына таянуу менен жүзөгө ашырган. 2008-жылы Улуттук банк тарабынан нак эмес чет өлкө валюталарын таза сатып алуу 53,2 млн. АКШ долларын, АКШ долларынын сомго карата курсунун жогорулоосу 11,0 пайызды түзгөн. Мында АКШ долларынын эсептик курсунун негизги жогорулоосу глобалдуу финансылык кризистин күч алышынан улам, чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын жогорулоосуна байланыштуу, жылдын 4-чейрегинде байкалган.

Улуттук банк ошондой эле, АКШ доллары менен своп-операцияларын да жүргүзгөн, отчеттук жылда алардын көлөмү 2007-жылдагыга салыштырганда 1,4 эседен көбүрөөккө (1,8 млрд. сомго) көбөйүү менен 2,5 млрд. сомду түзгөн.

***2.1.1-график***

Банктардан тышкаркы акчанын, алмашуу курсунун жана КБИнин өсүш арымы




*Акча базасынын динамикасы жана түзүмү*

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын натыйжасында, отчеттук жылы акча сунушунун өсүшү 2007-жылдагыга салыштырганда, алда канча аз болгон: 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча акча базасы 11,3 пайызга өсүү менен 35,2 млрд. сомду түзгөн (2007-жылы акча базасынын өсүшү 38,5 пайыз чегинде катталган).

***2.1.1-таблица***

Акча базасын түптөө булактары (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом, учурдагы алмашуу курсу боюнча)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Акча базасына таасир, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 36 452,1 | 41 737,1 | 5 285,0 | 14,5 | 16,7 |
| Таза эл аралык камдар (резервдер) | 37 112,4 | 41 699,9 | 4 587,6 | 12,4 | 14,5 |
| Башка тышкы активдер | -607,8 | 74,0 | 681,8 | -112,2 | 2,2 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлер | -52,4 | -36,8 | 15,6 | -29,8 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 026,1 | -2 099,4 | -73,4 | 3,6 | -0,2 |
| Таза ички активдер | -2 850,2 | -4 486,9 | -1 636,7 | 57,4 | -5,2 |
| Таза ички кредит | 314,3 | 659,2 | 344,9 | 109,7 | 1,1 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө карата талаптар | 216,3 | 354,6 | 138,4 | 64,0 | 0,4 |
| Репо | -193,2 | 0,0 | 193,2 | -100,0 | 0,6 |
| Банктардын милдеттенмелери | 291,2 | 304,6 | 13,4 | 4,6 | 0,0 |
| Башка статьялар | -3 164,5 | -5 146,1 | -1 981,6 | 62,6 | -6,3 |
| **Акча базасы** | **31 575,9** | **35 150,8** | **3 574,9** | **11,3** | **11,3** |
| Банктардан тышкаркы нак акчалар | 26 674,7 | 29 385,1 | 2 710,4 | 10,2 | 8,6 |
| Коммерциялык банктардын камдары (резервдери) | 4 014,0 | 4 347,5 | 333,5 | 8,3 | 1,1 |

*Акча топтомдору*

Акча топтомунун (агрегаттарынын) ичинен М2Х акча массасы (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) эң чоң арымда көбөйгөн. Отчеттук жылда анын өсүшү 12,6 пайызды түзгөн, ал эми М2 акча массасы (банктардан тышкаркы акчалар + улуттук валютадагы депозиттер) төмөнкү арымда – 9,9 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

Отчеттук жылдын акырына карата М2Х акча массасы 48,5 млрд. сомду түзүү менен 5,4 млрд. сомго көбөйгөн, бул 2007-жылдагыга салыштырганда кыйла аз (+33,3 пайыз же 10,7 млрд. сом). Кеңири мааниде колдонулуучу акчанын көбөйүүсүнө депозиттик базанын өсүшүнүн салымы 2,7 млрд. сомду, банктардан тышкаркы акчанын өсүшүнүн салымы – 2,7 млрд. сомду түзгөн, мында чет өлкө валютасындагы депозиттердин өсүш арымы сом түрүндөгү депозиттердин өсүш арымынан ашкан.

*Кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын динамикасы жана түзүмү*

2008-жылдын жыйынтыгы боюнча кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) түзүмүндө төмөнкүдөй өзгөрүүлөр белгиленген:

– банктардан тышкары акчанын үлүшү 60,7 пайызды түзгөн (2007-жылдын акырына карата – 62,0 пайыз);

– улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,2 пайыз (2007-жылдын акырына карата – 18,8 пайыз);

– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,1 пайыз (2007-жылдын акырына карата – 19,2 пайыз).

***2.1.2-таблица***

М2Х акча массасын түптөө булактары (бир мезгилдини акырына карата)
*(млн. сом, учурдагы алмашуу курсу боюнча)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыздар* | М2Х таасир этүү, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 35 258,6 | 39 807,9 | 4 549,3 | 12,9 | 10,6 |
| Таза эларалык камдар (резервдер) | 35 918,8 | 39 770,7 | 3 851,9 | 10,7 | 9,0 |
| Башка тышкы активдер | -607,8 | 74,0 | 681,8 | -112,2 | 1,6 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлер | -52,4 | -36,8 | 15,6 | -29,8 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 026,1 | -2 099,4 | -73,4 | 3,6 | -0,2 |
| Таза ички активдер | 9 785,5 | 10 744,7 | 959,3 | 9,8 | 2,2 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | -1 657,4 | -1 613,6 | 43,8 | -2,6 | 0,1 |
| Башка секторлорго талаптар | 21 128,9 | 26 699,5 | 5 570,6 | 26,4 | 12,9 |
| Башка статьялар | 1 567,7 | 697,0 | -870,7 | -55,5 | -2,0 |
| **Акча массасы** | **43 018,0** | **48 453,2** | **5 435,2** | **12,6** | **12,6** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 26 674,7 | 29 385,1 | 2 710,4 | 10,2 | 6,3 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 16 343,3 | 19 068,1 | 2 724,8 | 16,7 | 6,3 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 8 093,9 | 8 824,1 | 730,2 | 9,0 | 1,7 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 8 249,3 | 10 243,9 | 1 994,6 | 24,2 | 4,6 |

## 2.2. Акча-кредит саясатынын каражаттары

2008-жылы Улуттук банк акча-кредит саясатынын каражаттарын инфляциялык басымды токтотууга жана создугуп жаткан дүйнөлүк экономикалык жана финансылык кризис шартында, узак мөөнөткө каралган экономикалык өсүшкө түрткү берүү үчүн колдонгон. Акча-кредит саясатын жүргүзүүдө Улуттук банк, акча сунушунун оптималдуу өсүш арымын колдоо аркылуу, монетардык фактордун инфляцияга таасирин минимизациялоого аракеттенген. Улуттук банктын операциялары банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлинен эң башкысы, Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясынын эсебинен арылтууга багытталган. Мында, бул операциялардын үлүшү отчеттук жылы 2007-жылдагы 18,3 пайызга салыштырганда, 48,4 пайызга чейин көбөйгөн. Ноталарды чыгаруудан тышкары Улуттук банк, үстөк ликвиддүүлүктү кайтарым репо жана своп операцияларынын жардамы менен да жеңилдетүүгө аракеттенген бирок, алардын салыштырмалуу салмагы 2007-жылдагыга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 4,4 жана 6,4 пайызга чейин кыскарган.

***2.2.1-график***

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




Дүйнөлүк финансылык кризистин таасир этип турушу шартында, республикада соода балансынын тартыштыгынын көбөйгөндүгү байкалган, бул өз кезегинде ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын өсүшүнөн көрүнгөн. Мында, банктар аралык валюта рыногунун сыйымдуулугунун жетишсиздиги айрым учурларда рынокто чет өлкө валютасына карата суроо-талап менен сунуштун убактылуу дисбалансын шарттаган. Мына ушул дисбалансты жана анын алмашуу курсуна тийгизүүчү терс таасирин четтетүү үчүн Улуттук банк, чет өлкө валюталарын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу боюнча валюталык интервенцияларды жүзөгө ашырган. Валюталык интервенциялардын операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүшү, 2007-жылдагы 51,6 пайыздан отчеттук жылдагы 37,5 пайызга чейин кыскарган.

Банктарда ликвиддүүлүк жогорку деңгээлде сакталып турган шартта, Улуттук банктын акча ресурстарына суроо-талап аз болгон. Бүтүндөй жыл ичинде бир нече «овернайт» кредиттери берилип, кайра каржылоо боюнча калган операцияларды (бир күндүк кредиттер, тике репо-операциялары жана своп) Улуттук

банк отчеттук жылда жүргүзгөн эмес. Кайра каржылоо боюнча операциялардын салыштырмалуу салмагы 3,3 пайызды түзгөн.

Улуттук банк отчеттук жылда ишке ашырган операциялардын жалпы көлөмү 39,5 млрд. сомго жакынды түзгөн, бул 2007-жылдагыга салыштырганда 70,5 пайызга (23,2 млрд. сом) көп. Мында ушул операцияларынын эсебинен акча базасы 2,1 млрд. сомго көбөйгөн, бул 2007-жылдагыга салыштырганда 69,1 пайызга аз.

### 2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар

*Валюта рыногундагы жагдай*

Кароого алынып жаткан жылы Улуттук банк алмашуу курсунун өзгөрүүсүн жана рынок коньюнктурасын жөнгө салуу максатында, банктар аралык валюта тооруктарына жигердүү катышкан. Алсак, жыл башында ички валюта рыногунда чет өлкө валютасынын сунушунун кыскаруусу шартында, АКШ долларына суроо-талаптын сезондук өсүшү байкалган, бул албетте, алмашуу курсунун жогорулоосуна түрткү берген. АКШ долларына болгон талапты канааттандыруу жана алмашуу курсунун өзгөрүүсүн текшилөө максатында Улуттук банк, биринчи чейректе чет өлкө валютасын сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Натыйжада, алмашуу курсу 36,3-36,5 сом/АКШ доллары (жыл башына карата 35,5 сом/АКШ доллары) деңгээлинде турукташкан.

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялары




Экинчи жана үчүнчү чейректе ички рынокто чет өлкө валютасын сунуштоо, эң башкысы, эмгек мигранттарынан акча которуулардын агылып кирүүсү, ошондой эле тоокендерин казып алуу өнөр жайынын продукцияларын экспорттоодон валюталык түшүүлөрдүн өсүшүнө байланыштуу сезилээрлик көбөйгөн. Улуттук банк ушул мезгилде коммерциялык банктардан үстөк чет өлкө валюталарын сатып алууну ишке ашырган. Мында, жай айларында алмашуу курсунун төмөндөөгө ык коюусу байкалып, ал эми аяк оона айында ал кайрадан жогорулаган. Ички валюта рыногундагы жагдайдын өзгөрүүсү, уланып жаткан дүйнөлүк экономикалык жана финансылык кризистин, каражаттардын түшүү агымы менен чыгымдалышынын ортосундагы убакыт ажырымынан улам келип чыккан, АКШ долларына суроо-талаптын артышы себебинен жүргөн. Мындан тышкары, эларалык рыноктордо доллардын позициясынын чыңдалуусу да, алмашуу курсуна кандайдыр бир

деңгээлде басым жасаган. Ички рынокто алмашуу курсунун өсүшү жылдын акырына чейин сакталып калган, мында бештин айында анын арымы байкалаарлык төмөндөгөн. Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына суроо-талап менен сунуштун ортосунда дисбаланстын келип чыгышына байланыштуу, аяк оона айынан бештин айына чейин Улуттук банк чет өлкө валюталарын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу боюнча операцияларды ишке ашырган.

*Валюталык интервенциялардын көлөмү*

Бүтүндөй жыл ичинде Улуттук банк 228,5 млн. АКШ долларын сатып алып, 175,6 млн. АКШ долларын саткан. Мында АКШ долларынын эсептик курсу жыл ичинде 11,0 пайызга жогорулоо менен отчеттук жылдын акырына карата 39,4181 сом/АКШ долларын түзгөн.

АКШ доллары менен ишке ашырылган операциялардан тышкары Улуттук банк 2008-жылы, ички валюта рыногун өнүктүрүү жана чөйрөсүн кеңейтүү максатында евро, орус рубли жана казак теңгеси сыяктуу, башка чет өлкө валюталары менен валюталык интервенцияларды жүргүзгөн.

*Кайтарым своп операциялары*

Валюта интервенциялары менен катар эле ал, улуттук валютадагы үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүү максатында, АКШ долларын сатуу боюнча кайтарым своп-операцияларын ишке ашырган. Отчеттук мезгил ичинде мына ушул бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 69,0 млн. АКШ долларын түзүү менен 2007-жылдагыга салыштырганда, 41,1 пайызга көбөйгөн. Ушул операциялардын орточо алынган мөөнөтү 55 күндү (2007-жылы 50 күндү) түзгөн.

***2.2.1.1-таблица***

Ички валюта рыногунда Улуттук банктын чет өлкө валютасы менен операциялары
*(миң АКШ долл.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2007-ж. бардыгы болуп** | **36 020,0** | **92 280,0** | **101 150,0** | **144 942,4** | **374 392,4** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | 16 170,0 | 88 480,0 | 88 650,0 | 88 950,0 | 282 250,0 |
| АКШ долларын сатуу | 15 750,0 | - | 6 000,0 | 21 200,0 | 42 950,0 |
| чет өлкө валютасын сатуу (АКШ долларынан тышкары) | - | - | - | 292,4 | 292,4 |
| валюталык своп операциялар (сатуу) | 4 100,0 | 3 800,0 | 6 500,0 | 34 500,0 | 48 900,0 |
| **2008-ж. бардыгы болуп** | **105 548,7** | **65 818,6** | **175 928,6** | **128 248,5** | **475 544,4** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алууу | - | 50 600,0 | 136 300,0 | 41 600,0 | 228 500,0 |
| АКШ долларын сатуу | 79 600,0 | 3 400,0 | 19 550,0 | 73 000,0 | 175 550,0 |
| чет өлкө валютасын сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | 480,7 | 2,1 | 78,6 | 148,5 | 709,9 |
| четөлкө валютасын сатуу (АКШ долларынан тышкары) | 1 468,0 | 316,5 | - | - | 1 784,5 |
| валюталык своп операциялар (сатуу) | 24 000,0 | 11 500,0 | 20 000,0 | 13 500,0 | 69 000,0 |

### 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен

*Ченемдик базадагы өзгөрүүлөр*

Улуттук банктын ноталары – бул, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 жана 182 күн болгон мамлекеттик баалуу кагаздар, алар банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу жана эсептик чендин өлчөмүн аныктоо максатында, аукциондук жана аукциондон тышкаркы негизде жайгаштырылган. 2008-жылдын кулжа айында ушул инструментти өркүндөтүү максатында иштелип чыккан "Улуттук банктын

ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө" жобонун жаңы редакциясы күчүнө кирген. Жаңы жобого ылайык Улуттук банк, акча-кредит саясатынын максаттарына жана түптөлгөн рынок коньюнктурасына жараша ноталардын эмиссия көлөмүн азайтуу жагы сыяктуу эле, көбөйтүү жагына да өзгөртө алат. Бул норма, алып-сатарлык маанайдагы баа шарттарынын пайыздык чендердин деңгээлине таасир этүү тобокелдигин төмөндөтүү, ошондой эле ноталарга жогорку суроо-талапты канааттандыруу максатында жобого киргизилген.

*Улуттук банктын ноталары менен операциялар*

Инфляция деңгээлинин жогору болуп турушу шартында, Улуттук банк 2008-жылы, ноталарды банктарда үстөк ликвиддүүлүктөн арылуунун структуралык инструменти катары пайдаланууну уланткан. Натыйжада, 2007-жылдагыга салыштырганда, ноталарды сунуштоо көлөмү олуттуу көбөйүү менен 29,0 млрд. сомду түзгөн. Мында, банктардын ликвиддүүлүгүнүн кыска мөөнөттүү мүнөзүн эске алуу менен өлкөнүн башкы банкы, баш оона айынан тартып 7-күндүк ноталарын жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөрө баштаган. Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү 2008-жылы 4,5 эсеге көбөйүү менен 19,1 млрд. сомду түзгөн. Сатуунун негизги көлөмү (84,3 пайызы) мында 14 жана 28 күндүк ноталарга тура келген.

***2.2.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана анын эсептик ченинин 2008-жылдагы динамикасы




*Эсептик чендин маңызы*

Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн базасында эсептик чен түптөлгөн, ал акча-кредит саясатынын инструменти болуп саналат жана кыска мөөнөттүү акча ресурстарынын наркынын көрсөткүчү (ориентири) катары кызмат кылат. Эсептик чендин жардамы менен Улуттук банк акча-кредит саясатынын башка инструменттери боюнча чендерди аныктайт. Мындан тышкары эсептик чен, ар кандай төлөмдөрдүн төлөө мөөнөтүн өткөрүп жиберген учурда, туумдарды (пенияларды) жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө колдонулат.

Отчеттук жылдын үчтүн айынан аяк оона айына чейинки мезгилинде

*Эсептик ченди аныктоо механизминин өзгөрүүсү*

эсептик ченди аныктоо механизми колдонулган, ага ылайык анын мааниси акыркы өткөрүлгөн 20 аукциондогу жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар боюнча орточо кирешелүүлүккө теңештирилген. Мына ушул ыкманын колдонулушуна байланыштуу эсептик чен, олуттуу текшилөөгө алынып, рынок коньюнктурасынын өзгөрүүсүнө кыйла убакыт аралыгынан кийин гана таасир эте алган. Эсептик ченди аныктоо механизминин натыйжалуулугун арттыруу максатында, тогуздун айынан тартып чендин деңгээли 28 күндүк ноталардын акыркы 4 аукциондогу кирешелүүлүгүнүн орточо мааниси катары аныкталган. Жаңы механизмди колдонууга киргизүү учурунда, эсептик чен 3,6 пайыздык пунктка өсүү менен 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгүнүн деңгээлине жакындаштырылып, 15,6 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда, ал боюнча чен эсептик чендин базасында аныкталган "овернайт" кредиттеринин наркынын олуттуу өсүп кетишине жол бербөө максатында, анын коэфиценти 1,5тен 1,2ге чейин төмөндөтүлгөн жана ошондон улам, "овернайт" чени болжол менен алганда ушул эле деңгээлде калган.

Отчеттук жылы эсептик чендин орточо деңгээли 10,8 пайызды түзгөн, бул 2007-жылдагыга салыштырганда 5,2 пайыздык пунктка жогору. 2008-жылдын бештин айынын акырына карата Улуттук банктын эсептик чени 15,2 пайызды түзгөн.

### 2.2.3. Репо операциялары

*Репо операцияларынын маңызы*

Репо операциялары мамлекеттик баалуу кагаздарды кайтара сатуу же белгиленген мөөнөттө сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу же сатуу боюнча бүтүмдөрдү түшүндүрөт. Улуттук банк бул операцияларды акча-кредит саясатынын максаттарына жана рынокто түптөлгөн жагдайга жараша, банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу максатында жүргүзөт.

Коммерциялык банктарда үстөк камдардын жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, Улуттук банктын операциялары 2008-жылы мамлекеттик баалуу кагаздарды репо шарттарында (кайтарым репо) сатуу аркылуу, кыска жана орто мөөнөттүк ликвидүүлүктөн арылтууга багытталган. Сатуу обьектиси катары Улуттук банктын портфелинде турган мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдери – МКВ (ж) колдонулган.

*Кайтарым репо операцияларынын мөөнөтүүлүгү*

Улуттук банк кайтарым репо-операцияларын бүтүндөй жыл ичинде ишке ашырган. Мында, суроо-талап түзүмүнүн өзгөрүүсүнө байланыштуу, ал операциялардын мөөнөттүүлүгүн бара-бара кыскарткан алсак, үчтүн айынан бугу айына чейин ал жүгүртүү мөөнөтү 2 ай болгон бүтүмдөрдү түзгөн болсо, жай мезгилинде бир жарым айлык, андан кийин бир жумалык бүтүмдөр басымдуулук кылган.

Отчеттук жылы репо бүтүмдөрүнүн жалпы көлөмү 1,8 млрд. сомду түзүү менен 2007-жылдагыга салыштырганда 2 эсеге кыскарган. Кайтарым репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 34 күндөн 35 күнгө чейин көбөйтүлгөн, ал эми ушул бүтүмдөрдүн орточо кирешелүүлүгү 2 эсеге өсүү менен 8,9 пайызды түзгөн.

***2.2.3.1-таблица***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2007-ж. бардыгы болуп** | **351,8** | **915,8** | **1 549,5** | **745,5** | **3 562,6** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 351,8 | 915,8 | 1 549,5 | 745,5 | 3 562,6 |
| **2008-ж. бардыгы болуп** | **520,5** | **230,9** | **517,9** | **482,0** | **1 751,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 520,5 | 230,9 | 517,9 | 482,0 | 1 751,3 |

### 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Коммерциялык банктарды кайра каржылоо инструменттеринин топтому Улуттук банктын тескөөсүндө турат, бул – бир күндүк кредиттер, «овернайт» кредити, акыркы инстанция кредити жана башка кредиттер.

*«Овернайт» кредиттери*

Үстөк камдардын жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, отчеттук жылда коммерциялык банктар тарабынан төлөө мөөнөтү 6 айга чейинки мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоо алдында, катталган чен боюнча берилген «овернайт» кредиттерине гана талаптар болгон. Бул кредиттер чын куран, жетинин айы жана бештин айында 1,3 млрд. сом жалпы суммасында, эки банкка берилген. 2008-жылы «овернайт» кредиттери боюнча орточо жылдык чен 15,0 пайызды түзгөн.

*Ченемдик базанын өзгөрүүсү*

Улуттук банк коммерциялык банктарды кайра каржылоо механизмин андан ары өркүндөтүү боюнча чараларды көргөн алсак, 2008-жылдын бештин айында «овернайт» кредити жөнүндө» жана «Улуттук банктын бир күндүк кредити жөнүндө» жоболордун жаңы редакциясы кабыл алынып, 2009-жылы колдонууга берилген. Мына, ушул жоболордун жаңы редакциясында, аны өндүрүштүк пайдаланууга киргизүүнүн пландаштырылышына байланыштуу автоматташтырылган системаны пайдалануу менен бир күндүк кредиттерди жана «овернайт» кредиттерин берүү жана төлөө процесстери жөнгө салынган.

***2.2.4.1-таблица***

Улуттук банк тарабынан берилген «овернайт» кредиттери
*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|
| 2007-ж. | - | - | - | - | **-** |
| 2008-ж. | - | 914,5 | - | 370,0 | **1 284,5** |

### 2.2.5. Милдеттүү камдар (резервдер)

Милдеттүү камдар акча топтомунун көлөмүн жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналат жана коммерциялык банктар Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерде кармап турууга милдеттүү болгон, акча каражаттарынын суммасын түшүндүрөт.

*Ченемдик базанын өзгөрүүсү*

Отчеттук жылда, башкы банк ушул инструментти өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзгөн алсак, жетинин айында «Милдеттүү камдар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилип, 2009-жылдын баш жагында күчүнө кирген. Жаңы жобонун талабына ылайык, милдеттүү камдардын өлчөмүн аныктоо үчүн милдеттенмелердин курамынан башка милдеттенмелер алынып, төлөө мөөнөтү бир жылдан ашкан, чет өлкө валютасындагы депозиттер кошулган. Мындан тышкары, ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоорду жүзөгө ашыруунун чегинде, 2008-жылы «Экобанк» ААКсы үчүн милдеттүү камдар жөнүндө» жобого 2 жолу өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык милдеттүү камдарды эсептөө үчүн милдеттенмелер курамы кеңейтилген. Мында, коммерциялык банктар үчүн милдеттүү камдардын нормалары отчеттук жылда мурдагы деңгээлинде, милдеттенмелерди эсептөө үчүн алынган орточо күндүк суммадан 10 пайыз өлчөмүндө калган.

*Милдеттүү камдарды сактагандыгы үчүн төлөм жана компенсация*

Камдык талаптардын аткарылбай калышы учурунда, милдеттүү камдын орточо күндүк жетпей калган бөлүгүнөн Улуттук банктын үч эселенген эсептик чени өлчөмүндө төлөмдөрдү өндүрүү каралган. Ал эми милдеттүү камдардын нормалары сакталган шартта, коммерциялык банктардын депозиттери боюнча бирдиктүү орточо салмактанып алынган чен өлчөмүндө компенсациялар, бан-

ктарга төлөнүп берилген. Жылдын тогуздун айынын он үчүнөн тартып, Улуттук банктын чыгашаларын кыскартууга тиешелүү Эсептөө палатасынын сунуш көрсөтмөсүнө жана ликвиддүүлүк деңгээлинин, ошондой эле инфляция арымынын жогору болуп турушу шартында, акча-кредит саясатынын катуулатылышына байланыштуу, милдеттүү камдарды сактаган банктарга компенсацияларды төлөө үчүн нөлдүк чен белгиленген.

Отчеттук жылда, депозиттердин өсүш тенденциясы демек, милдеттүү камдардын өсүшү сакталып турган. Бүтүндөй жыл ичинде милдеттүү камдардын көлөмү 22,5 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырында 2,6 млрд. сомду түзгөн. Жыл ичинде милдеттүү камдарды сактабагандыктын бир гана фактысы катталган. Бул талапты сактагандыгы үчүн коммерциялык банктарга төлөнүп берилген компенсациялардын суммасы, 2007-жылдагыга салыштырганда 23,3 пайызга көбөйүү менен 42,7 млн. сомду түзгөн.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдарынын орточо күндүк деңгээли

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2007-ж., бардыгы болуп** | **2 397,7** | **2 573,4** | **2 749,9** | **3 245,0** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 1 547,2 | 1 639,3 | 1 923,9 | 2 007,1 |
| үстөк камдар | 850,0 | 936,1 | 829,4 | 1 230,3 |
| **2008-ж., бардыгы болуп** | **3 700,1** | **3 462,4** | **4 096,5** | **3 707,2** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 2 052,2 | 2 209,9 | 2 437,9 | 2 460,5 |
| үстөк камдар | 1 647,9 | 1 252,6 | 1 658,6 | 1 246,7 |

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

*Ченемдик документтер*

Эл аралык камдарды тескөө Улуттук банк тарабынан «Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатына», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2008-жылга эл аралык камдарынын эталондук портфели жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын түзүмү жөнүндө» жана «Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө» жоболорго ылайык жүзөгө ашырылган.

*Тескөө принциптери*

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө жагындагы милдеттеринен болуп, камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана коопсуздугун камсыз кылуу иши саналат. Эл аралык камдарды тескөөдө кирешелерди максимизациялоо принциби, активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу принциптерин так сактоо шартында гана сакталат.

*Чечимдерди кабыл алууда органдардын ыйгарым укуктары*

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдардын портфелдеринин түзүмүн, тобокелдиктер катышын жана инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгүн аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагында чечимдер, Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитет тарабынан кабыл алынган. 2008-жылы Инвестициялык комитеттин эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча 17 отуруму өткөрүлгөн. Камдык активдерди тескөөдө келип чыккан тобокелдиктерди минимизациялоо максатында контрагенттерге, инструменттердин түрлөрүнө, инвестициялоо өлчөмүнө жана мөөнөттөрүнө карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленген.

*Эл аралык камдардын түзүмү жана көлөмү*

Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, атайы карыз алышуу укугу (СПЗ) жана чет өлкө валютасынын портфели кирет. 2008-жылдын акырына карата дүң камдардын көлөмү 1,2 млрд. АКШ доллары эквивалентин түзгөн жана жыл ичинде 48,0 млн. АКШ долларына же 4,1 пайызга көбөйгөн.

***2.3.1-график***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы
*(млн. АКШ долл.)*




*Эл аралык камдардын өсүш булактары*

Улуттук банктын ички рынокто жүргүзгөн валюталык операциялары, эл аралык камдарды тескөөдөн алынган кирешелер, валюта портфелинин курстарынын өзгөрүүсү, ошондой эле баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсү отчеттук жылда, эл аралык камдардын көлөмүнүн өсүшүнүн негизги булагынан болгон. Өкмөттүн жана Улуттук банктын пайдасына эл аралык финансылык институттардан жана донор өлкөлөрдөн валюталык каражаттардын түшүүлөрү активдердин өсүшүнүн башка бир булагынан болгон.

*Эл аралык камдардын түзүмүнүн өзгөрүүсү*

Эл аралык камдардын курамындагы алтындын физикалык көлөмү 2008-жылы өзгөрүүсүз калган. Анын түзүмүндөгү СПЗтин үлүшүнүн өсүшү ЭВФ кредиттер боюнча түшүүлөр, ошондой эле 2008-жылга төлөмдөрдүн графигинин чегинде АКШ долларына СПЗди сатып алуу менен шартталган (Улуттук банктын ЭВФ алдындагы милдеттенмеси).

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата) *(пайыздар)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 5,9 | 5,9 |
| Валюта портфели | 92,9 | 89,6 |
| Атайын карыз алышуу укугу | 1,2 | 4,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын валюта портфелинин түзүмү жана өзгөрүүсү*

Эл аралык камдардын валюта портфели 2008-жылы өзүндө АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунтун, австралия жана канада долларын, ошондой эле япон иенасын жана орус рублин камтып турган.

Улуттук банктын валюта портфелинин түзүмү чейректик негизде кайрадан каралып, дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнө, эл аралык финансы рынокторунда түптөлгөн жагдайларга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелеринин валюталык түзүмүн эске алуу менен өзгөртүлүп турган.

*Эл аралык камдардын түзүмү*

Ликвиддүүлүктүн зарыл болгон деңгээлин колдоп туруу, ошондой эле эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуугун арттыруу максатында, камдык активдер менен иш портфелдик негизде жүргүзүлгөн. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү, камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоп турууну камсыз кылган.

*Эл аралык камдарды жайгаштыруу*

Жумушчу капиталынын активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылып, Улуттук банк менен Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү жана ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланылган. Инвестициялык портфелди тескөө, эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк эл аралык камдарды эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге: баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге ошондой эле бир күндүк репо-операцияларга жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде Австралиянын, Германиянын, АКШынын мамлекеттик баалуу кагаздары, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүк жана орто мөөнөттүк инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарга, чет өлкө борбордук жана коммерциялык банктарына жайгаштырылган.

Эл аралык камдар өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банкттарына, эл аралык финансылык институттарга жана дүйнөлүк алдыңкы рейтинг агенттиктери тарабынан белгиленген кредиттик жогорку рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктарына жайгаштырылган. Финансы рынокторуна анализдөөлөр жана банк - контрагенттердин иш көрсөткүчтөрүнө мониторинг туруктуу негизде жүргүзүлүп турган.

Дүйнөлүк финансылык кризис шартында, негизги өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктары колдо болгон инструменттер, анын ичинде негизги пайыздык чендерди төмөндөтүү аркылуу, акча-кредит саясатын либералдаштыруу багытын улантышкан. Айрым борбордук банктар экономикага түрткү берүү боюнча көрүлгөн чаралардын алкагында, чендерди минимумга чейин төмөндөтүшкөн.

Рыноктук пайыздык чендердин деңгээлинин бардык жерде төмөндөтүлүшү мунун натыйжасынан болуу менен ал өз кезегинде, Улуттук банктын валюта портфелинин кирешелүүлүгүнөн, ошондой эле эл аралык камдарды жайгаштыруу түзүмүнөн көрүнгөн.

***2.3.2-таблица***

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| Эл аралык финансы институттары | 44,5 | 46,3 |
| Борбордук банктар | 32,6 | 29,0 |
| Коммерциялык банктар | 22,7 | 24,1 |
| Улуттук банк | 0,2 | 0,6 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

Улуттук банктын ликвиддүүлүгү төмөн активдери «Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкы» ЖАКтагы депозиттерден жана Мамлекеттер аралык банктын уставдык капиталына катышуудан турат.

***2.3.2-график***

Ликвиддүүлүгү төмөн активдердин динамикасы

*(млн. АКШ долл.)*




Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамындагы ликвиддүүлүгү төмөн активдердин көлөмү бир жыл мурдагы деңгээлдегидей эле, 3,9 млн. АКШ долларын түзүү менен өзгөрүүсүз калган.

*Эл аралык камдарды пайдалануу*

2008-жылы эл аралык камдар эң башкысы, ички валюта рыногунда операцияларды жүзөгө ашыруу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызын тейлөө жана Өкмөттүн эл аралык уюмдарга жана интеграция институттарына мүчөлүк жана үлүштүк төлөмдөрүн төлөө үчүн пайдаланылган.

# ФИНАНСЫ КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Дүйнөлүк финансылык кризис (каатчылык) финансы кредит системасына кыйыр таасирин тийгизген, бул анын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымынын басаңдоосунан жана кредиттик тобокелдиктин жогорулашынан көрүнгөн. Улуттук банк Өкмөт жана коммерциялык банктар менен бирдикте банк тутумунун туруктуулугун жана анын тобокелдиктерге, кооптонууларга туруштук берүү мүмкүнчүлүгүн андан ары бекемдөөгө, банктык тобокелдиктерге баа берүүнү жана коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүүгө багытталган кризиске каршы тиешелүү иш-чараларды жүргүзгөн.

Бүтүндөй алганда, банк тутумунун жана банктык эмес финансы-кредит мекемемелер (БФКМ) системасынын өнүгүү тенденциясы алгылыктуу болуп, ал атаандаштыкты күчөтүүгө, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө, филиалдар тармагын жана сактык кассаларды көбөйтүүгө түрткү берген, бул өз кезегинде калайык-калктын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. 2008-жылы БФКМдердин, карыз алуучулардын жалпы саны, алардын активдеринин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйгөндүгү катталган.

Банктардын жана БФКМдердин ишин жөнгө салган, ошондой эле финансы системасын андан-ары өнүктүрүү үчүн мыйзамдык негиз болуп саналган, ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. Алсак, бул чаралар көзөмөлдүктүн таасирдүүлүгүн арттырууга, тобокелдиктерди тескөөнүн шайкеш системасын калыптандырууга багытталган. Отчеттук жылда "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзам кабыл алынып, депозиттерди коргоо системасын колдонууга киргизүү үчүн ченемдик-укуктук базалар иштеп чыккан. Ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоорду жүзөгө ашыруу жана банк секторунун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылууга, ошондой эле ислам банк ишин Кыргыз Республикасында андан ары жайылтууга багытталган банктык мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жагындагы ченемдик базаларды өркүндөтүү иши улантылган. Улуттук банк коммерциялык банктар менен биргеликте Банк секторун 2011-жылдын акырына чейин өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыккан. Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга орто мөөнөттүк стратегиянын талаптарын жүзөгө ашыруунун алкагында, кредиттик союздардын ишине тиешелүү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

## 3.1. Банк тутумунун иши боюнча баяндама

*Коммерциялык банктардын саны*

2008-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында 21 коммерциялык банк[1] (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) иштеп турган. Мына ушул мекемелердин иши боюнча баяндама, иштеп жаткан коммерциялык банктардын: 2007-жыл үчүн корректировкаланган, 2008-жыл үчүн алдын ала алынган жылдык регулятивдик отчетторунун негизинде даярдалган.

[1] 2008-жылдын жетинин айынын биринде «Кыргызэнөржайкурулуш банкы» ААКсы «АзияУниверсалБанк» ААКсына кошулган.

Улуттук банк дүйнөлүк финансылык кризистин финансы-кредит системасына тийгизген кыйыр түрдөгү таасирин басаңдатуу, анын кооптуу жагдайларга жана тобокелдиктерге туруктуулугун жана стабилдүүлүгүн арттыруу, Улуттук банктан лицензия алышкан финансы-кредит мекемелериндеги көйгөйлөрдү алдын алууну кошо алганда, көзөмөлдүк ыкмаларын жана тажрыйбасын өркүндөтүү максатын көздөгөн иштерди жүргүзгөн.

*Банк секторун өнүктүрүү стратегиясы*

Улуттук банк коммерциялык банктар менен бирдикте, Банк секторун 2011-жылдын акырына чейин өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыкан, ал 2008-жылдын бештин айынын отузунда Кыргыз Республикасынын Стратегиялык башкаруу боюнча координациялык борбору тарабынан жактырылган. Бул стратегия финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары арттырууга, банк секторунун Кыргыз Республикасынын экономикасындагы ролун жогорулатууга, банк ишинин натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого багытталган.

*Өсүш арымынын басаңдашы*

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктар системасынын өнүгүшүндө, 2007-жылдагыга салыштырганда, негизги көрсөткүчтөрдүн өсүш арымынын басаңдоо тенденциясы байкалган. Дүйнөлүк финансылык кризистин банк тутумуна кыйыр түрдө таасирин тийгизип жатышына байланыштуу, Улуттук банктын негизги күч-аракети банктык тобокелдиктерге баа берүүгө жана кризиске каршы тиешелүү иш-чараларды жүргүзүүгө, анын ичинде Өкмөт жана республиканын коммерциялык банктары менен биргеликте аларды жүзөгө ашырууга багытталган.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[1] 3,8 млрд. сомго же 42,5 пайызга өсүү менен 2008-жылдын акырына карата абал боюнча 12,8 млрд. сомду түзгөн. Мында төлөнгөн уставдык капитал[2] 34,6 пайызга көбөйгөн.

***3.1.1-график***

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталынын өсүш динамикасы




*Коммерциялык банктардын милдеттенмелери*

Коммерциялык банктардын суммардык милдеттенмелери[3] 2008-жылы 27,1 пайызга көбөйүү менен 42,1 млрд. сомду түзгөн. Мында суммардык милдеттенмелердеги чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, 67,2 пайызды (2007-жылдын акырына карата 61,8 пайызды) түзгөн.

[1] Банктын регулятивдик суммардык капиталында уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгым), отчеттук жылдын пайдасы (чыгымы) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар камтылат.

[2] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар кошулат.

[3] Суммардык милдеттенмелерге банк тарабынан тартылган бардык каражаттар кошулат.

***3.1.1-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелер категориясы | 2007-ж. | | 2008-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | *үлүш, пайыздар* | *млн. сом* | *үлүш, пайыздар* |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | 10 244,8 | 30,9 | 13 946,9 | 33,1 |
| Жеке адамдардын депозиттери | 6 235,2 | 18,8 | 6 882,0 | 16,3 |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 2 563,4 | 7,7 | 2 371,6 | 5,6 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 13,3 | 0,0 | 8,2 | 0,0 |
| Корреспонденттик эсептер | 225,9 | 0,7 | 39,8 | 0,1 |
| Башка банктардын депозиттери | 3 619,7 | 10,9 | 4 878,6 | 11,6 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 284,0 | 0,9 | 142,6 | 0,3 |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | 3 781,6 | 11,4 | 4 931,1 | 11,7 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 140,8 | 0,4 | 170,3 | 0,4 |
| Алынган кредиттер | 3 756,4 | 11,3 | 6 619,9 | 15,7 |
| Субординацияланган карыз | 324,9 | 1,0 | 127,5 | 0,3 |
| Башка милдеттенмелер | 1 946,6 | 5,9 | 1 985,3 | 4,7 |
| **Бардыгы болуп** | **33 136,6** | **100,0** | **42 103,8** | **100,0** |

*Депозиттик база*

Коммерциялык банктардын депозиттик базасы көбөйүп олтурган. 2008-жылдын акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[1] 21,8 пайызга көбөйүү менен 23,2 млрд. сомду түзгөн. Депозиттер түзүмүндө юридикалык жактардын үлүшү 3,0 пайыздык пунктка көбөйүү менен банк тутумунун депозиттик базасынан 70,3 пайызын түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттери, отчеттук мезгил ичинде 3,5 млрд. сомго же 27,4 пайызга көбөйгөн. Жеке адамдардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 646,7 млн. сомго же 10,4 пайызга арткан. 2008-жылы жеке адамдардын депозиттеринин түзүмүндө абсалюттук маанисинде сыяктуу эле, салыштырмалуу түрдө мөөнөттүү депозиттердин өсүшү катталган.

***3.1.2.-график***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата) *(млн. сом)*




[1] Бийлик органдарынын депозиттерин жана кредиттерин, финансы кредит-мекемелеринин депозиттерин эске алуусуз.

2008-жылы банктардын суммардык активдери 30,4 пайызга көбөйүү менен 54,9 млрд. сомду түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы активдер 34,0 пайызга, ал эми улуттук валютада 26,5 пайызга өскөн.

***3.1.2-таблица***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата) *(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Активдердин категориясы | 2007-ж. | | 2008-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | *үлүш, пайыздар* | *млн. сом* | *үлүш, пайыздар* |
| Акча каражаттар | 2 088,1 | 5,0 | 2 967,2 | 5,4 |
| Улуттук банктагы корр. эсеп | 4 014,0 | 9,5 | 3 835,0 | 7,0 |
| Корр. эсептер жана башка банктардагы депозиттер | 5 069,1 | 12,0 | 9 935,1 | 18,1 |
| Баалуу кагаздардын портфели | 4 899,0 | 11,6 | 5 727,4 | 10,4 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 149,1 | 0,4 | 684,2 | 1,2 |
| Репо келишими боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 334,2 | 0,8 | 257,7 | 0,5 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 1 515,3 | 3,6 | 1 770,3 | 3,2 |
| Кардарларга кредиттер | 20 797,6 | 49,4 | 25 573,6 | 46,6 |
| Атайын РППУ* | -444,2 | -1,1 | -759,2 | -1,4 |
| Негизги каражаттар | 2 250,1 | 5,3 | 3 427,6 | 6,2 |
| Башка активдер | 1 462,2 | 3,5 | 1 507,2 | 2,7 |
| **Бардыгы болуп** | **42 134,5** | **100,0** | **54 926,1** | **100,0** |

**Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарды түшүнүү зарыл.*

*Жогорку ликвиддүү активдер*

Коммерциялык банктар тарабынан акча каражаттарына жана кыска мөөнөттүү жайгаштырууларга, башка банктардагы жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган, ошондой эле депозиттер түрүндө жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттардын көлөмү чогуу алганда, отчеттук мезгил ичинде 53,9 пайызга жогорулоо менен 2008-жылдын акырына карата абал боюнча активдердин бул категориясы 17,4 млрд. сом чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде, кардарларга кредиттердин калдыктарынын көлөмүнүн өсүш арымы[1], 2007-жылдагыга салыштырганда төмөндөгөндүгү байкалган (тиешелүүлүгүнө жараша 84,1 караганда 23,0 пайыз).

***3.1.3-график***

Коммерциялык банктардын активдеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата) *(млн. сом)*




[1] Кардарларга кредиттер – кардарларга кредиттер жана финансылык ижара, чегерилген дисконту минуска чыгаруу менен (бул категорияга финансы-кредит мекемелерине берилген кредиттер кошулбайт).

*«Таза» кредиттер*

2008-жылы суммардык "таза" кредиттердин көлөмү[1] 21,6 пайызга көбөйүү менен жылдын акырында 26,6 млрд. сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги алардын үлүшү, 2007-жылдын акырындагыга салыштырганда, 3,5 пайыздык пунктка азайуу менен 48,4 пайызды түзгөн.

*Активдердин жана кредит портфелинин сапаты*

Банктардын регулятивдик отчетторундагы маалыматтар боюнча "классификацияланбаган[2] активдер классификациялануга тийиш болгон активдердин суммасынын 96,9 пайызын, "классификацияланган"[3] активдер – 3,1 пайызын түзгөн. Банк тутумунун кредит портфелинин сапаты 2008-жылы начарлаган – анын 5,3 пайызын классификацияланган кредиттер түзгөн, ал эми 2007-жылдын акырында бул 3,5 пайыз эле. Отчеттук жылы кредиттөөнүн өсүш арымынын, 2007-жылдагыга караганда басаңдоосуна, активдердеги кредит портфелинин үлүшүнүн төмөндөшүнө жана кредит портфелинин жалпы көлөмүндө классификацияланган кредиттердин көлөмүнүн жана үлүшүнүн көбөйүүсүнө байланыштуу, Улуттук банк кредиттик тобокелдиктерге баа берүү жана коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзгөн.

***3.1.3-таблица***

Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо
*(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категориялар | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| **Бардыгы болуп, классификацияланбагандар** | **97,5** | **96,9** |
| *анын ичинде:* | | |
| Нормалдуу | 41,2 | 47,2 |
| Канааттандыраарлык | 53,1 | 43,9 |
| Байкоого алынган | 3,2 | 5,8 |
| **Бардыгы болуп, классификациялангандар** | **2,5** | **3,1** |
| *анын ичинде:* | | |
| Субстандарттык | 0,9 | 1,5 |
| Шектүү | 0,5 | 0,5 |
| Жоготуулар | 1,0 | 1,1 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, млн. сом** | **36 455,2** | **49 800,7** |

***3.1.4-таблица***

Кардарларга кредиттерди классификациялоо
*(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категориялар | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| **Бардыгы болуп, классификацияланбагандар** | **96,5** | **94,7** |
| *анын ичинде:* | | |
| Нормалдуу | 4,4 | 3,8 |
| Канааттандыраарлык | 86,5 | 80,0 |
| Байкоого алынган | 5,6 | 10,9 |
| **Бардыгы болуп, классификациялангандар** | **3,5** | **5,3** |
| *анын ичинде:* | | |
| Субстандарттык | 1,3 | 2,4 |
| Шектүү | 0,8 | 1,0 |
| Жоготуулар | 1,5 | 1,9 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, млн. сом** | **20 797,6** | **25 573,6** |

[1] Кардарларга «таза» кредиттер – потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдарды, ошондой эле чегерилген дисконтту минуска чыгаруу менен кардарларга жана финансы-кредит мекемелерине кредиттерди жана финансылык ижараны түшүндүрөт.

[2] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына нормалдуу, канааттандыраарлык жана байкоого алынгандар категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

[3] Классификацияланган активдер (кредиттер) категориясына субстандарттык, шектүү жана жоготуулар категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

*Негизги каражаттар*

Коммерциялык банктардын материалдык базасы (негизги каражаттары) өсүү менен 2008-жылдын акырына карата 3,4 млрд. сомду түзгөн (өсүш 52,3 пайыз). Отчеттук жылда капиталдаштыруу деңгээлин жогорулатуу, тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүү иши улантылып, банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы түрлөрү өнүктүрүлгөн.

*Кирешелер жана чыгашалар*

2008-жылы коммерциялык банктардын пайыздык (тиешелүүлүгүнө жараша 45,5 жана 66,8 пайыз) сыяктуу эле, пайыздык эмес (тиешелүүлүгүнө жараша 3,8 эсе жана 3,3 эсе) кирешелери жана чыгашалары өскөн. Банктардын таза операциялык кирешелери 2008-жыл ичинде 2,1 млрд. сомду түзүү менен 2007-жылдагыга салыштырганда 20,4 пайызга көбөйгөн.

***<u>3.1.5-таблица</u>***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом)*

| Категориялар | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп, пайыздык кирешелер | 3 853,0 | 5 605,1 |
| Бардыгы болуп, пайыздык чыгашалар | 1 174,2 | 1 959,0 |
| Таза пайыздык кирешелер | 2 678,8 | 3 646,1 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 150,3 | 378,8 |
| РППУга чегерүүдөн кийин таза пайыздык киреше | 2 528,4 | 3 267,3 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес кирешелер | 2 968,4 | 11 280,6 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес чыгашалар | 3 783,8 | 12 485,5 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 713,0 | 2 062,3 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | -3,7 | 23,2 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1 716,7 | 2 039,1 |
| Пайда салыгы | 166,2 | 198,4 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 550,5 | 1 840,7 |

Бүтүндөй 2008-жыл ичинде банктардын кредиттик операциялардан потенциалдуу жоготууларынын жана чыгым тартууларынын ордун жабууга түзүлгөн камдарга чегерүүлөрү 378,8 млн. сомду түзгөн, бул 2007-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 2,5 эсеге көп.

Банк тутуму отчеттук жылды 1,8 млрд. сом өлчөмүндө таза пайда алуу менен жыйынтыктаган, ал эми 2007-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык натыйжа 1,6 млрд. сом өлчөмүндө катталган (18,7 пайызга көбөйүү).

*Банк тутумунун өнүгүү жыйынтыктары*

2008-жылы банк секторунун абалы туруктуу сакталып калган. Дүйнөлүк финансылык кризистин банк системасына таасири кыйыр мүнөзгө ээ болгон, бул 2007-жылдагыга салыштырганда, 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча анын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымынын басаңдашынан көрүнгөн. Ошондой болсо да, банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрү алгылыктуу өсүш динамикасын тастыктай алуу менен коммерциялык банктардын ишинде төмөнкүдөй өзгөрүүлөр байкалган:

– банк ишинин чөйрөсүн кеңейтүүнүн негизи жана алардын финансылык туруктуулугун бекемдөөгө, кредиторлор менен аманатчылардын ага карата ишенимин арттырууга өбөлгө түзгөн фактор катары, коммерциялык банктардын капиталдык базасынын чыңдалуусу (42,5 пайыздык өсүш);

– ишканалардан жана калктан тартылган аманаттар көлөмүнүн көбөйүүсү (21,8 пайыздык өсүш);

– коммерциялык банктар системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү (активдер 30,4 пайызга, милдеттенмелер 27,1 пайызга көбөйгөн);

– коммерциялык банктар системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымынын, 2007-жылдагыга салыштырганда басаңдашы;

– коммерциялык банктар системасынын финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү: активдердин, кардарларга кредиттердин жана депозиттердин (бийлик органдарынын депозиттерин жана кредиттерин эске алуу менен) номиналдык жылдык ИДПга карата катышы. Бул катыш отчеттук жылдын акырына карата, тиешелүүлүгүнө жараша 29,7 пайызды, 13,8 пайызды жана 15,2 пайызды (2007-жылдын акырына карата, тиешелүүлүгүнө жараша 30,1 пайыз, 14,9 пайыз жана 16,3 пайыз) түзгөн;

– кредит портфелинин жалпы көлөмүндө классификацияланган кредиттердин көлөмүнүн жана үлүшүнүн көбөйүүсү (2007-жылдын жыйынтыгы боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша 0,7 млрд. сом же 3,5 пайыздан 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша 1,3 млрд. сом же 5,3 пайызга чейин), башкача айтканда кредит портфелинин сапатынын начарлоосу жүргөн;

– банктардын чет өлкө валютасында тартууларынын жана жайгаштырууларынын өсүшү;

– 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча активдердин кирешелүүлүгү (ROA) 0,5 пайыздык пунктка азайуу менен 3,8 пайызды түзгөн, капиталдын кирешелүүлүгү (ROE) 5,7 пайыздык пунктка азайуу менен 20,7 пайызды түзгөн.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча баяндама

Отчеттук жылда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, негизги иши микрокредиттөө болуп саналган БФКМ системасын өнүктүрүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уланткан.

*Стратегияны жүзөгө ашыруу чегиндеги иш-чаралар*

Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга орто мөөнөттүк стратегиясын андан ары жүзөгө ашыруу максатында кредиттик союздардын укуктук базаларын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылган, анын чегинде кредиттик союздардын ишине тиешелүү «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзам аркылуу «Кредиттик союздар жөнүндө», «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамдарга жана Жарандык кодекске өзгөртүүлөр киргизилген. Мыйзам долбоору Улуттук банктын жана кредиттик союздар ассоциациясынын өкүлдөрү курамына кирген жумушчу тобу тарабынан даярдалган.

Жылдын бирдин айынын он экисинде жана теке айынын төртүндө Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга орто мөөнөттүк стратегиясынын жүзөгө ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу тобунун отуруму өткөрүлүп, анын жүрүшүндө стратегиянын иш-чаралар планынын аткарылышы каралган.

*Ченемдик укуктук базаларды өркүндөтүү*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүктүн жана жөнгө салуунун ченемдик базаларын өркүндөтүү боюнча ишти уланткан, анын натыйжасында:

– «Кыргыз Республикасындагы микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө» убактылуу жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, аларда жетекчиге жана башкы бухгалтерге карата минималдуу квалификациялык талаптарды белгилөө, ошондой эле берилген күбөлүктү кайтарып алуу үчүн негиздерге тиешелүү өзгөртүүлөр каралган;

– «Улуттук банк тарабанан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» жобого, МФУлардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдүккө алуу процессинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген;

– «Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө» жобого, кредиттик союздун катышуучуларынан аманаттарды (депозиттерди) тартуу укугуна талапкер болуп жаткан кредиттик союздар үчүн минималдуу талаптарга ылайык келген, маалымат системасынын болушуна тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган;

– көзөмөлдүк функциясын өркүндөтүү чегинде «Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобо иштелип чыккан;

– «Улуттук банктын лицензиясынын негизинде иштеген банктык эмес мекемелердин финансылык отчетторду түзүүсүнө жана маалыматтарды берүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, аларга ылайык депозиттерди тартуу укугуна ээ микрофинансылык компаниялардын жана кредиттик союздардын финансылык отчетторду берүүсүнө карата талаптар белгиленген.

«Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө» мыйзам талабына ылайык келтирүү максатында, «Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого, алмашуу бюролоруна карата маалыматтарды каттоо жана аларды ыйгарым укуктуу мамле-

кеттик органга берүү жагында талаптардын белгиленишине тиешелүү, өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

*БФКМдердин түзүмү*

2008-жылы БФКМдердин санынын өсүшү уланган, бул микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшүнө да өбөлгө түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча, Улуттук банктан лицензия алып, иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес мекемелер системасы өзүндө: адистештирилген финансы-кредит мекемесин – Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясын (Финансы компаниясы); 248 кредиттик союзду; 291 микрофинансылык уюмду (анын ичинде 2 микрофинансылык компания, 170 микрокредиттик компания жана 119 микрокредиттик агенттик); 196 ломбардды жана 353 алмашуу бюросун камтып турган.

Иликтөөгө алынып жаткан жылы БФКМдердин жалпы санынын, алардын активдеринин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйгөндүгү байкалган. Бул биринчи кезекте, БФКМдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө керектөөлөрдүн бардыгы, ошондой эле мыйзамдык базада алардын түзүлүшүнө жана ишине карата жетишээрлик либералдык талаптар каралгандыгы менен түшүндүрүлөт.

***3.2.1-таблица***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2004-ж. | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансы компаниясы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 104 | 136 | 168 | 233 | 291 |
| Кредиттик союздар | 305 | 320 | 305 | 272 | 248 |
| Ломбарддар | 116 | 140 | 148 | 181 | 196 |
| Алмашуу бюролору | 266 | 260 | 263 | 318 | 353 |

*Лицензиялоо*

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролорунун лицензияларынын аракеттенүү мөөнөттөрүнүн бүтүшүнө байланыштуу кайра каттоодон өткөрүүнү кошо алганда, БФКМдерге 404 лицензия жана 96 күбөлүк берилген. Ченемдик-укуктук актылардын талаптарын сактабагандыгы үчүн Улуттук банк тарабынан 31 лицензия жана 31 күбөлүк кайтарылып алынып, ишин токтоткондугуна жана аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу 347 лицензия жана 7 күбөлүк жокко чыгарылган.

*Активдер жана кредиттик портфелдер*

Берилген регулятивдик отчетторго ылайык, БФКМдердин отчеттук жылдагы чогуу алгандагы активдери 60,5[1] пайызга көбөйгөн жана 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 10,7 млрд. сомду түзгөн. Аз өлчөмдөрдө кредиттерди берүү БФКМдердин негизги иш багыты болуп саналат. Отчеттук жылы 2007-жылдагыга салыштырганда БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү 52,2 пайызга көбөйүү менен 7,4 млрд. сомду, ал эми карыз алуучуларынын саны 47,4 пайызга өсүү менен 255,7 миң адам санында катталган.

[1] БФКМ системасы боюнча маалыматтар Финансы компаниясынын кредит портфелин эске алуусуз келтирилген, анткени кредиттер кредиттик союздарга берилген, ал эми алар рекредиттөөнү жүзөгө ашырган.

***3.2.1-график***

БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы




Отчеттук мезгил ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрофинансылык уюмдардын үлүшү 83 пайыздан 87 пайызга чейин өскөн, ал эми кредиттик союздардын үлүшү 16 пайыздан 12 пайызга чейин төмөндөгөн.

*БФКМ түрлөрү боюнча кредит портфели*

***3.2.2-график***

БФКМдин түрлөрү боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*




Отчеттук жылы, андан мурдагы жылдагыдай эле БФКМдердин кредит портфелинин эң чоң көлөмү Ош областы жана Бишкек шаары боюнча жайгаштырылган.

***3.2.2-таблица***

БФКМдердин кредит портфелинин областтар боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| Бишкек шаары | 1 033,1 | 1 396,7 |
| Баткен областы | 281,2 | 670,6 |
| Жалал-Абат областы | 635,9 | 1 101,4 |
| Ысык-Көл областы | 593,5 | 849,9 |
| Нарын областы | 233,8 | 406,5 |
| Ош областы | 1 268,0 | 1 787,6 |
| Талас областы | 376,7 | 559,7 |
| Чүй областы | 428,1 | 612,0 |

*БФКМдин экономика секторлору боюнча кредит портфели*

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинин түзүмүндө 2007-жылдагыга салыштырганда, айыл чарбасынын үлүшү 32,5 пайыздан 36,8 пайызга чейин өскөн, транспортко жана байланышка кредиттердин үлүшүнүн 0,2 пайыздан 2,0 пайызга чейин өсүшү байкалган, ошол эле учурда соодага кредиттердин үлүшү 47,9пайыздан 43,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

***3.2.3-график***

Экономика секторлору боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата) *(пайыздар)*




*БФКМдердин пайдасы*

2008-жылы БФКМдин чогуу алгандагы таза пайдасы 52,1 пайызга көбөйүү менен 563,9 млн. сомду түзгөн, мында активдердин кирешелүүлүгү (ROA) көрсөткүчүнүн азайуусу шартында, капиталдын кирешелүүлүгү көрсөткүчүнүн (ROE) айрым бир өсүшкө ээ болгондугу байкалган.

***3.2.4-график***

БФКМдердин таза пайдасынын, ROA жана ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Отчеттук мезгил ичинде кредиттик союздарды кошпогондо, бардык БФКМдер тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөгөндүгү катталган.

***3.2.3-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер
*(пайыздар)*

| | 2004-ж. | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Микрофинансылык уюмдар | 28,0 | 33,5 | 33,5 | 32,9 | 32,4 |
| Финансы компаниясы | 17,1 | 16,9 | 15,1 | 14,3 | 13,5 |
| Кредиттик союздар | 28,7 | 26,8 | 25,9 | 25,8 | 28,0 |
| Ломбарддар | 162,1 | 153,6 | 149,5 | 167,9 | 132,3 |

*МФУ*

Отчеттук жылы кредиттик портфелдин эң эле олуттуу өсүш арымы МФУ системасында орун алган. Алсак, отчеттук жылы алардын чогуу алгандагы кредит портфели 59,4 пайызга көбөйүү менен 2008-жылдын акырына карата 6,5 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук күнгө карата МФУлардын карыз алуучуларынын саны 56,0 пайызга өсүү менен 222,3 миң адамды түзгөн. МФУлардын төлөө мөөнөтү боюнча кредит портфели, негизинен үч жылга чейинки, орто жана кыска мөөнөттүү кредиттерден турган.

МФУлардын кредит портфелине жүргүзүлгөн анализдөөлөр, кредиттөөгө алынган негизги тармактардан болуп, үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 45,2 пайызы туура келген (2007-жылдын акырына карата 50,8 пайыз) соода жүргүзүү жана айыл чарбасы 35,2 пайыз (2007-жылдын 31-декабрына карата 29,2 пайыз) калган. Эл аралык финансылык институттардан каражаттарды тартуулар, ошондой эле МФУлардын  капиталды көбөйтүүсү алардын кредит портфелинин өсүшүнүн негизги булагынан болгон.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 2008-жылы 14,9 пайызга көбөйүү менен жыл акырына карата 882,0 млн. сомду түзгөн. Кредиттик союздардын кредит портфелинин түзүмүндө, кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына – 50,6 пайыз жана соодага – 33,4 пайыз тура келген (2007-жылы тиешелүүлүгүнө жараша – 50,8 жана 33,5 пайыз). Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны отчеттук жылда 9,1 пайызга кыскарган жана 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 18,8 миң. адамды түзгөн. Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын санынын кыскаруусу, алардын өзүнүн санынын кыскаруусуна байланыштуу болгон, бул өз кезегинде биринчиден, мыйзамдарды жана Улуттук банктын ченемдик талаптарын бузууга жол беришкен бир катар кредиттик союздардын лицензияларынын кайтарылып алынышы, ошондой эле айрымдарынын өзүнөн өзү жоюулушу, экинчиден Азия өнүгүү банкынын Кыргызстанда кредиттик союздарды өнүктүрүү боюнча 1997-жылы башталган «Айылдык финансылык институттар» долбоорунун 2006-жылы бүтүшү менен шартталган. Ушул долбоордун аякташынан улам, кредиттик союздардын башка каржылоо булактарына муктаждыгы келип чыккан. Башка ФКМдерден тышкы карыз алуулардын, ошондой эле катышуучулардан тартылган депозиттердин көбөйүү тенденциясы байкалган. Алсак, 2008-жылы башка ФКМдердин алдындагы милдеттенмелер эки эсеге көбөйүү менен 120,6 млн. сомду түзгөн, ал эми катышуучулардан тартылган депозиттердин көлөмү 3,3 эсеге артуу менен 18,2 млн. сом өлчөмүндө катталган.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк төрт кредиттик союзга катышуучулардан депозиттерди тартуу укугуна кошумча лицензия берген. Депозиттик лицензияга ээ кредиттик союздардын жалпы саны, 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча он бирдикке жеткен.

*Ломбарддар*

Ломбарддардын кредит портфели отчеттук жылдын акырына карата 45,3 млн. сомду түзгөн, алардын негизги үлүшү керектөө кредиттерине туура келген.

*Алмашуу бюролорун текшерүүлөр*

Кароого алынып жаткан жылда Улуттук банк, жеке ишкерлерге жана юридикалык жактарга алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү, анын ичинде лицензиянын аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу кайра каттоодон өткөрүү ишинин чегинде, 362 алмашуу бюросуна текшерүүлөрдү жүргүзгөн. Мындан тышкары, өз алдынча сыяктуу эле, Өкмөткө караштуу Финансылык полиция кызматы, Салыктар жана жыйымдар боюнча мамлекеттик комитет жана прокуратура органдары менен бирдикте Бишкек шаарында, областтык борборлордо жана Ысык-Көл курорттук зонасында жайгашкан алмашуу бюролоруна, лицензиясыз иш алып баргандарды жана нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү эрежелерин бузгандарды аныктоо максатында, он төрт масштабдуу текшерүүлөр (рейддер) жүргүзүлгөн. Мына ушундай текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө административдик укук бузууларга тиешелүү 87 дело кароого алынып, 129,5 миң. сом жалпы суммасында административдик айыптар салынган, алардын ичинен 122,0 миң. сому төлөнүп, төлөнбөгөн айыптар боюнча иш Сот аткаруучулары кызматына жөнөтүлгөн.

## 3.3. Коммерциялык банктарга көзөмөл жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.3.1. Лицензиялоо

*Банктардын уставдык капиталы*

Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын банк тутумунда өсүш арымы, 2007-жылдагыга салыштырганда, бир аз төмөндөгөн болсо да, уставдык капиталдын өсүү тенденциясы сакталып калган. Коммерциялык банктардын 2008-жылдын акырына карата төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 7,8 млрд. сомду түзүү менен 2007-жылдагыга караганда, 25,7 пайызга көбөйгөн. Мында банктардын уставдык капиталынын көбөйүшү 61,3 пайызды түзгөн. Отчеттук жыл ичинде уставдык капиталдын көбөйүүсү, бир жыл мурдагы иш жыйынтыгынан алынган бөлүштүрүлбөгөн пайданын жана жаңы инвестициялардын агылып киришинин эсебинен жүргөн. 2008-жылдын акырына карата абал боюнча, банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 58,1 пайыз чегинде катталган. Банк тутумунун ишинин туруктуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн чыңдоо, коомчулуктун банк мекемелерине карата ишенимин банк тутумундагы активдердин өсүш арымын эске алуу менен чыңдоо максатында, «Жаңыдан түзүлүп жаткан банктар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү жөнүндө» токтом кабыл алынган, ага ылайык жаңыдан ачылып жаткан коммерциялык банктар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү (банк – резидент эместердин филиалдарынын капиталына карата талаптарды кошо алганда) кеминде 600 млн. сом өлчөмүндө белгиленген.

Кароого алынып жаткан жылы «Кыргызэнөржайкурулушбанк» ААКсын «АзияУниверсалБанк» ААКсына кошуу аркылуу, эки банкты өзгөртүп түзүү ишке ашырылган. Мындан тышкары, Улуттук банк тарабынан туунду компанияларды түзүүгө жана финансылык ишкердикти жүргүзүшкөн компаниялардын акцияларынын контролдук топтомунун банк тарабынан сатылып алынышына макулдук берилген.

*Банктык лицензияларды алмаштыруу*

Ошол эле жылы, аталыштарынын өзгөртүлүшүнө байланыштуу бир катар банктардын лицензиялары алмаштырылган. Акционерлеринин түзүмүнүн өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнө байланыштуу «ИНЭКСИМБАНК» ЖАК «БТА Банк» ЖАК деп аталып калган. Мындан тышкары, банк статусун алышына жана ага банктык операцияларды жүргүзүү укугуна толук лицензия берилишине байланыштуу «Эсептешүү-Сактык Компаниясы» ААКсынын аталышы «РСК Банк» ААКсына өзгөртүлгөн. Реабилитациялоо жол-жобосу аяктагандан кийин «АКБ «Инсан» ЖАКтын аталышы «Манас Банк» ЖАКка өзгөртүлгөн.

*Банкрот банктарды реабилитациялоо*

Отчеттук жыл ичинде банкроттук процессинде турган банктарды реабилитациялоо боюнча иштер жүргүзүлгөн: «Адил» АКБсынын атайы администраторунун банкка карата реабилитациялоо процедурасын колдонуу жөнүндө өтүнүч каты алдын ала жактырылган; Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун чечимине ылайык, «Акыл» ИАКБсынын банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясынын аракети, инвестор тарабынан аны реабилитациялоо планы аткарылганга чейин, токтотулуп туруу менен калыбына келтирилген.

*Банк лицензиясынан чектөөлөрдү алып салуу*

Айыл жеринин жашоочуларынын банктык кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрүн кыйла толук канааттандырууну камсыз кылуу максатында, «Айыл Банк» ААКсынын банктык лицензиясынан бир катар чектөөлөр алынып салынган. Чектөөлөрдүн алынып салынышынан улам, банктын алыскы региондордо сунуштап жаткан кызмат көрсөтүүлөрүнүн чөйрөсү кеңейип, акча которуу мүмкүнчүлүгү пайда болуп, төлөм системасын өнүктүрүү жана кредиттик, ошондой эле төлөм карттарын чыгаруу боюнча мамлекеттик программага анын катышуу мүмкүнчүлүгү түптөлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банктардын филиалдарынын жана сактык кассала-

*Филиалдар жана сактык кассалар*

рынын санынын өсүшү байкалган, бул региондордун калкынын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырган. Алсак, 2008-жылы коммерциялык банктар 81 сактык кассасын жана 18 филиалды ачкан, анын ичинде 8 филиал республиканын алыскы райондорунда ачылган.

***3.3.1.1-таблица***

Филиалдык түйүндөрдү жана сактык кассаларды өнүктүрүү динамикасы

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | |
|---|---|---|---|---|
| | 2007-ж. | 2008-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. |
| Бишкек шаары | 38 | 49 | 136 | 167 |
| Баткен областы | 13 | 13 | 20 | 28 |
| Жалал-Абат областы | 37 | 39 | 54 | 63 |
| Ысык-Көл областы | 32 | 36 | 19 | 22 |
| Нарын областы | 17 | 17 | 4 | 3 |
| Ош областы | 36 | 38 | 68 | 93 |
| Талас областы | 9 | 9 | 2 | 3 |
| Чүй областы | 33 | 32 | 34 | 39 |
| **Жыйынтыгы:** | **215** | **233** | **337** | **418** |

### 3.3.2. Тышкы көзөмөл

*Тышкы көзөмөл*

Улуттук банк коммерциялык банктардын ишине мониторинг жүргүзүү, берилген отчетторго жана инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгына анализдөөлөр аркылуу тышкы (аралыктан) көзөмөлдүктү жүзөгө ашырган, бул алардын ишинде мүмкүн болуучу проблемаларды алдын алууну камсыз кылып, банк тутумунун туруктуулугун колдоого өбөлгө түзгөн.

*Төлөөгө жөндөмдүүлүк*

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөл, банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерге баа берүүнүн негизинде жүргүзүлгөн. Негизги тобокелдиктерге төмөндө келтирилген баа берүүлөр, иштеп жаткан коммерциялык банктардын 2007-жыл үчүн корректировкаланган жылдык регулятивдик отчетторунун жана 2008-жыл үчүн алдын ала отчеттун негизинде жүргүзүлгөн.

Коммерциялык банктардын төлөөгө жөндөмдүүлүгү потенциалдуу чыгымдардын ордун жабуу үчүн суммардык капиталдын жетиштүүлүгү деңгээли менен мүнөздөлөт.

2008-жылы "таза" тобокелдиктүү активдер[1] 8,1 млрд. сомго өскөн, ал эми "таза" суммардык капитал[2] 3,0 млрд. сомго көбөйгөн. Банк тутумунун суммардык активдериндеги тобокелдиктүү активдердин салыштырмалуу салмагы, отчеттук жылдын акырына карата 66,7 пайызды түзгөн (2006-жылдын акырына карата – 67,8 пайыз).

***3.3.2.1-таблица***

Коммерциялык банктар системасынын суммардык капиталынын шайкештик көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| «Таза» суммардык капитал, *млн. сом* | 8 898,1 | 11 926,9 |
| «Таза» тобокелдиктүү активдери, *млн. сом* | 28 566,5 | 36 621,6 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 31,1 | 32,6 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кем эмес), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

[1] Коммерциялык банктардын алардын ишине мүнөздүү болгон кредиттик тобокелдик деңгээли боюнча салмактанган активдери жана балансттан тышкаркы милдеттенмелери.

[2] Банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана андан мурдагы жылдардагы иштин финансылык натыйжаларын, туунду уюмдарга инвестицияларды жана башка финансы-кредит мекемелеринин капиталын эске албаганда, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Ал Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

Уставдык капиталдын ошондой эле, коммерциялык банктарга кошумча капитал катары чегерилген каражаттардын көбөйүүсү, банк тутумунун капиталынын жалпы көлөмүнүн өсүшүнө алып келген. Мында «таза» тобокелдиктүү активдердин өсүшүнө салыштырганда, «таза» суммардык капиталдын озгон арымда өсүшү байкалган (тиешелүүлүгүнө жараша 34,0 пайыз жана 28,2 пайыз). Бул капиталдын шайкештигинин чогуу алгандагы коэффициентинин көбөйүүсүнө таасирин тийгизип, банктардын тышкы таасирлерге финансылык туруктуулугунун бир аз жогорулоосун тастыктаган. 2008-жылы банктардын камдарынын жана бөлүштүрүлбөгөн пайдаларынын көбөйүүсүнүн, ошондой эле жаңы инвестициялардын агымынын натыйжасында капиталдын өсүшү жүргөн.

*Капиталдын өсүшү*

*Кредиттик тобокелдикке* активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди[1] классификациялоонун негизинде баа берилет. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдардын кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган активдердин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинген кайтарылбай калуу тобокелдиги, 2007-жылдын акырындагыга салыштырганда, отчеттук жылдын акырына карата жогорулоо менен 2,9 пайызды түзгөн. 2008-жылдын акырына карата мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдердин суммасы 974,3 млн. сомду же кредиттик жоготуу тобокелдигин алып жүргөн бардык активдердин 2,0 пайызын түзгөн. Ал эми 2007-жылдын акырында бул көрсөткүч, 1,3 пайыз же 491,3 млн. сом суммасында белгиленген эле.

*Кредиттик тобокелдик*

*Валюта тобокелдиги* валюта курсунун өзгөрүүсүнүн шартында чет өлкө валютасындагы анын активдеринин жана милдеттенмелеринин наркынын өзгөрүүсүнөн улам, банк потенциалдуу чыгымга учурап калышы ыктымалдыгы көзкарашынан кароого алынат. Бул тобокелдикке чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнө жараша баа берилет. 2008-жылдын акырына карата банк тутумунун валюталык активдери 29,2 млрд. сомду же суммардык активдердин 53,1 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 28,3 млрд. сом суммасында же бардык милдеттенмелердин 67,2 пайызында катталган. Мында, отчеттук жылдын акырына карата банк тутумунун чогуу алгандагы ачык валюта позициясы 388,5 млн. сом же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 3,3 пайызын түзүү менен кыска болгон. 2007-жылдын акырында банк тутумунун чогуу алгандагы валюта позициясы узун болу менен ал 314,2 млн. сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 3,5 пайызын түзгөн.

*Валюта тобокелдиги*

***3.3.2.2-таблица***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер | 21 762,3 | 29 161,0 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер | 20 490,6 | 28 292,4 |

*Эскертүү:*
*Улуттук банктын 2008-жылдын акырына карата эсептик курсу боюнча-1 АКШ доллары үчүн 39,4181 сом.*
*Улуттук банктын 2007-жылдын акырына карата эсептик курсу боюнча-1 АКШ доллары үчүн 35,4988 сом.*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги* мөөнөттөрдүн ар бир интервалында, активдердин милдеттенмелер менен орду жабылышы көз карашынан кароого алынат, бул

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

[1] Маалыматтар "Банк тутумунун иши боюнча баяндама" деп аталган 3.1-бөлүктүн "Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо" деп аталган таблицада келтирилген.

активдердин жана милдеттенмелердин мөөнөттөр боюнча ылайык келбей калышы шартында, каражаттарга болгон керектөөгө баа берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2008-жылы жүргүзүлгөн анализдөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырымы, 90 күнгө чейинки мөөнөттөр боюнча байкалгандыгын көрсөткөн, ал эми 90 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн каражаттардын узак мөөнөттүү булагына ээ экендигин көрсөткөн.

***3.3.2.3-таблица***

Мөөнөттөр боюнча активдер жана милдеттенмелер

*(млн. сом)*

| 2007-ж.* | Мөөнөттөр күн менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | более 365 | **Бардыгы болуп** |
| Финансылык активдер | 16 408,5 | 1 319,5 | 2 547,4 | 5 249,1 | 16 349,5 | **41 874,0** |
| Финансылык милдеттенмелер | 17 728,8 | 3 078,8 | 2 239,0 | 5 122,0 | 4 939,9 | **33 108,5** |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -1 320,3 | -1 759,4 | 308,4 | 127,2 | 11 409,6 | **8 765,5** |
| Финансылык активдерге карата бардыгы болуп, *пайыздарда* | -3,2% | -4,2% | 0,7% | 0,3% | 27,2% | **20,9%** |

** - 2007-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо алгандагы маалыматтар*

| 2008-ж.** | Мөөнөттөр күн менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | более 365 | **Бардыгы болуп** |
| Финансылык активдер | 21 786,0 | 2 883,1 | 3 769,1 | 5 669,5 | 21 684,0 | **55 791,6** |
| Финансылык милдеттенмелер | 23 993,5 | 3 418,0 | 3 726,8 | 4 426,8 | 6 538,8 | **42 103,8** |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -2 207,5 | -534,9 | 42,3 | 1 242,7 | 15 145,2 | **13 687,8** |
| Финансылык активдерге карата бардыгы болуп, *пайыздарда* | -4,0% | -1,0% | 0,1% | 2,2% | 27,1% | **24,5%** |

*** - 2008-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо алгандагы маалыматтар*

Негизги тобокелдиктерге анализдөөлөр, алар алгылыктуу деңгээлде экендигин көрсөткөн. Бул жерде ошондой эле, коммерциялык банктардын башка өлкөлөрдөн жана тышкы финансы рынокторунан ресурстарды тартуусуна байланыштуу кредиттик тобокелдиктин байкалган жогорулоосунан улам, потенциалдуу кооптонуулар орун алгандыгын да белгилеп кетүү зарыл. Ошондуктан, дүйнөлүк финансылык кризистин андан ары күч алышы жана ошол өлкөлөрдүн экономикасында же тышкы финансы рынокторунда кризистик жагдайлардын тереңдеши учурунда, тартылган финансылык каражаттардын агылып чыгышы жана коммерциялык бантардын ликвиддүүлүгүнүн төмөндөшү тобокелдиги артат. Улуттук банк дүйнөлүк финансылык кризистин мүмкүн болуучу терс кесепеттерин азайтуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү максатында Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн банк секторунда, ошондой эле тышкы финансылык рыноктордо түптөлгөн жагдайларга туруктуу негизде көз салып туруу менен кризиске каршы тиешелүү иш-чараларды өз алдынча сыяктуу эле, коммерциялык банктар менен бирдикте жүргүзүп келүүдө.

### 3.3.3. Инспектрлөө

*Инспектирлөө*

Коммерциялык банктардын ишине, финансылык абалына жана банктык мыйзам талаптарынын алар тарабынан сакталышына баа берүү максатында көзөмөлдүктү жана жөнгө салууну жүзөгө ашыруунун алкагында, 2008-жылы бардык банктарда комплекстүү текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, отчеттук жыл ичинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүү маселелери боюнча мыйзам талабынын сакталышы, активдердин сапатына жана кассалык операцияларга баа берүү маселелерин кошо алганда, Улуттук банктын талаптарынын аткарылышы боюнча айрым коммерциялык банктарда максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган.

Отчеттук жылда жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы негизинен, банктар башкаруунун адекваттуу системасына ээ экендигин жана тобокелдиктерди тескөөнүн жетишээрлик деңгээлин тастыктай ала тургандыгын чагылдырган.

Жерине барып инспектордук текшерүүлөр Кыргыз Республикасынын банктык мыйзам талаптарына ылайык жүзөгө ашырылган, аларда коммерциялык банктарда жана финансы-кредит мекемелеринде орун алган тобокелдиктерге (кредиттик, операциялык, валюталык, ликвиддүүлүк жана рыноктук тобокелдиктер ж.б.) кылдат анализдөөлөрдү жүргүзүү болжолдогон. Жеринде инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүдө, банкты башкаруу процессине баа берүүгө, ошондой эле иштин жана операциялардын түрлөрү боюнча тобокелдиктердин олуттуулугуна өзгөчө көңүл бурулган.

Отчеттук жыл ичинде банктарга инспектордук текшерүүлөр терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча да улантылган.

### 3.3.4. Таасир этүүчү эскертүү чаралары

*Таасир этүүчү эскертүү чаралары*

Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарга жана финансы-кредит мекемелерине карата эскертүү чараларын жана санкцияларды колдонуу чечими, түздөн-түз Банктык көзөмөл башкармалыгында сыяктуу эле, Көзөмөл боюнча комитет тарабынан кабыл алынган. 2008-жылы коммерциялык банктардын дарегине 41 эскертүү жана 2 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Ал эми 9 коммерциялык банктын ишине тиешелүү маселе Көзөмөл боюнча комитеттин 17 отурумунда каралып, натыйжада 2 коммерциялык банкка акчалай айыптык төлөмдөр салынган.

### 3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүктүн ченемдик базаларын өркүндөтүү

*Ченемдик базаларды өркүндөтүүнүн негизги багыттары*

Отчеттук жыл ичинде банктык көзөмөлдүк системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга жана Кыргыз Республикасынын банк тутумун өнүктүрүүгө, банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин негизги принциптерин колдонууга киргизүүгө, ошондой эле ченемдерди (нормаларды) банктык мыйзамдардын талаптарына ылайык келтирүүгө багытталган банктык көзөмөл жана жөнгө салуунун ченемдик базаларын өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Ушуга байланыштуу банктык тобокелдиктерди тескөөгө алуунун адекваттуу системасын калыптандыруу, банк тутумунун ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу, банктарда корпоративдик башкарууну өнүктүрүү, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоо (адалдоо) операцияларына бөгөт коюу маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптарга тиешелүү жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Бул өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо, коммерциялык банктардын

кайсыл болбосун банктык эмес уюмдун капиталына, таза суммардык капиталдын 10 пайызы жана андан көбүрөөк өлчөмүндө инвестицияларды жумшоосу Улуттук банк тарабынан алдын-ала жактырылышы боюнча талаптар, ошондой эле «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамында белгиленген банктык жайларга инвестициялардын максималдуу өлчөмүн эсептөө тартиби белгиленген.

*Банк ишин лицензиялоо*

Банк ишин лицензиялоо жагындагы ченемдик базаларды өркүндөтүүнүн чегинде «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого, акциялардын олуттуу топтомун сатып алуу, кызмат адамдарын макулдашуу, өзүнчө структуралык бөлүмдөрдү түзүү маселелерин тактап алууну көздөгөн өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары, рынокко аралашуу маселелерин кароодо алар белгилеген рейтингдер эске алынган, эл аралык рейтингдик агенттиктердин чөйрөсү кеңейтилген.

*Корпоративдик башкаруу*

Банктарда корпоративдик башкаруунун сапатын жогорулатуу жана банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан иштелип чыккан корпоративдик башкаруу принциптерин колдонууга киргизүү таламында «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө» жобо бекитилген, анда төмөнкүлөрдү камтыган таасирдүү корпоративдик башкаруунун негизги компоненттери аныкталган:

– банктын башкаруу органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды, компетенцияларды, отчет берүү жана жоопкерчиликтерди бөлүштүрүү;
– кесиптик этика стандарттарын аныктоо;
– таламдардын каршы келип калуусуна жол бербөө;
– банкта башкаруунун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу.

*Таасир этүү чаралары*

Банктык мыйзамдарга ылайык келтирүү максатында «Тике банктык көзөмөл жөнүндө», «Банкты башкаруу боюнча убактылуу колдонмо жөнүндө» жоболордун жаңы редакциясы бекитилип, аларда таасир этүү чараларын колдонуу үчүн негиздер, ошондой эле Улуттук банктын ыйгарым укуктуу адамдарын дайындоо тартиби, алардын ыйгарым укуктары жана милдеттери, тике банктык көзөмөлдүктү жана убактылуу жетекчиликти жүзөгө ашыруу жана токтотуу тартиби чагылдырылган. «Банктарга жана айрым башка финансы-кредит мекемелерге карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону колдонуудагы мыйзамдарга ылайык келтирүү зарылчылыгынан улам, бул документке тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул өзгөртүүлөр жана толууктоолор, банктын кызмат адамдарына жана аффилирленген жактарына айыптык төлөмдөрдү белгилөө, банктан акчалай айыптык төлөмдөрдү өндүрүү, ошондой эле милдеттүү камдык талаптарды сактабагандыгы үчүн айыптык төлөмдөрдү белгилөө чечимдерин кабыл алууга тиешелүү сунуш кылынган.

*Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү*

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген ФАТФ 40+9, сунуш-көрсөтмөлөрүн аткарууга тиешелүү иш-чаралардын чегинде жана «Терроризмди каржылоого, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө» мыйзамга ылайык, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, «Депозиттер менен иш алып баруу боюнча убактылуу нускоого» жана «Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелердин изин жашырууга каршы аракеттерди көрүү максатында, өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Мына ушул ченемдик укуктук актыларда, эң эле олуттуу тобокелдикке дуушар болушу ыктымал болгон кардарлар категориясына киргендерге контролдукту күчөтүү, жаңы банктык продуктуларды колдонууга киргизүүгө байланыштуу келип

чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди аныктоо, корреспонденттик мамилелерди түптөө келишимдеринде терроризмди каржылоого жана мыйзамсыз иштелип табылган кирешелердин изин жашырууга каршы чараларды көрүү жагында тиешелүү милдеттерди жана ыйгарым укуктарды аныктоо боюнча талаптар каралган. Мындан тышкары, кардарлар жөнүндө маалыматтарды кошо алганда, нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларына тиешелүү маалыматтардын катталышы жана алардын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилиши боюнча ыйгарым укуктуу банктардын алмашуу пункттары үчүн жаңы талаптар белгиленген.

*Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет*

2008-жылы коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуунун эсептер планына түзөтүүлөрдүн киргизилишине байланыштуу, «Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасында Ислам каржылоо принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруу жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Жогоруда аталган «Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө» жобого сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор ошондой эле, бул отчетто өлкөлүк тобокелдигин чагылдыруу жана коммерциялык банктардан республиканын областтары боюнча алынган маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана анализдөөнү автоматташтырууну камсыз кылуу максатында киргизилген. Отчеттук мезгил ичинде, бул отчетко сунуш кылынган өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун бекитилишин эске алуу менен Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөгө да тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Азия өнүгүү банкынын (АӨБ) банк секторун жана капитал рыногун өнүктүрүү программасы боюнча экиинчи транштын шарттарына ылайык, АӨБнын техникалык консультантынын өлкөлүк тобокелдик боюнча камдын өлчөмүнө тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөрүн, ошондой эле Базель Комитетинин сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде өлкөлүк тобокелдигин тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

*Эффективдүү пайыздык чен*

Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сыйакы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда, коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттер жана депозиттер боюнча пайыздык чендерди так, жылдык негизде, эффективдүү салыштырууга боло тургандай эсептөө тартибин аныктоо максатында «Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сыйакы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө» жобо бекитилген.

*Банктардын тышкы аудити*

Эл аралык валюта фондусу менен Дүйнөлүк банктын биргелешкен миссиясынын, банктык көзөмөл боюнча негизги Базель принциптерин сактоону жакшыртуу жагындагы сунуш-көрсөтмөлөрүн аткарууга тиешелүү иш-чаралар планынын чегинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр бекитилген.

*Системалуу мааниге ээ банкты реабилитациялоо боюнча чаралар*

Өкмөт менен Улуттук банктын биргелешкен токтому менен Системалуу мааниге ээ банкты реабилитациялоо боюнча чараларды жүзөгө ашыруу чечимин кабыл алуу тартиби бекитилген. Бул документ «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамга ылайык, банктын системалуу мааниге ээ экендигин өз учурунда аныктоо жана аны реабилитациялоо боюнча чараларды ишке ашыруу чечимин кабыл алуу максатында иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасы, Ислам өнүгүү банкы жана «ЭкоБанк» ААКсынын

*Ислам каржылоо принциптери*

ортосунда Кыргыз Республикасында ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүгө тиешелүү өз ара түшүнүшүү жөнүндө Мемарандумдун чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин «Республикада ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүнүн алгачкы долбоору жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу», «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору даярдалган жана жактырылган ошондой эле, төмөнкүлөрдүн жактырылышына жетишилген:

– Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруу жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна толуктоолор;

– «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоорду жүзөгө ашыруу алкагында ишке ашырылган операциялардын жыйынтыгы боюнча «Экобанк» ААКсынын финансылык отчетторду түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобо;

– коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуу эсептер планына «Экобанк» ААКсы үчүн каралган өзгөртүүлөр жана толуктоолор.

*Депозиттерди коргоо системасы*

Отчеттук жылдын бугу айынын жетисинде Кыргыз Республикасынын Президенти «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга кол койгон. Бул мыйзамдын кабыл алынышы, банк тутумун реформалоодогу маанилүү жана олуттуу баскычтардын бири болуп саналат. Мыйзамдын колдонууга берилиши өлкөдө аманаттарды камсыздандыруу системасын түзүүнү болжолдойт, ал эми анын максаты жарандардын аманаттарын коргоо, банк тутумуна карата ишенимди бекемдөө жана анын туруктуулугун камсыз кылуу болуп саналат. Мына ушул мыйзам талабын аткаруу максатында, Улуттук банк төмөнкүдөй иштерди жүргүзгөн:

– Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин Директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө талапкерлерге жана башка кызмат адамдарына карата талаптар бекитилген;

– «Депозиттерди коргоо системасына катышууга банктын билдирме берүүсүнүн жана анын Улуттук банк тарабынан кароого алынышынын тартиби жөнүндө» жобо бекитилген;

– Депозиттерди коргоо Фондусунун баштапкы өлчөмүн жана коммерциялык банктардын Фондуга мүчөлүк төлөмдөрүнүн өлчөмүн аныктоо ыкмасы жактырылып, Депозиттерди коргоо боюнча Агенттикке жөнөтүлгөн;

– «Кыргыз Республикасында Депозиттерди коргоо боюнча Агенттик жөнүндө» жобо иштелип чыгып, министрликтерге жана ведомстволорго макулдашылып, Өкмөттүн токтому менен бекитилген;

– Кыргыз Республикасында Депозиттерди коргоо боюнча Агенттиктин Директорлор кеңешинин регламенти иштелип чыгуу менен анын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген.

– Депозиттерди коргоо фондусунун максаттуу өлчөмү аныкталган, ал 132,7 млн. сомду түзгөн. Өкмөт 2008-жылга республикалык бюджетте каралган 35,0 млн. сом суммасында алгачкы төлөмдү төлөгөн. Отчеттук жылдын төртүнчү чейрегинде коммерциялык банктар чейректик төлөмдөрүн чегерүүнү жүзөгө ашырышкан, ал эми 2008-жылдын акырына карата банктар тарабынан 1,9 млн. сом чегерилген;

– Банктын Депозиттерди коргоо системасына өтүүгө билдирмесин кароо жол-жобосу бекитилген;

– «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор даярдалган;

– «Депозиттерди коргоо фондусуна мүчөлүк төлөмдөрдү эсептөө тартиби жөнүндө» жобо иштелип чыгуу менен Өкмөттүн токтому менен бекитилген.

– Улуттук банк менен Депозиттерди коргоо боюнча Агенттиктин ортосунда өз ара аракеттенүү меморандуму даярдалган.

Мындан тышкары, отчеттук мезгилдин акырына карата Улуттук банк тарабынан «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору иштелип чыгып, анда гарантияланган аманаттар боюнча ордун толтуруп берүү суммасын 20 миң сомдон 100 миң сомго чейин олуттуу көбөйтүү каралган. Мына ушул мыйзам долбооруна ылайык, Өкмөт коммерциялык банктардын үлүшүн кошо алганда, Депозиттерди коргоо Фондусунун, максаттуу маанисинин суммасынын 100,0 пайызын түзгөн бир жолку төлөмдү төлөөгө тийиш. Мында, Фондуга салынган коммерциялык банктардын үлүшүнүн Өкмөт тарабынан орду жабылганга чейин банктардын төлөмдөрү, Депозиттерди коргоо боюнча Агенттик тарабынан Өкмөт салган сумманы төөлөнүн эсебине республикалык бюджетке чегерилип турат.

# ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2008-жылы Улуттук банк финансылык ортомчулукту өнүктүрүү чегинде, учур талабына жооп берген банк тутумун өнүктүрүү үчүн зарыл болгон базалык инфраструктураны уюштурууну камсыз кылуу максатын көздөгөн, интеграцияланган улуттук төлөм системасын түзүү, ошондой эле төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн натыйжалуугун арттыруу жагында ишин уланткан. Айрыкча, чекене бизнес кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө көңүл бурулуп, анын натыйжасында төлөм карттар сыяктуу, нак эмес эсептешүүлөрдүн келечекти көздөгөн инструменттерин колдонуу ишинин жигери артып, утурумдук төлөмдөрдү төлөө жагында кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган банктардын саны өскөн. Калайык-калктын коммерциялык банктардын банктык кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу ишинин алкагында, чекене төлөмдөр инфраструктарсын, анын ичинде банкоматтык-терминалдык түйүндү пайдалануу активдүү өнүккөн.

Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу Улуттук банктын ишинин маанилүү багытынан болуп саналат. Отчеттук жылы нак акчага болгон талап, керектөө рыногунун өнүгүүсүнүн, чакан жана орто бизнестин алга илгелишинин таасири астында калыптанган. Коммерциялык банктар акча каражаттарды финансы рыногунун керектөөлөрүнө ылайык бөлүштүргөн. Улуттук банк өз кезегинде, жүгүртүүдөгү акча түзүмүн жөнгө салып, экономиканын керектөөсүн улуттук валютанын тиешлүү номиналдагы банкноттору менен камсыз кылынышына контролдукту жүзөгө ашырган.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Банктар аралык төлөм системасы*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банк, бардык филиалдарын кошо алганда, коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгы жана Мамлекеттер аралык банк Кыргыз Республикасында банктар аралык төлөм системасынын катышуучуларынан болушкан. Банктар аралык төлөм системасы эсептешүүлөрдүн гросстук системасы, пакеттик клиринг системасы жана төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системалары аркылуу иш алып барган.

Кароого алынып жаткан жыл ичинде төлөм системасында оң тенденциялар байкалган. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу бардыгы болуп 436,8 млрд. сом жалпы суммасында 2 591 844 төлөм өткөрүлгөн. Төлөмдөрдүн көлөмү 2007-жылдагыга салыштырганда, 32,8 пайызга же 142,8 млрд. сомго көбөйгөн.

***4.1.1.1-график***

Банктар аралык төлөм системасы боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)



Гросстук төлөмдөрдүн саны 2007-жылдагыга салыштырганда 25,6 пайызга, ал эми клиринг төлөмдөрүнүн саны 44 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.2-график***

Банктар аралык төлөм системасы боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны (бир мезгилдин акырына карата)




*Банктык төлөм карттары*

2008-жылы нак эмес эсептешүүлөрдүн төлөм карттары сыяктуу инструменттерин активдүү пайдалануу тенденциясы уланган. Коммерциялык банктар локалдык, эл аралык системалар жана Элкарт улуттук системасынын төлөм карттарынын эмиссиясы жана аларды тейлөө жагында кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүү программаларын жигердүү өнүктүрүшкөн.

Отчеттук жылдын акырына карата банктык карттардын эмиссиясы, эквайринги жана кардарларды эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү республиканын 21 банкынын ичинен 19 банк сунуштаган. Алардын ичинен, эл аралык карттардын эмитенти жана эквайринги болуп 11 банк саналган, локалдык системалар боюнча карттарды тейлөөнү 3 банк, ал эми бирдиктүү улуттук система боюнча тейлөөнү 16 банк жүзөгө ашырган.

*Карттардын эмиссиясы*

2007-жылдагыга салыштырганда, эмитирленген карттардын жалпы саны 42 пайызга көбөйүү менен 101 383 төлөм картын түзгөн. Эмгек акы долбоорлорун ишке ашыруу чегинде, ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлерин буга тартуунун эсебинен, карт ээлеринин санынын өсүшү буга өбөлгө түзгөн. Натыйжада, 72 157 карт чыгарылган, анын ичинен 36 927 – Элкарт улуттук сиситемасынын карты болгон, бул 2007-жылдагыга караганда 4,4 эсеге көп.

***4.1.1.3-график***

Банктык төлөм карттардын санынын өсүшү (бир мезгилдин акырына карата)



*Карттарды пайдалануу менен операциялар*

Карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 6,8 млрд. сомду түзүү менен 2007-жылга салыштырганда, 38,3 пайызга көбөйгөн. Эл аралык системалар боюнча 4,4 млрд. сом эквивалентинде төлөмдөр өткөрүлгөн, бул 2007-жылы ишке ашырылган операциялардын көлөмүнөн 40 пайызга көп. Локалдык ситемалар боюнча операциялардын көлөмү 1,8 млрд. сомду түзгөн, бул 2007-жылдагыга караганда 17,4 пайызга көп. Улуттук Элкарт системасы боюнча 2008-жылы ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 642,8 млн. сом чегинде катталган.

Эмитирленген карттардын жана аларды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын санынын көбөйүүсү, банктык карттар рыногунда иш жигеринин артып жаткандыгынын далили.

Нак акчага айландыруу операциялары, карт ээлери айрыкча көп колдонгон операциялардан болгон. Төлөм карттарын пайдалануу менен нак акча алуу операцияларынын көлөмү 6,6 млрд. сомду, ошол эле учурда карттарды пайдалануу менен соода-сервистик түйүндөрдө ишке ашырылган бүтүмдөрдүн көлөмү 259,2 млн. сомду түзгөн.

2008-жылы бардыгы болуп карттарды пайдалануу менен 1 589 248 операция ишке ашырылган, бул 2007-жылга караганда 32 пайызга көп. Алардын ичинен эл аралык системалар боюнча 781 138 операция жүргүзүлгөн, бул отчеттук жылга чейинки жылдагыдан 43,3 пайызга көп. Локалдык система боюнча 566 796 операция жүргүзүлгөн, ал эми бул 2007-жылдагыга караганда, 5,4 пайызга аз. Улуттук Элкарт системасы боюнча отчеттук жыл ичинде 241 234 операция ишке ашырылган.

*Инфраструктура*

Коммерциялык банктар кардар базасына жаңыларды тартуу жана алардын санын көбөйтүү үчүн эл көп келген жерлерде терминалдык жабдуулар түйүнүн орнотууну арымдуу өнүктүргөн. Системалар боюнча алып караганда, колдонуудагы терминалдардын жана банкоматтардын жалпы санын төмөнкүчө чагылдырууга болот:

– «Алай-Кард» системасы боюнча - 126 терминал (анын ичинен 34 «Золотая корона» карттарын кабыл алууну жана тейлөөнү камсыз кылат) жана 11 банкомат;

– «Демир 24» системасы боюнча – 131 терминал жана 11 банкомат;

– «Элкарт» системасы боюнча – 281 терминал жана 82 банкомат;

– эл аралык система боюнча – 561 терминал, 17 импринтер жана 70 банкомат.

Ошентип, банктык төлөм карттар республиканын бүтүндөй аймагы боюнча эл көп келген жерлерде орнотулган 174 банкоматта, 17 импринтерде жана 1 099 терминалда тейлөөгө кабыл алынган.

***4.1.1.4-график***

Банкоматтардын жана терминалдардын санынын өсүшү
(бир мезгилдин акырына карата)



### 4.1.2. Төлөм системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу

2008-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураны түзүү боюнча 2003-2008-жылдарга иш-чаралардын мамлекеттик программасынын негизги багыттарын жүзөгө ашыруу боюнча ишти улантkан.

*Пакеттик клиринг системасы*

Алсак, ушул программанын алкагында жыл ичинде пакеттик клиринг системасын өнүктүрүү, ошол системанын жаңы төлөм инструменттерин жана эмгек акы долбоорун колдонууга киргизүү боюнча тиешелүү иш-чаралар аткарылган. Тике дебеттөө боюнча алгачкы долбоордун экинчи баскычын жүзөгө ашыруу иши улантылып, анын чегинде «Түндүкэлектро» ААКсында, «Бишкексууканал» ӨЭБ жана БШТСда тике дебеттөө төлөмдөрүн иштеп чыгууга программалык камсыздоолорду даярдоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу Пакеттик клиринг системасында (СПК) тике дебеттөө формасындагы төлөмдөрдү өткөрүү эрежелери иштелип чыккан.

*Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы*

Ошондой эле айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасын түзүү боюнча долбоорду жүзөгө ашыруу иши да улантылган, ал ири суммадагы төлөмдөрдү минималдуу тобокелдик менен которуу механизмдерин сунуштоону жана финансы рынокторунун ишине байланыштуу акча каражаттарын которуунун тез ыкмаларын камсыз кылуу үчүн каралган. Кабыл алуу тестинен ийгиликтүү өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча, 2008-жылдын кулжа айынын жыйырмасында система өндүрүштүк пайдаланууга кабыл алынган. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында төлөмдөрдү өткөрүү тартиби жана эрежелери жөнүндө Генералдык келишимге, ошондой эле Улуттук банк менен системанын катышуучуларынын ортосунда өз ара милдеттенмелердин аткарылышы боюнча келишимдерге кол коюлган. Система кабыл алынгандан кийин, аны менен бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунун өз ара аракеттенүүсү боюнча программалык камсыздоону тесттен өткөрүү ишке ашырылган.

*Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору*

Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборун түзүүнүн жана аны өнүктүрүүнүн чегинде 2008-жылы, системаны локалдык төлөм системаларына жана «VISA» эл аралык төлөм системасына интеграциялоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК транзакцияларга мониторинг жүргүзүү жана алардын иштелип чыгышына контролдук кылуу, катышуучулардын таза позицияларын эсептөө, таза позициялардын файлдарын СПКга берүү, коммерциялык банктар үчүн стандарттык отчетторду түзүү жана берүү милдетин аткарган.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу, Улуттук банктын негизги иш багытынан болуп саналат.

Отчеттук жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 11,8 пайызга өсүү менен 30,8 млрд. сомду түзгөн.

***4.2.1-график***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Жүгүртүүдөгү акча*

Жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү экономиканын нак акчага болгон туруктуу керектөөсүнө жана социалдык пакет боюнча мамлекеттик төлөөлөрдүн артышына байланыштуу.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2008-жылы 99,7 пайызды (2007-жыл иичнде – 97,7 пайыз) түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү 2008-жылы 240,8 млрд. сомду түзгөн, бул 2007-жылдагыга караганда 44,3 пайызга көп, банктардын кассаларынан нак акча берүүлөр 41,5 пайызга өсүү менен 241,6 млрд. сомду түзгөн.

***4.2.1-таблица***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

| | Келип түшүү, *млн. сом* | | Берүү, *млн. сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2007-ж. | 2008-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. |
| **Бардыгы болуп** | 166 794,3 | 240 759,4 | 170 715,6 | 241 567,2 | 97,7 | 99,7 |
| Бишкек шаары | 116 129,3 | 158 597,0 | 108 457,1 | 149 201,7 | 107,1 | 106,3 |
| Баткен обл. | 1 718,6 | 2 942,2 | 4 190,4 | 6 296,2 | 41,0 | 46,7 |
| Жалал-Абат обл. | 10 039,4 | 16 165,2 | 15 035,9 | 22 992,9 | 66,8 | 70,3 |
| Ысык-Көл обл. | 4 416,0 | 7 236,9 | 6 128,2 | 8 823,6 | 72,1 | 82,0 |
| Нарын обл. | 1 120,6 | 2 109,3 | 2 798,8 | 3 422,4 | 40,0 | 61,6 |
| Ош шаары | 21 463,9 | 36 428,3 | 19 008,6 | 29 758,4 | 54,5 | 122,4 |
| Ош обл. | 2 915,2 | 4 786,3 | 5 350,8 | 8 388,9 | 112,9 | 57,1 |
| Талас обл. | 1 326,8 | 2 180,7 | 3 035,5 | 3 518,0 | 43,7 | 62,0 |
| Чүй обл. | 7 664,5 | 10 313,5 | 6 710,3 | 9 165,1 | 114,2 | 112,5 |

2008-жылы Улуттук банктын кассасына 32,2 млрд. сом келип түшкөн, бул 2007-жылдагыга салыштырганда 48,2 пайызга көп. Ал эми Улуттук банктын кассаларынан 35,4 млрд. сом берилген, бул отчеттук жылдан мурдагы жылдагыга салыштырганда, 20,6 пайызга жогору.

*Улуттук банктын кассасына нак акчанын түшүүсү жана берилиши*

Жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмүнө анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде, банкноттордун зарыл болгон номиналдарынын оптималдуу запасын колдоого алуу боюнча туруктуу иштер жүргүзүлүп, жүгүртүүгө жаңы банкноттор чыгарылып, ал эми эскилиги жеткендери жүгүртүүдөн алынуу менен жок кылынган.

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү негизинен, туруктуу бойдон калган, 1 000 сом номиналындагы банкноттун салыштырмалуу салмагынын эң чоң өзгөрүүгө дуушар болгондугу катталган.

*Банкноттордун купюралык түзүмү*

***4.2.2-таблица***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2007-ж. | 0,8 | 0,5 | 1,0 | 2,3 | 4,6 | 8,2 | 24,8 | 57,8 | 100,0 |
| 2008-ж. | 0,7 | 0,4 | 0,9 | 1,9 | 3,9 | 8,0 | 19,1 | 65,1 | 100,0 |

***4.2.2-график***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун номиналынын түзүмү
(бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылы «Кыргызстан Улуу жибек жолунда» сериясындагы «Бурана» коллекциялык күмүш монетасы жана «ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн борборлору» сериясындагы «Бишкек» монетасы, ошондой эле жез-никельден жасалган «Бурана», «Ташрабат», «Өзгөн архитектуралык комплекси» монеталары, үчүнчү чыгарылыштагы 20, 50, 100, 500, 1 000 сом номиналындагы банкноттордун акырына чейин кыркылбаган барактар түрүндөгү топтому, ал эми жылдын үчтүн айынын биринен тартып, 10, 50 тыйын, 1, 3, 5 сом номиналындагы жүгүртүү монеталары жана 1 тыйын номиналындагы коллекциялык монета чыгарылган.

*Нумизматикалык жана жүгүртүү монеталарынын жүгүрүүгө чыгарылышы*

Отчеттук жылда 113 (2007-жылы – 144 даана) жасалма банкнот аныкталып,

суммардык катышта алар 49 480 сомду түзгөн (жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 0,0002 пайызы).

Улуттук банк Кыргыз банктар союзунун Окуу борборунун базасында финансы-кредит мекемелеринин кассирлери үчүн банкноттун аныктыгынын белгилерин айырмалап билүүгө окутууга арналган жыйырма үч семинар өткөргөн.

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

2008-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык иши, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктары, эл аралык уюмдар менен кызматташууну андан ары бекемдөө зарылчылыгы менен шартталган. Улуттук банктын борбордук банктар менен кызматташуусу эки тараптуу негизде сыяктуу эле, көп тараптуу негизде түптөлгөн интеграциялык союздардын чегинде жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык финансылык жана финансылык эмес институттар менен өзара мамилелерди өнүктүрүү боюнча иштерди уланткан.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

*ЭВФ менен кызматташуу*

Отчеттук жылда Улуттук банк Эл аралык валюта фондусу, Ислам өнүгүү банкы ж.б. эл аралык уюмдар менен техникалык колдоо, консультациялык жардамдар, маалымат алмашуу, ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү иш-чараларынын чегинде, өз ара иш алып барууну уланткан.

Улуттук банктын ишинин актуалдуу маселелери боюнча консультацияларды берүү жана техникалык жардамдарды тартуу 2008-жылы ЭВФ менен түптөлгөн өз ара мамилелердин негизги багытынан болгон. Атап айтканда, ЭВФтин ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча техникалык жардамынын чегинде, отчеттук жылдын бирдин айында, ЭВФтин миссиясы иш боюнча кыдыруу менен келген, анын жүрүшүндө мыйзамдык, жөнгө салуу, көзөмөлдүк маселелери, бухгалтердик эсеп маселелери, Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоорду жүзөгө ашыруунун чегинде Шариат стандарттарына ылайык келтирүү маселелери кароого алынган.

ЭВФтин төлөм системасын реформалоо боюнча техникалык миссиянын кыдыруусунун жүрүшүндө анын чекене төлөмдөр боюнча эксперттери «Банк жана төлөм системаларын модернизациялоо» долбоору боюнча иштин учурдагы абалына иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде, нак эмес эсептешүүлөрдү арттыруу проблемаларын чечүү жагында консультацияларды берген.

Отчеттук жылдын жалган куран айында Улуттук банк ЭВФ менен кызматташуунун жана Кызматташуу боюнча Швейцария бюросунун финансылык колдоосу астында, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү (ПФТ/ОД) боюнча долбоордун, көзөмөлдүк компонентин ишке ашырууну аяктаган. Долбоордун алгачкы баскычын жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө Кыргызстанда ПФТ/ОД колдонууга киргизүү боюнча Евразия тобунун сунуш-көрсөтмөлөрүн аткаруу максатында, банктык жана банктык эмес көзөмөлдүк ыкмаларын өркүндөтүү жана төлөм системасынын ишинде тобокелдиктерди аныктоо проблемасы кароого алынып, терроризмди каржылоого жана арам акчанын изин жашырууга бөгөт коюу максатында, жаңы технологияларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө анализдөөлөрдү жүргүзүү зарылчылыгына тиешелүү, сунуш-көрсөтмөлөр берилген. Мына ушул маселелерди иликтеп көрүүнүн натыйжасында, ПФТ/ОД маселелерин жөнгө салган Улуттук банктын ченемдик документтерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары, көзөмөл блогунун кызматкерлери үчүн семинар-

лар, жогоруда аталган маселе боюнча эксперттер менен жолугушуулар өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасында 2008-жылдын бугу айында PRGF (жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү максаттарын каржылоо механизми) кезектеги үч жылдык программасы ийгиликтүү жүзөгө ашырылгандан кийин, Улуттук банк менен Өкмөт мына ушул эларалык уюм менен кызматташуунун андан аркы жолдорун аныктоо боюнча ESFтин миссиялары менен бир катар жолугушууларды өткөргөн. Натыйжада ESF (тышкы таасирлерди четтетүү үчүн каржылоо механизми) механизминин чегинде, экономикалык кызматташуу программасы бекитилген. Отчеттук жылдын бештин айынын онунда ЭВФтин Аткаруу кеңеши тарабынан ESFтин Кыргыз Республикасы үчүн программасы жактырылган. Ушул программанын чегинде республикага жеңилдик каралган шарттарда 66,6 млн. АКУ (100 млн. АКШ долларына жакын) бөлүнөт, анын 16,7 миллиону 2008-жылдын бештин айынын жыйырма үчүндө эле алынган.

2008-жылдын бугу айында ЭВФтин Борборду Азияда жана Азербайжанда мамлекеттик карызды тескөө боюнча техникалык жардам регионалдык долбоорунун алкагында, Улуттук банктын өкүлдөрү «Борбордук Азияда жана Азербайжанда мамлекеттик карызды тескөө жагында окутуу жана көмөк берүү колдонмосу» темасындагы семинарга катышкан.

*Дүйнөлүк банк менен кызматташуу*

Отчеттук жылдын кулжа айынын жыйырма үчүндө Дүйнөлүк банкта жана Эл аралык валюта фондусунда өлкөлөрдүн Швейцария тобунун атынан иш алып барган Аткаруучу директорлору Кыргызстанга келип кетишкен. Кыдыруунун жүрүшүндө алар өлкөнүн жана Улуттук банктын жетекчилиги менен жолугушуп, Кыргызстанда учурда түптөлгөн макроэкономикалык жагдай, республиканын Дүйнөлүк банк жана ЭВФ менен андан ары кызматташуу маселелери талкууга алынган.

Кароого алынып жаткан жылдын жалган куран айынын отуз биринде Улуттук банктын жетекчилиги Эл аралык финансылык корпорациянын делегациясы менен жолугушкан. Күн тартибине корпорациянын республиканын финансы жана банк секторлорундагы стратегиясына тиешелүү маселелер, Салык кодексине түзөтүүлөр, атап айтканда, лизинг операцияларында КНСти төлөөдөн бошотуу, ошондой эле «Айыл Банк» ААКсын менчиктештирүү маселелери коюлган.

*АӨБ менен кызматташуу*

2008-жылы «Банк секторун жана капитал рыногун өнүктүрүү программасы» долбоорун жүзөгө ашыруу алкагында, Азия өнүгүү банкы менен кызматташуу аяктаган. Кыргыз Республикасына отчеттук мезгилдин акырында кезектеги иш-сапары менен келген АӨБнын миссиясынын отчетуна ылайык, Улуттук банк жогоруда аталган программа боюнча, реформалар матрицасында каралган экинчи транштын бардык шарттарын аткарууга жетишкен.

*ИӨБ менен кызматташуу*

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын Ислам өнүгүү банкы менен кызматташуусу андан ары улантылган. 2008-жылдын бугу айында Улуттук банктын жетекчилигинин Ислам өнүгүү банкынын миссиясынын өкүлдөрү менен жолугушуусу болуп, анда Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ж.б. финансы-кредит мекемелеринин аталган банктын микрокаржылоо, чакан жана орто бизнести каржылоо долбоорлоруна катышуу мүмкүнчүлүгү маселелери талкууга алынган.

Ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча техникалык жардамдардын чегинде, Улуттук банктын кызматкерлери Ислам өнүгүү банкы тарабынан отчеттук жыл ичинде уюштурулган семинарларга, атап айтканда, биринчи эл аралык «Ислам каржылоосу-банкинг жана камсыздандыруу» темасына арналган, Казань шаарында 2008-жылдын кулжа айында өткөрүлгөн семинарга, ошондой эле жылдын жетинин айында Куала-Лумпур шаарын-

да өткөрүлгөн «Ислам каржылоосунун негиздери» темасындагы семинарга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

*«Инфляция көйгөйлөрү жана туруктуу экономикалык өсүш» темасына арналган конференция*

Отчеттук жылдын бирдин айынын жыйырма жетисинде Улуттук банк менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы тарабынан уюштурулган «Инфляция көйгөйлөрү жана туруктуу экономикалык өсүш» илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн. Конференцияда өткөөл экономика үчүн мүнөздүү болгон эң эле актуалдуу маселелер активдүү талкууга алынган. Инфляция проблемаларын жана экономикалык өсүшкө өбөлгө түзүү маселелерин талкууга алуу, финансылык туруктуулукту сактоо боюнча тиешелүү сунуштарды иштеп чыгуу, мына ушул иш-чаранын негизги максатынан болгон. Конференциянын ишине донор шериктештигинин, борбордук банктардын, республиканын мекеме-уюмдарынын жана ведомстволорунун өкүлдөрү, ошондой эле көзкарандысыз эксперттер, илимий чөйрөнүн жана жогорку окуу жайларынын өкүлдөрү катышкан.

Жылдын кулжа айынын жыйырма алтысында Улуттук банкта Дүйнөлүк банк, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бирдикте уюштурган: «Кыска мөөнөттүү тобокелдиктерди тескөө жана узак мөөнөткө каралган экономикалык өсүшкө түрткү берүү» темасында өткөрүлгөн конференциянын чегинде, «Макроэкономикалык саясат/инфляциялык таасирлерди жеңилдетүү» темасында отурум өткөрүлгөн. Анын жүрүшүндө азык-түлүккө дүйнөлүк баанын өсүшү маселесине арналган доклад угулган. Конференцияга эл аралык финансы институттарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик уюмдарынын жана ведомстволорунун өкүлдөрү катышкан.

*Микрокаржылоо боюнча мыйзамдар жана аны жөнгө салуу маселелери боюнча форум*

Улуттук банктын өкүлдөрү отчеттук жылдын тогуздун айында Краков шаарында (Польша) микрокаржылоонун мыйзамдык негиздери жана аларды жөнгө салуу маселелерине арналган саясий 4 форумга катышуу менен Кыргызстанда банктык эмес финансы-кредит мекемелерин өнүктүрүүнүн учурдагы абалы жана орун алган проблемалары темасында докладды кароого сунушташкан. Бул форум, Чыгыш Европа жана КМШ өлкөлөрү үчүн CGAP (жакырларга жардам берүүнүн консультативдик тобу – эл аралык донорлордун консорциуму) колдоосу астында Микрофинансылык борбор тарабынан уюштурулган. Эки жылда бир жолу өткөрүлүп турган бул саясий иш-чара, Чыгыш Европа жана КМШ өлкөлөрүндө микрокаржылоо жагындагы топтолгон иш тажрыйбаларды ортого салып, талкулоо жана ушул багытта дүйнөдө түптөлгөн тенденцияларды эске алуу менен келечек пландарды иштеп чыгуунун өзүнчө платформасы болуп саналат. Форумда микрофинансылык институттардын ишин укуктук жөнгө салуу, дүйнөлүк финансылык кризистин таасири, төлөм терминалдарын колдонуу келечектери, микрокаржылоо кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдү коргоо сыяктуу маселелер талкууга алынган.

*ЕврАзЭС чегинде кызматташуу*

Отчеттук жылда Улуттук банк ЕврАзЭС чегинде кызматташууну улантуу менен ага катышкан мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин ишине жигердүү катышкан. Кабыл алынган чечимдерди аткаруу үчүн ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук банктары менен монетардык саясат, банк секторун жана банктык көзөмөлдүктү өнүктүрүү келечектери, улуттук төлөм системаларынын өз ара аракеттенүүсү, акча белгилерин даярдатуу, нумизматика рыногун өнүктүрүү, эстелик жана коллекциялык монеталарды чыгаруу, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү, персоналдын квалификациясын жогорулатуу жана башка маселелер боюнча иштер активдүү жүргүзүлгөн. Персоналды окутуу жагында борбордук банктар менен кызматташтык андан ары өнүктүрүлгөн. ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналды кесиптик жактан окутуунун 2009-жылга каралган программасы бекитилген.

Отчеттук жылдын бештин айында Улуттук банктын жетекчилиги ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин финансы-экономикалык саясат боюнча кеңешинин жана ушул мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин биргелешкен отурумунун ишине катышкан. Дүйнөлүк финансылык кризистин кесепеттерин четтетүү проблемасы отурумдун күн тартибине коюлган негизги маселеден болгон. Мындан тышкары дүйнөлүк кризистин кесепеттерин четтетүү боюнча биргелешкен иш-чаралар планын иштеп чыгуу боюнча жумушчу тобу түзүлүп анын курамына Улуттук банктын өкүлдөрү да кирген.

*МАБ чегинде кызматташуу*

Отчеттук жылдын чын куран жана бештин айларында Москва шаарында Мамлекеттер аралык банктын кезектеги 36- жана 37- отуруму өткөн. Анын жүрүшүндө банктын 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык отчетуна «PricewaterhouseCoopers» аудитордук компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн аудит, банктын отчеттук мезгилдин 9 айы ичиндеги иш жыйынтыгына тиешелүү маселелер кароого алынган. Мындан тышкары, отурумдарда мамлекеттер аралык банктын кредиттик ишинин уюштурулушуна жана анын абалына, 2008-жылдын кулжа айында, курамына Улуттук банктын да өкүлдөрү кирген, жумушчу тобу тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы талкууланган.

*МВК чегинде кызматташуу*

Улуттук банктын адистери жылдын бештин айынын төртүндө Мамлекеттер аралык валюта комитетинин Москва шаарында өткөн 14 отурумунун ишине катышкан. КМШга кирген мамлекеттердин борбордук банктарынын ортосунда маалыматтык-аналитикалык кызматташуу жөнүндө келишимдин долбоорун талкуулоо маселеси, анын күн тартибине сунушталган негизги маселеден болгон. КМШ өлкөлөрүнүн өкмөт башчыларынын кеңешинин, 2004-жылдын аяк оона айынын он бешинде бекитилген, шериктештикке кирген мамлекеттердин валюта чөйрөсүндө кызматташуу жана бул иш багытын координациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар программасынын алкагында, көп тараптуу клирингдин, валюта рынокторундагы операциялардын негизинде, борбордук (улуттук) банктар ортосунда эсептешүүлөрдү жүргүзүү, банк тарабынан Төлөм союзунун таламында башка милдеттер менен катар эле, маалымат берүү жагында анын адистештирилген институту функциясын Мамлекеттер аралык банкка чегерүү маселеси иштелип чыккан. КМШга кирген мамлекеттердин улуттук валюталар базасында төлөм-эсептешүү системаларын түзүү мүмкүнчүлүгүн кароо иштери аткарылган.

## 5.2. Улуттук банктын борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуусу

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2008-жылы бир катар мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктары менен техникалык жана консультациялык жардамдарды көрсөтүү программалрынын чегинде, ошондой эле тажрыйба алмашуу жана персоналдын кесипкөйлүк квалификациясын жогорулатуу маселелери жагында кызматташууну уланткан.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

Жыл ичинде Швейцария Улуттук банкына төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк, адам ресурсун башкаруу жана бухгалтердик эсеп маселелери боюнча атайы окууларга арналган иш сапары уюштурулган. Мындан тышкары, 2008-жылдын баш оона айында Швейцария Улуттук банкынын өкүлдөрү Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрү үчүн Бишкек шаарында семинар уюштуруп, банк кызматкерлерине акча-кредит саясаты маселелери боюнча консультацияларды беришкен. Аяк оона айында Швейцария банкынын адиси иш боюнча кыдыруу менен келип, ага банктар аралык рыноктун соода аянттарын модернизациялоо маселелери жагында эксперттик жардам көрсөтүлгөн.

*Дойче Бундесбанкы менен кызматташуу*

Нак акча жүгүртүлүшү жана банк кызматкерлерин бул иш багыты боюнча кесиптик даярдыктан өткөрүүгө тиешелүү консультациялык жардамдарды көрсөтүү багытында Дойче Бундесбанкы менен кызматташуу улантылган. Алсак, отчеттук жылдын тогуздун айында Улуттук банктын кызматкерлери үчүн «Акча-кредиттик жана финансылык туруктуулук» темасында семинар уюштурулган. Ал эми аяк оона айында Дойче Бундесбанкынын адистери бюджет түзүү жана пландаштыруу, ошондой эле акча-кредиттик операциялар маселелеринде консультациялык жардамдарды көрсөтүшкөн.

*Польша Улуттук банкы менен кызматташуу*

Польшанын Улуттук банкы менен техникалык кызматташуу чегинде, 2008-жылдын акырында Улуттук банктын кызматкерлери үчүн Польша Улуттук банкында стажировкалар уюштурулган, анын жүрүшүндө адам ресурсун башкаруу, бухгалтердик эсеп маселелери жагында тажрыйба алмашуу, ошондой эле андагы бюджет түзүү процессинин уюштурулушу менен кылдат таанышып чыгуу мүмкүнчүлүгүнө жетишилген.

*Европа борбордук банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери Европа банкы тарабынан Франкфурт-на-Майне шаарында, 2008-жылдын аяк оона айында борбордук банктар үчүн уюштурулган, төлөм жана эсептешүү системаларына арналган семинарга катышкан. Семинарда төлөм системасында орун алган тобокелдиктерге тиешелүү бир катар маселелер, төлөм жана эсептешүү системаларынын ишине көзөмөлдүктү жүргүзүүдөгү борбордук банктардын ролу, төлөм карттарын пайдалануу менен төлөмдөрдү өткөрүү схемаларына тиешелүү бир катар маселелер талкууланган. Башка борбордук банктар менен биргелешип иш алып баруунун жүрүшүндө, Европа жана Америка өлкөлөрүнүн төлөм системалары, ошондой эле финансы рынокторунда келишилген бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөр системаларынын ортосунда өз ара аракеттенүүнүн таасирдүү системасын түптөө жагындагы иш тажрыйбалары анализдөөгө алынып, Европа союзуна катышуучу өлкөлөрдүн борбордук банктарынын TARGET-2 (Европа борбордук банкында айкын убакыт ыргагында баалуу кагаздар менен эсептешүүлөр үчүн евро системанын жаңы кызмат көрсөтүүсү) системасына өтүү пландары иликтенип, төлөм системасынын ишине көзөмөлдүктү камсыз кылуу методологиясын өркүндөтүү, чегара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү жөнгө салуу жагында ченемдик актыларды иштеп чыгуу маселелери жана башка маселелер кароого алынган.

*Негара банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылы Малайзия Элдик банкы менен мамилелер ийгиликтүү өнүккөн, жылдын теке айында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Малайзиянын Негара Улуттук банкынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө

меморандумга кол коюлушу, анын натыйжасынан болгон. Мына ушул меморандумдун чегинде банктык көзөмөл боюнча консультациялык жардамдарды көрсөтүү, ошондой эле Улуттук банктын кызматкерлери үчүн окутууларды уюштуруу жагында тажрыйба алмашуу, караштырылган.

*Кытай банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылдын чын куран айында Кытай Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын өкүлдөрү таанышуу маанайындагы иш сапары менен келип, Кыргыз Республикасынын банк жана финансы секторунун учурдагы абалы жана макроэкономикалык жагдай менен таанышып кеткен. Ошондой эле, Кытай Мамлекеттик өнүгүү банкы менен Улуттук банктын ортосунда кызматташуу маселелери талкууланган.

Ал эми Кытай Эл банкынын делегациясы (банктын Үрүмчү шаарындагы филиалынын өкүлдөрү) Улуттук банкка отчеттук жылдын бугу айында болуп кеткен. Анда Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатына жана инвестициялык мыйзамдарына тиешелүү маселелер, республиканын коммерциялык банктарында корреспонденттик эсептерди ачуу мүмкүнчүлүгү, валюталык жөнгө салуу, жеке адамдар жана юридикалык жактар ортосунда операцияларды жүргүзүүдө, ошондой эле Улуттук банк менен Кытай Эл банкынын Үрүмчү шаарындагы филиалынын ортосунда иштиктүү байланыштарды белгилөөдө кытай юанин (жэньманьби) жана кыргыз сомун колдонуу келечектери сыяктуу маселелер чөйрөсү кароого алынган.

*Борбордук банктардын Башкаруучулар Клубунун отурумуна катышуу*

Улуттук банктын өкүлдөрү Албания банкы, Босния жана Герцеговина борбордук банктары уюштурган, борбордук банктардын Башкаруучулар Клубунун отурумуна катышкан, алар 2007-жылы клубдун Катчылыгынын функциясын аткарышкан. Отурумда дүйнөлүк финансы рынокторунда туруксуздук орун алып жаткан шартта, өлкөлөрдүн банк жана финансы системаларынын абалына тиешелүү маселелер, ошондой эле борбордук банктардын акча-кредит саясатын жүргүзүү, банк секторунда өнүгүүнүн негизги тенденциялары, төлөм системасын өнүктүрүү маселелери талкууланган.

*Франция банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылдын жалган куран айында Франция банкы эл аралык симпозиум уюштуруп, ага борбордук банктардын, финансы институттарынын жана эл аралык уюмдардын жетекчилери катышкан. Бул иш-чара глобалдаштыруу, инфляция, акча-кредит саясатынын учурдагы аспектилери сыяктуу, борбордук банктардын ишинин маанилүү маселелерине арналган. Симпозиум актуалдуу маселелер боюнча ой-пикирлерди ортого салып, тажрыйба алмашуу, жаңы ишкердик мамилелерди түптөө, кызматташууну калыптандыруу көз карашынан, эң эле жемиштүү болгон.

*Россия Федерациясынын Борбордук банкы менен кызматташуу*

Россия Федерациясынын борбордук банкы менен түптөлгөн мамиле, Улуттук банктын тышкы экономикалык байланыштарында маанилүү орундардын бирин ээлейт. Отчеттук жылдын бештин айында, Улуттук банктын кызматкерлери 2006-2007-жылдары товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр менен өз ара соода жүргүзүүгө тиешелүү маалыматтарды салыштыруу боюнча жумушчу тобунун отурумуна катышкан. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын финансы-банк секторундагы жана төлөм балансынын абалындагы акыркы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар Россия Федерациясынын Борбордук банкына дайыма берилип турган.

Кароого алынып жаткан жылдын бугу айында Улуттук банктын кызматкерлери Россия Борбордук банкында өткөрүлгөн «статистикалык эсепте камтылбаган Төлөм балансынын көрсөткүчтөрү. Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу жана төлөө балансы маселелери» темасына арналган окууда болуп келишкен. Россия банкынын Төлөм балансы департаментинин кызматкерлери менен жолугушуунун жүрүшүндө, төлөм балансын түзүү ыкмалары, катталбаган операцияларга баа

берүү проблемалары, ошондой эле реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы жана ага анализдөөлөрдү жүргүзүү маселелери талкууга алынган.

*ЕврАзЭС чегинде Борбордук банктар менен кызматташуу*

ЕврАзЭСке катышуучу банктардын борбордук (улуттук) банктарынын персоналды окутуу жагында кызматташуу жөнүндө келишиминин алкагында, 2008-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери Россиянын, Армениянын, Беларуссиянын, Тажикстандын жана Казакстандын борбордук (улуттук) банктарында кесиптик квалификацияны жогорулатуу жагындагы, тажрыйба алмашуу программаларына катышкан.

Улуттук банктын кызматкерлери Россия Борбордук банкы тарабынан 2008-жылдын кулжа айында, Волгоград шаарында уюштурулган «Кредиттик-финансылык чөйрөдө коопсуздукту комплекстүү камсыз кылуу» темасына арналган, коопсуздук боюнча эл аралык банктык конференцияга катышкан.

Бүтүндөй 2008-жыл ичинде Россия Борбордук банкынын Региондор аралык окуу борборунда (Тула ш.) борбордук банктардын ишинин ар кандай багыттары боюнча тажрыйба алмашуу максаттарында семинарлар өткөрүлгөн, ага Улуттук банктын кызматкерлери да катышуу мүмкүнчүлүктөрүн алышкан.

Отчеттук жыл ичинде алыскы чет өлкөлөрдүн, атап айтканда, Франция, Голландия, Англия, Германия, Италия, Япония, Сербиянын жана башка өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктарында персоналды окутуу боюнча кызматташуулар улантылып, Улуттук банктын кызматкерлери бул банктарда стажировкада болушуп, ар кандай семинарларга катышышкан.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

*Улуттук банктын түзүмү*

2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 25 структуралык бөлүмүнөн, беш областтык башкармалыктан жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнөн турган.

Улуттук банкта туруктуу негизде комитеттер жана комиссиялар иштейт. Отчеттук жылдын акырына карата 7 комитет, 8 комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын 7 редакциялык кеңеши, ошондой эле Республикалык инкассация башкармалыгынын ишине контролдукту жүзөгө ашыруу үчүн Байкоо кеңеши иштеп турган.

2008-жыл ичинде Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

а) Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгынын Эмиссия кассалык операциялар бөлүмүнүн жүгүртүү кассасы ушул эле башкармалыктын, ушул эле бөлүмүнүн борбордук жүгүртүү кассасына өзгөртүп түзүлгөн;

б) Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын Финансылык отчеттуулук жана контролдоо бөлүмү, ушул эле башкармалыктын Финансылык отчет жана методология бөлүмүнө өзгөртүп түзүлгөн;

в) Коопсуздук жана маалыматтык жактан коргонуу башкармалыгында Улуттук банктын иш үзгүлтүксүздүгүн уюштуруу тобу түзүлгөн;

г) Ош областтык башкармалыгында кассалык операциялар тобу жоюлуп, Акча жүгүртүлүшү бөлүмү түзүлгөн.

*Сынактык негизде тандоо*

Ишке кабыл алууда ачык-айкындуулукту, бирдей адилет мамилени камсыз кылуу үчүн кызматкерлерди сынак өткөрүү негизинде тандоо системасы колдонулган. Система кесиптик жактан даярдыгын эске алуу менен эң эле квалификациялуу адистерди тандоого жана Улуттук банкка жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды тиешелүү деңгээлде аткарууну камсыз кылууга өбөлгө түзгөн. Бош турган кызмат орундарына сынактар жарыяланганды тууралуу кулактандыруулар банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып турган.

2008-жылы 63 сынак өткөрүлүп, алардын ичинен 60 ачык, ал эми үчөөсү ички сынак, анын ичинде областтык башкармалыктарда 9 ачык сынак өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынактарга 471 адам катышкан. Жыйынтыгында 54 кызматкер Улуттук банкка ишке кабыл алынган.

Кадр потенциалын даярдоо негизги максаты болуп саналган жогорку окуу жайлары менен кызматташуунун чегинде, отчеттук жылы Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүндө республиканын жогорку окуу жайларынан 62 студент тажрыйбалык такшалуудан өтүшкөн.

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 600 адамды түзгөн, анын ичинен 512 кызматкер борбордук аппаратта, 88 адам областтык башкармалыкта жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштейт. Алардын ичинен аял заты борбордук аппаратта 309 адамды түзгөн, областтык башкармалыктарда жана Баткендеги өкүлчүлүктө 46 кыз-келин иштейт. Адистердин саны 419 адам, борбордук аппаратта 379, областтык башкар-

малыктар менен өкүлчүлүктө 40 адам. Адистердин ичинен 96,4 пайызы же 404 кызматкер жогорку билимдүүлөр, 4 кызматкер илимдин кандидаты илимий даражасына ээ.

Республиканын финансы системасынын өнүгүп жатышы жана эмгек рыногунда бул чөйрөдө атаандаштыктын күчөшү шартында, уюштуруучулук жагынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, Улуттук банктан коммерциялык финансылык структураларга квалификациялуу кадрлардын кетип жатышы жагдайы курч бойдон сакталып калууда. 2008-жылы бул 19 пайызды түзгөн (2007-жылы 17 пайыз).

Мына ушундан улам, Улуттук банк өз кызматкерлерине эмгектин атаандаштык шарттарын түзүү, анын ичинде эмгекке төлөө жагында шарттарды түзүүгө тиешелүү чараларды көрүүдө.

Улуттук банктын персоналынын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү, тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2. графиктеринде келтирилген.

***<u>6.1.1-график</u>***

Адистердин эмгек стажы боюнча курамы




***<u>6.1.2-график</u>***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы



## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын структуралык бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| Банк Башкармасы | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал акча-кредит саясатын, банк жана төлөм системаларынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чечимдерди кабыл алууну жана тиешелүү мыйзамга ылайык, банк Башкармасынын компетенциясына чегерилген башка маселелерди кароону кошо алганда, банктын негизги иш багыттарын аныктайт. |
| Экономика башкармалыгы | акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; реалдуу, финансылык, бюджет-салыктык жана экономиканын тышкы секторлору чөйрөсүнө анализдөөлөрдү жүргүзөт. |
| Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы | ачык рынокто жүргүзүлгөн операцияларда эффективдүү координациялоо максатында финансы рынокторундагы өзгөрүүлөргө баа берип, анализдөөлөрдү жүргүзөт, алардын өзгөрүү тенденцияларын жана себептерин аныктайт. Финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат. |
| Финансы статистикасы жана маалымат берүү башкармалыгы | акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн жана финансы рыногунун ишинин көрсөткүчтөрүнүн статистикасын жүргүзөт, ошондой эле реалдуу сектор жана мамлекеттик финансы боюнча статистикалык маалыматтарды иштеп чыгат; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелеринде эксперттик колдоо көрсөтөт. |
| Банктык көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишине, алардын экономикалык ченемдерди аткаруусуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын сактоосуна көзөмөлдүктү уюштурат; банк секторунун ишине анализдөөлөрдү жүргүзөт. |
| Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы | банктарды лицензиялоону жүзөгө ашырат, коммерциялык банктардын жана Улуттук банктан лицензия алышкан башка финансы-кредит мекемелеринин ишине банктык көзөмөлдүк жана жөнгө салуу ыкмаларын иштеп чыгат жана өркүндөтөт. |
| Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын, ломбарддардын жана алмашуу бюролорунун ишине көзөмөлдүктү уюштурат. |
| Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы | республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн камсыз кылат, нак акча жүгүртүлүшүн уюштурат, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзөт. |
| Борбордук сактоо жайы | резервде турган банкноттордун, монеталардын жана баалуулуктардын сакталышын камсыз кылат, Улуттук банктын мекемелеринин ортосунда баалуулуктарды жеткирүүнү, нак акчаларды иргөөнү жана эскилиги жеткендерин жок кылууну жүзөгө ашырат. |
| Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы | эсептешүүлөрдүн банктар аралык системаларынын ишин камсыз кылат. |
| Маалымат системалары башкармалыгы | маалымат системасынын Өнүктүрүү стратегиясына жана Улуттук банктын керектөөлөрүнө ылайык келүүсүн, ошондой эле аны коштоп жүрүү кызматын камсыз кылат. |
| Төлөм системалары башкармалыгы | төлөм системасынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат. |

| | |
|---|---|
| Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы | Улуттук банктын операцияларынын жана баалуулуктарынын эсебин жүргүзөт, финансылык отчетун түзөт; банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу документтерди иштеп чыгат; бухгалтердик операцияларга ички контролдукту жүзөгө ашырат. |
| Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы | кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырат, кызматкерлерди окутууну жана алардын квалификациясын жогорулатууну уюштурат, кызматкерлердин иш өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу ыкмаларын иштеп чыгат жана колдонууга киргизет. |
| Пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы | Улуттук банкта ишти пландаштыруу жана бюджет түзүү процессин уюштурат жана жүзөгө ашырат; банктын финансылык ресурстарын үнөмдүү жана максатка ылайык пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат. |
| Жалпы бөлүм | документтердин аткарылышына контролдукту кошо алганда, документ менен иштөөнү жана документтердин айлануу системасынын натыйжалуулугун камсыз кылат. |
| Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү | Улуттук банктын ишинин максаттары, милдеттери жана жетишкен натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымат берет; тышкы уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары менен иш алып барууну уюштурат. |
| Ички аудит бөлүмү | ички контролдук системасынын таасирдүүлүгүн арттыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| Капиталдык курулуш бөлүмү | Улуттук банктын имараттарын жана курулмаларын ремонттоону кошо алганда, курулуш-монтаждоо иштерин уюштурат. |
| Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү | финансы рынокторунда келишилген бүтүмдөргө тобокелдик-контролдугун жүргүзөт; аларды өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү | эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу чегинде кредиттик линияларды жүзөгө ашыруу боюнча иш-чараларды жүргүзөт. |
| Банк Башкармасынын катчылыгы | Улуттук банк Башкармасынын ишин уюштуруу жагынан камсыз кылууну ишке ашырат. |
| Протокол кызматы | Протоколдук, административдик жана өкүлчүлүк иш-чараларынын уюштурулушун жана ишке ашырылышын камсыз кылат. |
| Коопсуздук жана маалыматтык коргоону башкармалыгы | Улуттук банктын иш коопсуздугун камсыз кылып, техникалык коргоого алынышын уюштурат. |
| Чарба башкармалыгы | материалдык-техникалык жактан жабдууну, транспорт менен камсыз кылууну, имараттарды жана курулмаларды тейлөөнү камсыз кылат. |
| Юридикалык бөлүм | Улуттук банктын ишин комплекстүү укуктук жактан камсыз кылууну, банк мыйзамдарын өркүндөтүүнү жана кеңири жайылтууну жүзөгө ашырат. |
| Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү | коммерциялык банктарды жана алардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин банктык мыйзамдарды так сактоосуна көзөмөлдүк боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат, ошондой эле белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде башка милдеттерди аткарат. |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдагы иши

*Улуттук банк Башкармасынын иши жөнүндө жалпы малымат*

Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын ишинин негизги багыттарын бекитет. Банк Башкармасы – коллегиалдуу орган. Башкарма мүчөлөрү Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 7 жылдык мөөнөткө дайындалат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан 7 жылдык мөөнөткө шайланат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын кароого алат жана аныктайт, банктык көзөмөл, төлөм системаларын өнүктүрүү маселелерин чечет, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык, Башкарма анын компетенциясына чегерилген төмөнкү маселелерди да кароого алат: акыркы инстанция кредиттерин берүү, банк лицензиясын берүү, кайтарып алуу же убактылуу токтотуу, банкроттук процессин козгоо жана банкроттук жол-жоболорун колдонуу, коммерциялык банктарга убактылуу администрация режимин киргизүү жана башка маселелер.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген планга ылайык жүргүзүлгөн. 2008-жылы 51 отурум өткөрүлүп, 469 маселе кароого алынып, алар боюнча 250 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясатка тиешелүү маселелерди кароо*

2008-жылдын баш жагынан тартып, Банк Башкармасынын акча-кредит саясат маселеси боюнча чейректик отурумдардын ролун жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн. Атап айтканда, Башкарманын талкуусуна сунушталган документтердин мазмуну жана чечим кабыл алуу форматы өзгөртүлгөн: жыл башынан тартып Банк Башкармасы, өткөн мезгилдеги акча-кредит саясат жөнүндө отчетту кароодон тышкары, кийинки мезгилге акча-кредиттик программаны бекитүүнү, ал өз кезегинде акча-кредит саясатын жүргүзүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр менен бирге, Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети үчүн ачык рынокто операцияларды жүргүзүү боюнча чечим кабыл алууда, багыт берүүчү катары кызмат кылган. Акча-кредит саясатынын чараларын, бюджет-салыктык жана соода-инвестициялык саясат жагындагы иш-чаралар менен координациялоону арттыруу максатында 2008-жылы, Улуттук банк Башкармасынын чейректик отурумдарына Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын өкүлдөрү, Финансы министрлигинин жана Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигинин жетекчилери чакырылып, алар акча-кредит саясатына тиешелүү документтерди талкуулоого жигердүү катышышкан.

Акча-кредит чөйрөсүнүн учурда түптөлгөн абалына жана реалдуу, бюджет-салыктык жана тышкы экономикалык секторлордун өнүгүшүнө болжолдоолордун негизинде, ошондой эле өлкөдө ишке ашырылып жаткан структуралык реформаларды эске алуу менен Банк Башкармасы 2008-жылдын акырында, алдыда турган 2009-жылга акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүнү кабыл алган, анда инфляция боюнча сандык максаттуу көрсөткүч чагылдырылган.

Отчеттук жылдын акырында Банк Башкармасы тарабынан «Акча-кредит саясатынын 2009-2011-жылдарга негизги багыттары» документи жактырылган, анда Улуттук банктын акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган максаттары аныкталган. Мына ушул документти иштеп чыгууда дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордо түптөлгөн тенденциялар, өткөөл мезгилди башынан кечирип жаткан учурда, акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн жаңы шарттары, Кыргыз Республикасынын экономикасынын чөйрөсүнүн чакандыгы жана жогорку деңгээлде ачыктыгы эске алынган.

Инфляцияны токтотуу боюнча иш-чаралар планын жүзөгө ашыруу чегинде, Банк Башкармасынын маалыматтык отурумдарында ай сайын, дүйнөлүк товардык-сырьелук жана финансылык рыноктордогу, ошондой эле ички рыноктогу абал боюнча топтолгон маалыматтар кароого алынган.

Улуттук банк Башкармасы эл аралык камдарды тескөөнүн жалпы максатын жана принциптерин, инвестициялык стратегияны аныктоо менен жөнгө салуучу ченемдик документтерди бекитет.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, эл аралык камдарды тескөө, камдык активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен ишке ашырылат.

Жыл сайын Банк Башкармасы инвестициялык активдердин эталондук портфелин кароого алуу менен бекитет. Эталондук портфелдин көрсөткүчтөрүн бекитүү, эл аралык камдарды тескөө процессинде келип чыгышы мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктерди азайтууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле, келип чыккан тобокелдиктерди минимизациялоо максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан чейректик негизде «Эл аралык камдардын түзүмү жөнүндө» жобо кароого алынып, бекитилген.

Эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугуна баа берүү үчүн Банк Башкармасы жыл сайын эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетторду кароого алып, бекитип турат. Алсак, 2008-жылдын 1-чейрегинде 2007-жыл үчүн эл аралык камдарды тескөө боюнча отчет кароого алынган.

Отчеттук жылда акча-кредит саясаты боюнча бардыгы болуп 43 токтом кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелерге көзөмөлдүк маселесин кароо*

Жыл ичинде Банк Башкармасы тарабынан республиканын банк системасын өнүктүрүү жана чыңдоо маселелерине айрыкча көңүл бурулуп, коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүк жана аны жөнгө салуу, банктарга карата ишенимди бекемдөө маселелери кароого алынган. Коммерциялык банктар системасынын өнүгүү тенденциялары, алардын финансылык жактан туруктуулугу жана системалуу тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүү боюнча маалыматтар, чейректик негизде кароого алынган.

Финансылык ортомчулук деңгээлин андан-ары жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын экономикасында банк секторунун ролун күчөтүү, банк ишинин натыйжалуугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоо максатында 2008-жылы, Банк секторун 2011-жылдын акырына чейин өнүктүрүү стратегиясынын долбоору кароого алынган.

Улуттук банк Башкармасында коммерциялык банктардын биринин ага карата таасир этүүчү мажбурлоо чаралары колдонулуп, акчалай айыптык төлөмдөр салынгандыгына тиешелүү апелляциялык арызы кароого алынган.

Банктык көзөмөл жагында ченемдик базаларды андан-ары өркүндөтүү жана аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү чегинде, банктык көзөмөлдү көзөмөлдүктүн эл аралык стандарттарга жана Базель принциптерине шайкеш келтирүү максатында, төмөнкү бир катар ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү караган токтом кабыл алынган: «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө», «Улуттук банктан лицензия алышкан банктарга жана айрым финансы-кредит мекемелерине колдонулучу таасир этүү чаралары жөнүндө», «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин өлкөлүк тобокелдигин тескөөсүнө карата минималдуу талаптар жөнүндө», «Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө». Мындан тышкары, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында коорпоративдик башкаруу жөнүндө», «Тике банктык көзөмөлдүк жөнүндө»

жана «Банкты башкаруу боюнча убактылуу жетекчилик жөнүндө» жоболордун жаңы редакциялары бекитилген.

Микрокредиттик агенттиктердин жана микрокредиттик компаниялардын финансылык абалынын туруксуздугу жана ишенимсиздиги тобокелдигин басаңдатуу максатында, «Кыргыз Республикасында микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө» убактылуу жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

МКА менен МККлардын ишин жөнгө салуунун жана көзөмөлдүктүн таасирдүүлүгүн күчөтүү үчүн «Улуттук банк тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Отчеттук жылы ошондой эле, Банк Башкармасында мына ушул уюмдарды андан ары өнүктүрүүгө багытталган «Микрофинансылык уюмдар жөнүндө» мыйзамга сунуш кылынган өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун долбоору кароого алынган.

Кыргыз Республикасында ФАТФнын сунуш-көрсөтмөлөрүн аткаруу боюнча Улуттук банктын кабыл алган иш-чаралар планына ылайык, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү максатында, Банк Башкармасы тарабынан «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, депозиттер менен иш алып баруу боюнча убактылуу нускоого жана «Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Кыргыз Республикасы, Ислам өнүгүү банкы жана «ЭкоБанк» ААКсынын ортосунда ислам каржылоо принциптерин жана банк ишин колдонууга киргизүүгө тиешелүү өз ара түшүнүшүү жөнүндө Мемарандумдун чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоор жөнүндө» Жарлыгынын талаптарын аткаруу максатында, отчеттук жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруу жөнүндө» жобо тууралуу» токтомго толуктоолор киргизилип, «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруунун чегинде жүргүзүлгөн операциялардын жыйынтыгы боюнча «ЭкоБанк» ААКсынын финансылык отчетту түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобо бекитилген.

Президенттин «Кыргыз Республикасында ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр индустриясын колдонууга киргизүү боюнча андан-аркы чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор тууралуу» мыйзам долбоору жактырылган.

Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамынын колдонууга берилишине байланыштуу, Банк Башкармасы «Депозиттерди коргоо системасына катышууга банктын билдирме берүүсү жана анын Улуттук банк тарабынан кароого алынышы жөнүндө» жобону кабыл алып, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө жана башка кызмат адамдарына карата талаптар белгиленип, Улуттук банктын өкүлдөрүнүн ичинен агенттиктин Директорлор кеңешине талапкерлер бекитилген.

Калайык калктын банк тутумуна карата ишенимин бекемдөө максатында, Улуттук банк Башкармасы тарбынын «Банктык аманаттарды коргоо жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору жактырылган. Анда гарантияланган аманаттар боюнча ордун толтуруп берүү суммаларын 20 миң сомдон 100 миң сомго чейин олуттуу көбөйтүү шарты каралган.

Коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттер жана депозиттер боюнча пайыздык чендерди так, жылдык негизде, салыштырууга боло тургандай эсептөө тартибин аныктоо үчүн Улуттук банк Башкармасынын токтому менен «Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сый акы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө» жобо бекитилген.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишине көзөмөлдүк функциясын өркүндөтүү чегинде «Кредиттик союздун мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобо бекитилип, «Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин ишине тиешелүү маселелер боюнча 17 токтом, ал эми бардыгы болуп, жаңы ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга сунуш кылынган өзгөртүүлөр боюнча коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуучу ченемдик базалар боюнча 26 токтом кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 3-статьясына ылайык, төлөм системасы чөйрөсүндө милдеттерди аткаруу төлөм системасынын эффективдүү жана үзгүлтүксүз ишин камсыз кылууга багытталган.

*Төлөм системалары боюнча маселелерди кароо*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы структурасына тиешелүү саясатты иштеп чыгууда негизги ролду өзүнө алуу менен Улуттук банк Башкармасы, өлкөнүн төлөм системасын жөнгө салуу боюнча ишти отчеттук жылда да уланткан. Алсак, «Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында акча жүгүртүлүшүнүн ачык-айкындуулугун арттыруу жана 2008-2010-жылдары финансыны тескөөгө алууда инновациялык технологияларды колдонуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын долбоору тууралуу», «Лицензиялоо жөнүндө» мыйзамга толуктоолору киргизүү жөнүндө», Алдын-ала төлөнгөн карт формасында электрондук акчаны пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо боюнча ишти лицензилоо жөнүндө» чекене төлөмдөр рыногун өнүктүрүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Отчеттук жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу эрежелери», «Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор», «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор», «Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2009-2011-жылдарга негизги багыттары» сыяктуу документтер бекитилген.

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өткөрүлүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураны түзүү боюнча 2003-2008-жылдарга каралган иш-чаралардын Мамлекеттик программасынын долбоорлорун жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматтар, ошондой эле төлөм системасынын учурдагы абалына тиешелүү отчеттор чейректик негизде кароого алынган.

Бардыгы болуп жыл ичинде, төлөм системасына тиешелүү маселелер боюнча 24 токтом кабыл аланган.

*Жана башка маселелер*

Банк Башкармасы Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маселелерди сыяктуу эле, ички ишти уюштурууга тиешелүү маселелерди да караган. Улуттук банктын ченемдик базасына тиешелүү маселелер боюнча 33 токтом, банктын ички ишине тиешелүү маселелер боюнча 100 токтом кабыл алынып, 219 маселе маалыматтык билдирүү иретинде кароого алынган.

## 6.3. Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү жана финансы кеңешчисинин функциясын аткаруу

2008-жылы Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын өркүндөтүү иши улантылган. Отчеттук мезгилде банк мыйзамдарына бир катар өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, атап айтканда:

– Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына, Улуттук банктын ишинин мыйзамдык нормаларын оптималдаштырууга, анын укуктук статусун белгилөөгө, банктын республиканын экономикасын өнүктүрүүдөгү ролун күчөтүүгө жана ушул мыйзамда белгиленген нормаларды Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүүгө багытталган түзөтүүлөр киргизилген;

– Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына, банктарды капиталдаштырууну көбөйтүүгө, алардын республиканын экономикасына катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, пайыздык чендердин, комиссиондук сый акылардын жана банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына кошулуучу башка кошумча чыгашалардын деңгээли жөнүндө кардарларга маалымдап туруу зарылчылыгына тиешелүү талаптар белгиленип жана бир катар башка өзгөртүүлөр киргизилген.

*Кабыл алынган түзөтүүлөр*

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине жеке адамдар менен юридикалык жактардын ортосунда эсептешүүлөр үчүн банктык эсептерди (анын ичинде мөөнөтсүз депозиттерди) колдонуу ийкемдүүлүгүн күчөтүүнү камсыз кылууну караган түзөтүүлөр күчүнө кирген.

Отчеттук жылда «Банктык аманттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзам күчүнө кирген. Бул мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу республикада банк тутумун өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын биринен болгон. Мыйзам жеке адамдардын депозиттерин коргоо системасын ишке киргизүү жана калайык калктын банк тутумуна карата ишенимин бекемдөө максатында иштелип чыккан.

Кредиттик союздардын ишин андан-ары өркүндөтүү максатында Жарандык кодекске, «Кредиттик союздар жөнүндө», «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамдарга түзөтүүлөрдүн киргизилишин болжолдогон «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөрүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзам кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын чын куран айынын жыйырма экисиндеги №146 «Кыргыз Республикасында ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр индустриясын колдонууга киргизүү боюнча андан-аркы чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын жана Өкмөттүн 2008-жылдын теке айынын экисиндеги №361 «Кыргыз Республикасында ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр индустриясын ишке киргизүү жөнүндө» токтомунун талаптарын аткаруу, ошондой эле ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык, банк ишин жүзөгө ашыруу үчүн тиешелүү мыйзамдык базаларды иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоорлору иштелип чыкан.

*Сунушталган түзөтүүлөр*

Улуттук банк ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоорун иштеп чыккан, анда банктын уставдык капиталынын өлчөмүн шайкеш (жетиштүү) деңгээлге жеткирүү үчүн көбөйтүү жана анын туруктуулугун жогорулатуу каралган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги №5 «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу чегинде Улуттук банк тарабынан «Банктык аманттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору иштелип чыккан. Анда гарантиялык учур келип жеткенде, депозиттер боюнча төлөнүп берилүүчү компенсациялардын өлчөмүн 100 миң сомго чейин жогорулатуу каралган.

Улуттук банктын расмий сайтында, банк тарбынан иштелип чыккан мыйзам долбоорлору ачык талкууга алынышы максатында, дайыма жарыяланып турган.

*Ведомстволор аралык жумушчу топторуна катышуу*

Улуттук банк төмөнкү багыттар боюнча ведомстволор аралык топтордун ишине катышкан:

– Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүгө байланыштуу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасында турак-жай курулушунун Улуттук программасын жүзөгө ашыруу боюнча 2008-2010-жылдарга республикалык иш-чараларды иштеп чыгуу;

– юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди мамлекеттик каттоодон өткөрүү системасында «Бирдиктүү терезе» принцибин колдонууга киргизүүгө багытталган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу;

– ипотеканы өнүктүрүү боюнча ченемдик актыларды иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына инвентаризациялоону жүргүзүү ж.б.

*Ченемдик-укуктук актыларды өркүндөтүү*

Отчеттук жылда Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик базаларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылган жана ушул максатта төмөнкү токтомдор кабыл алынган:

– жаңы түзүлүп жаткан банктар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын бирдин айынын он үчүндөгү №6/3 токтом):

– «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө» жобо тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын жалган куран айынын жыйырма алтысындагы №13/4 токтом);

– «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын чын куран айынын жыйырма бешиндеги №18/4 токтом);

– Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын бугу айынын жыйырма сегизиндеги №22/11 токтом);

– «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын бугу айынын жыйырма сегизиндеги №22/4 токтом);

– «Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин Директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө талапкерлерге жана башка кызмат адамдарына карата талаптар жөнүндө» (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын бугу айынын жыйырма сегизиндеги №22/8 токтом);

– «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоорду жүзөгө ашыруунун чегинде жүргүзүлгөн операциялардын жыйынтыгы боюнча «ЭкоБанк» ААКсынын финансылык отчет түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобо тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын кулжа айынын жыйырма жетисиндеги №25/5 токтом);

– Пакеттик клиринг системасында тике дебеттөө формасында төлөмдөрдү

өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын теке айынын отузундагы №30/6 токтом);

– «Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана моneталарынын төлөөгө жөндөмдүүлүк белгилери, аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу ((Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын баш оона айынын жыйырма жетисиндеги №33/5 токтом);

– «Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сый акы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык ченди эсептөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын баш оона айынын жыйырма жетисиндеги №33/4 токтом);

– «Банкты башкаруу боюнча убактылуу жетекчиликти жүргүзүү жөнүндө» жобо тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын аяк оона айынын отузундагы №36/5 токтом);

– «Милдеттүү камдар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын жетинин айынын жыйырма алтысындагы №42/3 токтом);

– Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган Улуттук банктын ар кайсы ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу.

*Ченемдик укуктук актыларды каттоодон өткөртүү*

Отчеттук жылда Кыргыз Республикасынын Адилет министрлиги менен Өкмөттүн мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу жана Улуттук банктан лицензия алышкан финансы-кредит мекемелеринин ченемдик актыларына, уюштуруу документтерине экспертиза жүргүзүү боюнча планынын айрым пункттарын аткаруу максатында, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын каттоодон өткөрүү маселеси боюнча иштер улантылган.

*Ченемдик укуктук актыларга экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабынын чегинде мамлекеттик бийлик органдары тарабынан иштелип чыккан, республиканын банк жана финансы системасына тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору экспертизадан өткөрүлгөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Отчеттук жылда Улуттук банкка макулдашууга жана экспертизадан өткөртүүгө жөнөтүлгөн «Кыргыз Республикасынын Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдүк боюнча улуттук кызмат жөнүндө»; «Венчурдук иш жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу», «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын турак-жай кодексинин долбоору жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө», «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө», «Баалуу кагаздардын борбордук депозитарийи жөнүндө» мыйзам долбоорлоруна экспертизалар жүргүзүлгөн.

2008-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкүдөй бир катар токтомдору боюнча экспертизалар жүргүзүлүп, сунуштар даярдалган: «Мамлекеттик камсыздандыруу компаниясын түзүү жөнүндө», «Ишкердикти мамлекеттик жөнгө салууну жөнөкөйлөтүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын индустриялдык жана инновациялык өнүгүүсүнүн 2015-жылга чейинки стратегиясы жөнүндө», «Аткаруу бийлик органдарында стратегиялык башкарууну өркүндөтүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасында ишкердикти өнүктүрүүнүн 2009-2011-жылдарга мамлекеттик программасы жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын экономикасынын туруктуулугунун негизги индикаторлорунун тизмесин бекитүү жөнүндө», «Баалуу кагаздардын борбордук депозитарийин түзүү концепциясы жөнүндө», «Көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын тескөөнүн 2009-2011-жылдарга стратегиясы жөнүндө»,

«Кыргыз Республикасынын соодасын 2014-жылга чейин өнүктүрүү стратегиясынын долбоорун жактыруу тууралуу» ж.б. долбоорлор.

*Финансылык кеңешчи функциясын аткаруу*

Улуттук банк Президенттин, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн финансылык кеңешчиси функциясын аткаруунун чегинде 2008-жылы төмөнкү иштерди жүргүзгөн:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө республикалык бюджеттин долбоорун даярдоо жана кароого алуу учурунда консултацияларды берүү;

– акча-кредит саясатынын жүзөгө ашырылышы, банк системасынын жана төлөм системаларынын абалы жөнүндө Президентке, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө маалымдап туруу;

– финансы рыногунда түптөлгөн жагдайга тиешелүү аналитикалык маалыматтарды берүү;

– мыйзам долбоорлоруна, ченемдик укуктук актыларга жана финансы, банк маселесине, же болбосо Улуттук банктын ыйгарым укуктарына тиешелүү чечимдерге экспертизаларды жүргүзүү;

– бир катар мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышуу.

*Келишимдерге экспертизаларды жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусуна байланыштуу Өкмөткө берилген сунуш-көрсөтмөлөрүнүн чегинде Улуттук банк тарабынан финансы же банк маселелерине тиешелүү төмөнкү эларалык келишимдерге, макулдашууларга экспертизалар жүргүзүлгөн:

– Ислам Конференциясы Уюмуна мүчөлөрдүн арасында инвестицияларды өздөштүрүү, коргоо жана гарантиялоо боюнча келишим долбоору;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Бириккен Араб Эмираттарынын ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Латвия Өкмөтүнүн ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Япония Өкмөтүнүн ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Италия Өкмөтүнүн ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;

– Словакия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору, ошондой эле КМШ, ЕврАзЭС, КШУ жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган башка эларалык уюмдардын чегинде иштелип чыккан келишимдердин долбоорлору жана башка документтер.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары Улуттук банк Өкмөттүн эсептерин тейлөө боюнча ишти уланткан.

## 6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык Улуттук банктын ички аудити, ички контролдук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган ички аудит кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат.

*Укуктук негиз*

Улуттук банктын ички аудит ишинин негизин Ички аудиттин эл аралык стандарттары жана ички аудитти жүргүзүүнүн кесиптик тажрыйбасы боюнча стандарттар түзөт.

Ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна баа берүү банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан сунуш кылынган принциптерге негизделген.

Улуттук банктын уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруунун чегинде 2008-жылдын баш жагындаи Ички аудит бөлүмүнө ревизиялык текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча кошумча милдеттер ыйгарылган.

*Иштин уюштурулушу*

Аудитордук жана текшерүү ишин пландаштыруу 2008-жылы борбордук банктын ишине мүнөздүү болгон операциялык тобокелдиктерге анализдөөлөрдү жүргүзүү жолу менен ишке ашырылган. Аудитордук жана ревизиялык текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, тобокелдиктерди басаңдатуу максатында ички аудиторлор жана текшерүүчүлөр тарабынан структуралык бөлүмдөрдүн ишин жана бүтүндөй ички контролдук системасын өркүндөтүүгө багытталган 211 сунуш-көрсөтмө берилген. Аткарууга кабыл алынган сунуш-көрсөтмөлөр банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди минималдаштырууга өбөлгө түзөт.

2008-жылы «Делойт» аудитордук уюмунун банк иши боюнча мурда берген көз карандысыз баяндамасынын чегинде, Улуттук банктын ички аудит кызматынын ишин өркүндөтүү жагындагы сунуш-көрсөтмөсүн аткаруу боюнча иштер улантылган.

*Тобокелдиктер боюнча комитет менен өз ара иш алып баруу*

Тобокелдик менеджменти боюнча концепцияга ылайык, Ички аудит бөлүмү тарабынан Тобокелдиктер боюнча комитет менен биргеликте, тобокелдик менеджменти боюнча жаңыртылган карточкаларды кароо иши жүргүзүлгөн. Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүнүн тобокелдик менеджменти боюнча кароого сунушталган карточкалары тобокелдиктерди идентификациялоого жана аларды минимизациялоо боюнча чараларды иштеп чыгууга багытталган, бул түпкүлүгүндө келип, Улуттук банктын иш натыйжалуулугун арттыруу максатын көздөйт.

*Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып баруу*

Отчеттук жылда иши Улуттук банкка байланыштуу болбогон үч көз карандысыз эксперт жана Улуттук банк Башкармасынын эки мүчөсү курамына кирген Улуттук банктын Аудит боюнча комитети 8 отурум өткөрүп, аларда жүктөлгөн милдеттерге ылайык, комитеттин компетенциясына кирген маселелер кароого алынып, чечимдер кабыл алынган. Бухгалтердик эсепке алуу стандарттарынын шайкеш колдонулушун камсыз кылуу, финансылык отчеттун сапатына байкоо жүргүзүү, ички контролдуктун эффективдүү системасын калыптандырууга түрткү берүү, тышкы аудиторлор менен байланышты камсыз кылуу жана Ички аудит бөлүмү менен өз ара иш алып баруу мына ушул комитеттин негизги милдетинен болуп саналат.

*КМШ жана Балтика өлкөлөрүнүн Консультативдик кеңешинин алкагында жүргүзүлгөн иштер*

Өткөн жылдардагыдай эле, аудитти уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасын колдонууга киргизип, пайдалануу максатында КМШ жана Балтика өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын ички аудит кызматтары менен иш алып баруу улантылган. Тажикстан Республикасынын Улуттук банкы төрагалык кылган Консультативдик кеңештин отурумунда КМШ жана Балтика өлкөлөрүнүн борбордук банктарында ички аудит кызматтарын өнүктүрүүгө байланыштуу маселелер талкууланган. Ал эми консультативдик кеңештин 2009-жылы өткөрүлүүчү кийинки отурумуна төрагалык кылуу Грузия Республикасынын Улуттук банкына ыйгарылган.

## 6.5. Коомчулукка маалымат берүү

*Иштин ачык айкындуулугу*

Өткөн жылдардагыдай эле 2008-жылы, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өз ишинин ачык-айкындуулугун арттырууга, коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды, республиканын финансы жана банк секторлорунда жүрүп жаткан процесстер боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүгө багытталган ишти жүргүзүп, маалыматтык, статистикалык жана аналитикалык мүнөздөгү басылмаларды чыгаруу, маалыматтарды Улуттук банктын веб-сайтына жайгаштыруу, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо, теле жана радио берүүлөрдү уюштуруу, Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен брифингдерди жана пресс-конференцияларды өткөрүү, ошондой эле маалыматтык-түшүндүрмө берүү багытындагы программаларды уюштуруу аркылуу маалымат берүү ишин улантkan.

*Улуттук банктын иши тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын маалымат берүүсү*

Улуттук банктын жетекчилиги банк ишинин эң эле маанилүү аспектилерине арналган маселелер боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук үчүн брифингдерди жана пресс-конференцияларды туруктуу өткөрүп турган. Отчеттук жылда акча-кредит саясаты, көзөмөлдүк иши, төлөм системасын реформалоо, эл аралык камдардын тескөөгө алынышы, дүйнөлүк финансылык кризистин таасири жана башка ушундай маанилүү маселелерге өзгөчө көңүл бурулган.

Акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда салтка айланган ар айлык пресс-конференцияларды өткөрүү аркылуу маалымдалып турган. Отчеттук мезгилде жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн Улуттук банктын ишиндеги негизги окуялардын тизмегин жана макроэкономикалык негизги көрсөткүчтөрдү камтыган таркатуучу материалдарды даярдоо иши улантылган. Бештин айында Улуттук банк Башкармасынын талкуусунун жыйынтыгы боюнча акча-кредит саясатынын натыйжалары тууралуу жана кийинки мезгилге акча-кредит программасынын долбоорун Пресс-релизде жарыялоо иши жөнгө салынган.

*Нак эмес төлөмдөр системасы*

Отчеттук жылда нак эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча мамлекеттик программанын жүзөгө ашырылышынын жүрүшү жөнүндө коомчулукка маалымдап туруу иши улантылган. Мына ушул темага «Нацбанк сообщает» телеберүүсүнүн жана «Улуттук банк билдирет» радиоберүүсүнүн атайын рубрикалары арналып, аларда мамлекеттик программанын максаттары жана милдеттери боюнча түшүндүрмөлөр берилип, «Төлөм системасын модернизациялоо» долбоорунун айрым компоненттеринин ишке ашырылышынын жүрүшү чагылдырылган. Мындан тышкары, мамлекеттик программанын жүзөгө ашырылышынын жүрүшү жөнүндө отчет, Улуттук банктын расмий басылмаларында, банктын сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган. Бул багытта жүргүзүлгөн иш-чаралар «Улуттук банктын Пресс-релизинде» да чагылдырылып турган.

*Элкарт*

Коомчулука «Элкарт» улуттук карты тууралуу кеңири маалымат берүү жана аны жайылтуу максатында Улуттук банктын сайтынын «Төлөм системасы» бөлүгүндө, «Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору» жаңы бөлүкчөсү ачылган, анда «Элкартты» тейлөөгө алган соода-сервистик ишканалардын тизмеси дайыма жаңыртылып турат. Мындан тышкары ушундай эле тизме «Улуттук банктын Пресс-релизинде», ошондой эле теле жана радио берүүлөрдө маалымдалат.

*Банк системасын өнүктүрүү*

Коммерциялык банктардын ишин жөнгө салууга, Улуттук банктын норма белгилөө ишине тиешелүү маселелер коомчулукка «Пресс-релиз» аркылуу, Улуттук банктын кабыл алынган ченемдик-укуктук актыларына карата түшүндүрмөлөрдө чагылдырылган.

Банк секторун өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери атамекендик аналитикалык журнал беттеринде да талкууга алынган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан банктык аманаттарды коргоо системасын камсыз кылууга тиешелүү бир катар буйруктарга кол коюлушуна байланыштуу Президенттин Администрациясынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен пресс-конференциялар уюштурулган.

*Ислам каржылоо принциптери*

Жаңы банктык продуктуларды, атап айтканда ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүгө айрыкча көңүл бурулган. Отчеттук жылдын бугу айында ислам каржылоо принциптерине арналган атайы теле берүү уюштурулган. Берүүнүн жүрүшүндө берилген суроолор боюнча жооптор «Улуттук банктын Пресс-релизинин» «Улуттук банктын Коомдук пикирди билүү кызматы сиздердин суроолоруңуздарга жооп берет» рубрикасында жарыяланган.

*Микро-каржылоону өнүктүрүү*

Пресс-релиз беттеринде, телеберүү жана радиоуктурууларда Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга орто мөөнөттүк стратегиясынын чегинде кабыл алынган иш-чаралардын жүзөгө ашырылышынын жүрүшү жөнүндө баяндалып, кредиттик союздарды өнүктүрүү жана алардын өз катышуучуларынан ресурстарды тартуу тажрыйбасынын жигерин арттыруунун зарылчылыгы жана Улуттук банктын бул ишке түрткү берүү жагында көрүп жаткан чаралары жөнүндө маалыматтар берилген.

*Жүгүртүү монеталары*

Кароого алынып жаткан жылдын үчтүн айынан тартып жүгүртүү монеталарынын чыгарылышына байланыштуу маалыматтык кампания жүргүзүлүп, анын чегинде жалпыга маалымдоо каражаттарында тиешелүү маалыматтар жарыяланып, телеберүүлөр аркылуу видео роликтер көрсөтүлүп, жүгүртүү монеталарынын сүрөттөлүштөрү жана техникалык мүнөздөмөлөрү кеңири камтылган жылнаамалар жана плакаттар даярдалып таркатылган, Улуттук банктын жана анын областтык башкармалыктарынын адистери бул багытта Улуттук телеканалда, жергиликтүү теле жана радио берүүлөргө катышкан.

*Нумизматикалык монеталар*

Улуттук банк жалпыга маалымдоо каражаттарына жана коомчулукка акырына чейин кыркылбаган баракчалар түрүндөгү сувенирдик коллекциялык банкнотторду презентациялоо менен аларды сатуу ишин баштаган. Мындай коллекциялык банкнотторду чыгаруу жана сатуу иши, көпчүлүк борбордук (улуттук) банктарда практикаланып келүүдө. Отчеттук жылдын бештин айында «Кыргызстан Улуу Жибек жолунда» сериясындагы эстелик-коллекциялык монеталарды, ошондой эле «ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн борборлору» сериясындагы «Бишкек» коллекциялык эстелик монетасынын чыгарылышына арналган брифинг өткөрүлгөн.

Жогоруда аталган «Кыргызстан Улуу Жибек жолунда» сериясындагы коллекциялык монеталар жибек жолу басып өткөн Бурана, Ташрабат, Өзгөн архитектуралык комплексине арналган. Банктын маалымат берүү жагындагы ишинде улуттук валюта – кыргыз сомунун 15 жылдыгына арналган тема, өзгөчө орунду ээлеген. Бул мааракени өткөрүү чегинде Кыргыз-Россия Славян университетинде Улуттук банктын Төрагасынын өлкөнүн алдыңкы окуу жайларынын студенттери менен жолугушуусу болуп, анын жүрүшүндө банк жетекчиси улуттук валютанын келип чыгуу тарыхы жана калыптануу жолу тууралуу баяндап берүү менен студенттерди кызыктырган көптөгөн суроолорго жооп берген, ал эми банктын Төрагасынын орун басары Улуттук банктын – өлкөнүн борбордук банкы катары аткарган ролу жана функциялары жөнүндө баяндама жасаган.

*Сом – Кыргызстандын жүзү*

Республикалык басма сөз беттеринде банктын кызматкерлеринин улуттук валютага арналган бир катар тематикалык статьялары жарыяланып, телеберүүлөрдө видеороликтер көрсөтүлүп, расмий веб-сайтта валютанын 15 жылдыгын майрамдоого тиешелүү маалыматы менен баннер жайгаштырылган.

Кыргыз радиосу менен биргеликте сомдун юбилейине арналган «түз эфир»

берүүсүнүн түрмөгү уюштурулуп, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын улуттук валютасын жүгүртүүгө чыгаруунун тарыхый жана экономикалык өбөлгөлөрү тууралуу баяндалып, нак акча жүгүртүлүшүнүн уюштурулушу, акча-кредит саясатынын негизги каражаттары жана аны жүргүзүүдөгү Улуттук банктын ролу, банкноттордун коргоо мүнөздөмөлөрү, жүгүртүү монеталарынын чыгарылышы жөнүндө кең-кесири сөз болгон.

Өлкөнүн башкы банкынын жетекчилери жана кызматкерлери «түз эфир» берүүсүнө катышуу учурунда, өлкөдө накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча мамлекеттик программанын аткарылышынын жүрүшү менен таныштырып, нак жана нак эмес төлөмдөрдүн уюштурулушу, «эмгек акы» долбоорлору, республиканын төлөм системасын өнүктүрүү келечектери, ошондой эле коммерциялык банктар системасын өнүктүрүү тенденциясына тиешелүү суроолорго жооп берип, кредиттөө жана пайыздык чендер, депозиттерди коргоо системасынын иштөө механизмдери, коммерциялык банктар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүү, бүтүндөй банк тутумун өнүктүрүү келечектерине тиешелүү радио угуучулардын суроолоруна да жооп беришкен.

*Коомдук пикирди билүү*

Улуттук банктын калайык-калк менен өз ара иш алып баруусун камсыз кылуу боюнча иш, Улуттук банктын борбордук офисинде сыяктуу эле, ар бир областтык башкармалыгында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген Коомдук пикирди билүү кызматына жүктөлгөн милдеттин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Анын иши эң оболу, Улуттук банктын компетенциясына кирген бардык маселелер боюнча консультацияларды жана маалыматтарды берүүгө, коомчулуктун өкүлдөрүнүн Улуттук банктын жетекчилиги жана адистери менен банк-финансы чөйрөсүнүн актуалдуу проблемаларын талкууга алуу максатында жолугушууларын уюштурууга жана өткөрүүгө, кат аркылуу кайрылуулар менен иш алып барууга багытталган (бардыгы болуп 2008-жылы тогуз миңге жакын кайрылуу түшкөн, алардын ичинен 919 кат жүзүндөгү кайрылуу болгон).

Улуттук банкка келип түшкөн кат жүзүндө кайрылууларда негизинен, чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата эсептик курсу, Улуттук банк белгилеген эсептик чен, банктык эмес финансы-кредит мекемелерин ачуу тартиби, ошондой эле эскилиги жеткен банкнотторду алмашуу тартиби жана нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, МКВларды сатып алуу тартиби жөнүндө маалыматтарды берүү өтүнүчү камтылган.

Мындан тышкары, банктын адистери ар кандай максаттар, анын ичинде ипотекалык кредиттерди алуу тартиби, «банк-кардарлардын» укуктук өз ара мамилелер боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү, банктык жана банктык эмес мекемелердин ишин жөнгө салуу, банкрот болгон банктардын аманаттарды жана сактык аманаттарын кайтарып берүү тартиби, нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, акча которууларды жүзөгө ашыруу, акча-кредит саясатынын айрым маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү, валюта рыногундагы жагдай тууралуу, алтын валюта камдарына тиешелүү, тышкы карызга, ошондой эле дүйнөлүк финансылык кризистин өлкөнүн банк системасына тийгизип жаткан таасири боюнча маалыматтарды берип, консультацияларды сунуштаган.

*Жолугушуулар, семинарлар*

Жогорку Кеңештин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин курамына кирген депутаттары Улуттук банкка келип, банк жетекчилиги менен жолугушуп, бир катар алдыңкы бөлүмдөрдүн, автоматташтырылган тоорук системасынын, банктар аралык валюта рыногунда жана мамлекеттик баалуу кагаздардын экинчилик рыногунда операциялардын ишке ашырылышы, эскилиги жеткен банкнотторду жок кылуу процесси менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн алышкан.

2008-жылы «Улуттук банктын өлкөнүн борбордук банкы катары ролу жана аткарган милдети» темасында, салтка айланган семинарларды өткөрүү иши улантылган. Бул семинарлар жогорку окуу жайларынын экономика факультети-

нин студенттери үчүн уюштурулуп, аларга Улуттук банктын нумизматикалык экспозициясы менен таанышуу мүмкүнчүлүгү сунушталган. Борбордук банктын иши, акча-кредит саясатын жүргүзүүдөгү анын ролу, ошондой эле калайык-калктын жүрүп жаткан экономикалык процесстерди түшүнүү деңгээлин жогорулатуу, мына ушул семинарлардын максатынан болгон.

*Региондордогу маалымат берүүлөр*

Банктын областтык башкармалыктары тарабынан «Сом – Кыргызстандын жүзү» маалыматтык кампаниясынын чегинде иш-чараларды уюштуруу улантылган. Жалал-Абад, Нарын, Ош жана Талас областтык башкармалыктарынын адистери орто мектептердин жана жогорку окуу жайларынын окуучулары үчүн улуттук валютага карата аяр мамиле жасоо, сомдун коргоо элементтерин айырмалап түшүнүү, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү, эскилиги жеткен банкнотторду алмашуу тартиби, нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, Кыргыз Республикасынын банк тутуму жөнүндө жалпы маалыматтарды берүү жагында лекцияларды окушуп, аларды кызыктырган суроолорго жооп беришкен. Мындан тышкары, «Улуттук валютанын тарыхы» темасында эң мыкты жазылган сочинениянга жана мыкты сүрөткө сынактар уюштурулган. Нарын областтык башкармалыгында улуттук валюта жөнүндө радио-викторина өткөрүлгөн. Ал эми эскилиги жеткен банкнотторду алмаштыруу тартиби жөнүндө кең-кесири маалымат берген плакаттар, республиканын бардык областтары боюнча таркатылган.

# III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2008-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

## МАЗМУНУ


| | Беттери |
|---|---|
| 2008-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУН ДАЯРДАЛЫШЫНА ЖАНА БЕКИТИЛИШИНЕ ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖЕТЕКЧИЛИК ТАРАБЫНАН ТАСТЫКТАЛЫШЫ | 1 (105) |
| КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРЛОРДУН ОТЧЕТУ | 2 (106) |
| 2008-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ: | |
| Бухгалтердик баланс | 3 (107) |
| Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет | 4 (108) |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет | 5 (109) |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет | 6 (110) |
| Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр | 8 (112) |

# 2008-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

## 7.1. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчеттун даярдалышына жана бекитилишине жоопкерчиликтин жетекчилик тарабынан тастыкталышы

Финансылык отчеттун 2 (106)-бетинде берилген көз карандысыз аудиторлордун отчетунда камтылган аудиторлордун милдеттери менен бирге каралууга тийиш болгон төмөндөгү билдирүү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын («Улуттук банк») финансылык отчетуна карата аудиторлордун жана жетекчиликтин жоопкерчиликтерин чектеп белгилөө максатында берилген.

Улуттук банктын жетекчилиги 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн Улуттук банктын финанслык абалынын бардык олуттуу аспектилерин так чагылдырган финансылык отчеттун даярдалышына, иш натыйжасына, акча каражаттарынын жылышына жана капиталдагы өзгөрүүлөргө, Улуттук банктын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) негизденген эсепке алуу саясатына ылайык жооп берет.

Финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү:

– бухгалтердик эсепке алуунун алгылыктуу принциптеринин тандалышына жана алардын ырааттуу колдонулушуна;
– негиздүү баа берүүлөрдү жана эсептөөлөрдү колдонууга;
– Улуттук банктын ФОЭСке негизденген эсепке алуу саясатынын талаптарын сактоо жана ФОЭСтен бардык олуттуу четтөөлөрдү финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөрдө ачык көрсөтүлүшүнө;
– Улуттук банк өз ишин келечекте да жүзөгө ашыра тургандыгына таянуу менен финансылык отчеттун даярдалышына.

Жетекчилик ошондой эле, төмөнкүлөр үчүн да жоопкерчиликтүү:

– Улуттук банкта ички контролдуктун натыйжалуу жана ишенимдүү системасын иштеп чыгуу, колдонууга киргизүү жана анын ишин камсыз кылуу;
– Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө кайсыл болбосун учурда жетиштүү деңгээлде так маалыматтарды даярдоого мүмкүндүк берген бухгалтердик эсепке алуу системасын колдоо жана финансылык отчеттун, Улуттук банктын ФОЭСке негизденген эсепке алуу саясатынын талаптарына ылайык келүүсүн камсыз кылуу;
– бухгалтердик эсепке алууну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүү;
– Улуттук банктын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн өз компетенциясынын чегинде чараларды көрүү; жана
– алдамчылык, каталарга жол берүү жана абалдан кыянатчылык менен пайдалануу фактыларын аныктоо жана аларга бөгөт коюу.

2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн бул финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын чын куран айынын тогузунда бекитилген.

| | |
|---|---|
| Алапаев М.О. | Айдаркулов Ш.А. |
| Төрага<br>2009-жылдын чын куран айынын тогузу<br>Бишкек ш.<br>Кыргыз Республикасы | Башкы бухгалтер<br>2009-жылдын чын куран айынын тогузу<br>Бишкек ш.<br>Кыргыз Республикасы |

## 7.2. Көз карандысыз аудиторлордун отчету

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына

**Финансылык отчет боюнча корутунду**

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары «Улуттук банк») өзүндө 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча бухгалтердик балансты, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө, капиталдагы өзгөрүүлөр жана ошол күнү бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө тиешелүү отчетторду, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги принциптерин ачып көрсөтүүлөрдү жана башка түшүндүрмөлөрдү камтыган, кароого сунушталган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

**Жетекчиликтин финансылык отчет үчүн жоопкерчилиги**

Жетекчилик ушул финансылык отчеттун даярдалышы жана финансылык отчетко карата 3-түшүндүрмөдө баяндалган аны берүү негиздерине ылайык келүүсү үчүн жоопкерчиликтүү болот. Бул жоопкерчилик финансылык кыянатчылыкка барууларда, каталарга жол берүүлөрдөн улам олуттуу бурмалоолорду камтыбаган, финансылык отчеттун даярдалышына жана анын так берилишине ички контролдук системасын түзүүнү, колдонууга киргизүүнү жана колдоого алууну, ошондой эле жагдайлар менен негизделген бухгалтердик баа берүүлөрдү колдонууну камтыйт.

**Аудиторлордун жоопкерчилиги**

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мына ушул финансылык отчет жөнүндө ой пикирди билдирүү биздин милдет. Биз аудитти, Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар аудиторлор тарабынан этикалык нормалардын милдеттүү түрдө сакталышын, ошондой эле финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү ишенимде болуу максатында аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Аудит, сандык көрсөткүчтөргө жана финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөргө тиешелүү аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл болгон жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, финансылык кыянатчылыктардын же каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен финансылык отчеттогу олуттуу бурмалоолор тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк пикирине негизденет. Мына ушундай тобокелдиктерге баа берүү ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна тиешелүү пикир билдирүү максатында эмес, ошол жагдайларда колдонууга боло турган аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, финансылык отчеттун даярдалышына жана анын тактыгына ички контролдук системасын кароону камтыйт. Аудит ошондой эле, колдонулган эсепке алуу саясатынын укук ченемдүүлүгүнө жана жетекчиликтин жол берүүлөрүнүн негиздүүлүгүнө баа берүүнү, ошондой эле бүтүндөй финансылык отчеттун берилишине баа берүүнү да камтыйт. Биз алынган аудитордук далилдер мына ушул финансылык отчет жөнүндө пикир билдирүү үчүн жетиштүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

**Пикир**

Биздин пикирибизче, кароого сунушталган финансылык отчет Улуттук банктын 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, финансылык отчетко карата 3-түшүндүрмөдө баяндалган отчет берүү негиздерине ылайык финансылык абалын, ошондой эле анын ишинин финансылык натыйжаларын жана ушул күндө бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы бардык олуттуу аспектилеринде так чагылдырылган.

2009-жылдын чын куран айынын ону
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

## 7.3. 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча бухгалтердик баланс

*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Баалуу металлдар | 6 | 2 785 358 | 2 467 527 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 7 | 22 615 524 | 26 034 108 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 8 | 22 234 147 | 12 959 655 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 9, 27 | 3 505 088 | 4 094 161 |
| Туунду компанияларга инвестициялар | 10, 27 | 15 000 | 28 000 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 11 | 562 771 | 536 402 |
| Башка активдер | 12 | 742 524 | 528 206 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, АКТИВДЕР** | | **52 460 412** | **46 648 059** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 13 | 30 803 279 | 27 561 852 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 14, 27 | 4 395 994 | 4 022 231 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 27 | 4 774 147 | 5 438 446 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча тартылган каражаттар | 15 | - | 195 499 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 16 | 1 641 751 | 1 426 507 |
| Алынган кредиттер | 17, 27 | 6 762 686 | 5 548 876 |
| Башка милдеттенмелер | 18 | 181 033 | 78 640 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | **48 558 890** | **44 272 051** |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 19 | 300 000 | 50 000 |
| Милдеттүү камдар | | 1 282 357 | 1 193 530 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 1 183 329 | - |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 29 286 | 3 054 |
| Отчеттук жылдын пайдасы | | 1 106 550 | 1 129 424 |
| Жыйынтыгында капитал | | 3 901 522 | 2 376 008 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | **52 460 412** | **46 648 059** |

Алапаев М.О.

Төрага
2009-жылдын чын куран айынын тогузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.

Башкы бухгалтер
2009-жылдын чын куран айынын тогузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 8 (112) – 43 (147)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.4. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет

*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 20, 27 | 2 110 558 | 1 760 700 |
| Пайыздык чыгашалар | 20, 27 | (311 379) | (297 617) |
| **ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | | **1 799 179** | **1 463 083** |
| Комиссиондук кирешелер | | 10 379 | 8 310 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (1 324) | (5 118) |
| **ТАЗА КОМИССИОНДУК КИРЕШЕ** | | **9 055** | **3 192** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камдарды (түзүү)/калыбына келтирүү | 21 | (318 875) | 36 497 |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 22 | 86 028 | 31 027 |
| Башка кирешелер | 27 | 25 528 | 5 477 |
| **ТАЗА ПАЙЫЗСЫЗ (ЧЫГАША)/КИРЕШЕ** | | **(207 319)** | **73 001** |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК КИРЕШЕЛЕР** | | **1 600 915** | **1 539 276** |
| Административдик чыгашалар | 23 | (354 855) | (278 447) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (139 510) | (131 405) |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ЧЫГАШАЛАР** | | **(494 365)** | **(409 852)** |
| **ТАЗА ПАЙДА** | | **1 106 550** | **1 129 424** |

Алапаев М.О.

Төрага
2009-жылдын чын куран айынын тогузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.

Башкы бухгалтер
2009-жылдын чын куран айынын тогузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 8 (112) – 43 (147)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.5. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет

*(миң сом менен)*

| | Эскер-түү | Уставдык капитал | Милдет-түү камдар | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестиция-ларды кайра баалоо боюнча кам | Отчеттук жылдын пайдасы | Жыйын-тыгында капитал |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2006-жылдын бештин айынын отуз бири** | | **50 000** | **1 069 423** | **-** | **(320)** | **413 690** | **1 532 793** |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | | - | - | - | - | (289 583) | (289 583) |
| Өткөн жылдын пайдасын камдарга которуу | | - | 124 107 | - | - | (124 107) | - |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган чыгым | | - | - | (73 114) | - | - | (73 114) |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган чыгымды түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которуу | | - | - | 73 114 | - | - | 73 114 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализацияланбаган пайда | | - | - | - | 3 374 | - | 3 374 |
| Таза пайда | | - | - | - | - | 1 129 424 | 1 129 424 |
| **2007-жылдын бештин айынын отуз бири** | | **50 000** | **1 193 530** | **-** | **3 054** | **1 129 424** | **2 376 008** |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | 19 | - | - | - | - | (790 597) | (790 597) |
| Өткөн жылдын пайдасын камдарга которуу | | - | 338 827 | - | - | (338 827) | - |
| Камдарды уставдык капиталды толуктоого которуу | 19 | 250 000 | (250 000) | - | - | - | - |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | - | - | 1 183 329 | - | - | 1 183 329 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализацияланбаган пайда | | - | - | - | 26 232 | - | 26 232 |
| Таза пайда | | - | - | - | - | 1 106 550 | 1 106 550 |
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** | | **300 000** | **1 282 357** | **1 183 329** | **29 286** | **1 106 550** | **3 901 522** |

Алапаев М.О.

Төрага
2009-жылдын чын куран айынын тогузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Айдаркулов Ш.А.

Башкы бухгалтер
2009-жылдын чын куран айынын тогузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 8 (112) – 43 (147)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.6. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет

*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | | |
| Алынган пайыздар жана комиссиондук төлөмдөр | | 1 356 771 | 1 525 337 |
| Төлөнгөн пайыздар жана комиссиондук төлөмдөр | | (223 761) | (116 807) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча реализацияланган пайда | | 99 514 | 104 141 |
| Башка кирешелер | | 33 886 | 24 917 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | | (164 148) | (132 035) |
| Административдик чыгашалар | | (268 299) | (325 069) |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык ишкердиктен акча каражаттарынын агылып кирүүсү | | 833 963 | 1 080 484 |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсү | | | |
| Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/азайуусу: | | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | | (3 617 143) | 4 080 063 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | | (8 533 857) | (4 556 913) |
| Башка активдер | | 950 | (21 513) |
| Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү/(азайуусу): | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | | 3 241 426 | 7 652 103 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | | 172 614 | 802 979 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | | (492 755) | 532 898 |
| Кадимки иштин жүрүшүндө чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | | 215 245 | 1 362 564 |
| Башка милдеттенмелер | | 99 204 | 1 016 |
| Операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза (агылып чыгуусу)/агылып кирүүсү | | (8 080 353) | 10 933 681 |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | (112 764) | (132 544) |
| Инвестицияларды уюмдардын капиталына сатуудан түшүүлөр | | 13 000 | - |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларды төлөөдөн түшүүлөр | | 379 342 | 81 262 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардан алынган пайыздар | | 98 049 | 80 503 |
| Алынган дивиденддер | 27 | 2 143 | 1 309 |
| Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү | | 379 770 | 30 530 |

## 7.6. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет (уландысы)

*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | | |
| Алынган кредиттерден түшүүлөр | | 1 637 592 | 164 024 |
| Алынган кредиттер боюнча төлөөлөр | | (905 870) | (990 029) |
| Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү/(агылып чыгуусу) | | 731 722 | (826 005) |
| *Чет өлкө валютасынын курсунун өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири* | | 507 153 | (503 248) |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА (АЗАЙУУСУ)/КӨБӨЙҮҮСҮ | | (6 461 708) | 9 634 958 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл башына карата | 7 | 17 715 863 | 8 080 905 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл акырына карата | 7 | 11 254 155 | 17 715 863 |

| Алапаев М.О. | Айдаркулов Ш.А. |
|---|---|
| Төрага | Башкы бухгалтер |
| 2009-жылдын чын куран айынын тогузу | 2009-жылдын чын куран айынын тогузу |
| Бишкек ш. | Бишкек ш. |
| Кыргыз Республикасы | Кыргыз Республикасы |

Финансылык отчеттун 8 (112) – 43 (147)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.7. 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр

*(миң сом)*

### 1. Уюм

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары "Улуттук банк") Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат жана ал 1992-жылдын бештин айынын он экисинде "Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы деп кайрадан аталган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламенти) 1997-жылдын теке айынын экисинде "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" жаңы мыйзамды кабыл алып, анын негизинде (2007-жылдын бирдин айынын он экисиндеги №17, 2007-жылдын бугу айынын отузундагы №75, 2007-жылдын кулжа айынын төртүндөгү №77, 2007-жылдын баш оона айынын тогузундагы №143, 2008-жылдын бугу айынын он алтысындагы №87, 2008-жылдын бугу айынын он тогузундагы №90, 2008-жылдын теке айынын он сегизиндеги №154, 2008-жылдын тогуздун айынын он жетисиндеги №224, 2008-жылдын жетинин айынын үчүндөгү №236 мыйзамдардын редакциясында) Улуттук банк учурда өз ишин жүзөгө ашырып келүүдө.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын турукташуусуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын иш максаты.

Улуттук банк төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

- акча-кредит жана валюта саясатын аныктайт жана жүргүзөт;
- төлөм системасынын натыйжалуу иштешине жана банктар аралык төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга шарт түзөт;
- банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгарат;
- эл аралык алтын-валюта камдарын тескөөгө алат;
- коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялайт;
- коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат; жана
- Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган башка милдеттерди аткарат.

Улуттук банктын катталган офиси: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т.Үметалиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча жайгашкан.

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында анын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

Улуттук банктын 2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 600 жана 577 адамды түзгөн.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын чын куран айынын тогузунда бекитилген.

### 2. Кыргыз Республикасында экономикалык чөйрө

Акыркы бир катар жылдары Кыргыз Республикасында олуттуу саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүргөн. Экономикасы өнүгүп келе жаткан өлкө катары Кыргыз Республикасы, рынок экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй ишкердик жана мыйзамдык инфраструктурага толук ээ боло албай келет. Натыйжада, Кыргыз

Республикасында ишке ашырылган операциялар өнүккөн рынок экономикасына ээ өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон тобокелдиктерге дуушар болушу ыктымал.

Бул финансылык отчет келечекте, учурда орун алып турган белгисиздик жагдайынын чечилишинен улам, зарылчылыгы келип чыккан кандайдыр бир корректировкалоолорду өзүнө камтыбайт. Чагылдыруу ачык айкын болуп, алардын сандык маанисине баа берүү мүмкүн болгон мезгилде гана отчетко корректировкалоолор киргизилиши мүмкүн.

## 3. Финансылык отчетту түзүү принциптери

**Бухгалтердик эсепке алуунун негизги принциптери**

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын теке айынын экинсинде кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банк Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын ("ФОЭС") эске алуу менен Улуттук банк үчүн бухгалтердик эсепке алуу саясатын жана ыкмаларын аныктайт.

Финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын бештин айынын онунда жактырылган Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык даярдалган. Улуттук банктын эсепке алуу саясаты Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет тарабынан чыгарылган ФОЭСке жана төмөндө берилген айрым модификацияларды эске албаганда, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитет тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген:

– баалуу металлдар рыноктук баа боюнча эсепке алынат жана кайра баалоодон таза реализацияланбаган киреше, ошондой эле чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон киреше өздүк капиталда таанылат. Жогоруда көрсөтүлгөн активдерди кайра баалоого байланыштуу таза реализацияланбаган чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда капиталда мурда таанылган реализацияланбаган пайдадан ашкан бөлүгүндө таанылат;

– Улуттук банктын туунду компанияларынын отчеттору банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт. Туунду компанияларга инвестициялар убактылуу мүнөздө болгондуктан, баанын түшүүсүнөн топтолгон чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы сатып алуу наркы боюнча чагылдырылат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар жана баанын түшүүсүнөн чыгымдарды калыбына келтирүүлөр түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

Бул финансылык отчет, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, миң сом менен берилген. Финансылык отчет адилет наркы боюнча эсепке алынган айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, баштапкы (тарыхый) нарк принцибинин негизинде даярдалган.

**Функционалдык валюта**

Улуттук банктын финансылык отчетунда камтылган статьялар, улуттук валютага тиешелүү окуялардын же жагдайлардын негизинде түптөлгөн экономикалык маңызды чагылдырган валютаны пайдалануу менен бааланат (мындан ары функционалдык валюта). Ал эми ушул финансылык отчетто кыргыз сому функционалдык валюта болуп саналат.

## 4. Эсепке алуу саясатынын негизги принциптери

**Финансылык инструменттерди таануу жана баа берүү**

Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап болуп саналса, Улуттук банктын балансында чагылдырылат. Улуттук банк финансылык активдерди жана

милдеттенмелерди дайыма болуп туруучу мүнөзгө ээ сатып алууну жана реализациялоону эсептешүүлөр күнү боюнча чагылдырат. Ушундай жол менен сатылып алынган, кийинчерээк адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер бүтүмгө келишилген учурдан тартып жана белгиленген эсептешүү күнүнө чейин сатылып алынган инструмент катары эсепке алынат.

Финансылык активдер жана милдеттенмелер алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер жана милдеттенмелер болуп саналбаган финансылык активдердин жана милдеттенмелердин баштапкы наркы, финансылык активди сатып алууга же түзүүгө, же болбосо финансылык милдеттенмелердин чыгарылышына түздөн-түз байланыштуу келип чыккан операциялык чыгымдардын суммасына корректировкаланат. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин наркына кийинки баа берүү принциптери эсепке алуу саясатынын төмөндө келтирилген тиешелүү жоболорунда чечмеленет.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Улуттук валютадагы акча краажттары жүгүртүүдөгү банкнотттордун жана монеталардын курамындагы калдыктын азайуусу катары чагылдырылат.

Акча каражаттарынын жылышын аныктоо максатында акча каражаттары жана алардын эквиваленттери банктарда жана башка финансы мекемелеринде талап боюнча төлөө шарттарында жайгаштырылган бош калдыктарды, ошондой эле чет өлкө валютасындагы нак акча каражаттарын камтыйт.

**Баалуу металлдар**

Баалуу металлдар баланс түзүү күнүнө карата рыноктук баасы боюнча эсепке алынат. Рыноктук баа баалуу металлдардын Лондондогу рыногунун таңкы сессиясында белгиленген баа деңгээлинде аныкталат.

Улуттук банктын жетекчилиги банктын контрагенттеринин финансылык абалына туруктуу мониторингди жүзөгө ашырат жана кредиттик рейтингдин төмөндөөсү шартында, баанын түшүүсүнө кам түзөт.

**Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар**

Улуттук банк адаттагы ишинин жүрүшүндө каражаттарды жайгаштырып, банктарга жана башка финансы мекемелерине ар кандай мөөнөттөргө аманаттарды жайгаштырат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар алгач адилет наркы боюнча таанылат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги катталган мөөнөттөгү каражаттар, кийинчерээк эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча баалануу менен баанын түшүүсүнө кандай болбосун камды эсептен алып салуу менен эске алынат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги катталган мөөнөтсүз каражаттар, күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрүнүн негизинде, амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

**Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар**

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар белгисиз мезгил аралыгына кармап туруу болжолдонгон баалуу кагаздарды түшүндүрөт. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк бул баалуу кагаздар, кайра баалоонун натыйжасын, баалуу кагаздар сатылганга чейинки баанын түшүүсүнөн тышкары, түздөн-түз капитал эсебине чегерүү менен адилет наркы боюнча бааланат, мында мурда капиталда таанылган топтолгон пайда/ чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Баанын түшүүсүнөн чыгым, оң жана терс курстук айырма, ошондой эле эффективдүү пайыздык чен ыкмасынын негизинде эсептелинген пайыздык кирешелер түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын адилет наркын аныктоо үчүн Улуттук банк рыноктук котировкаларды пайдаланат.

Эгерде сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын баасынын түшүүсүнүн объективдүү себеби орун алса, анда мурда түздөн-түз капиталга чегерилген чогуу алгандагы чыгым, капиталдан отчеттук мезгилдеги түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которулат. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан жана ал баанын түшүүсүнөн кийинки жагдайларга түздөн-түз байланыштуу болгон мына ушундай чыгымды калыбына келтирүү отчеттук мезгилдеги түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

**Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар**

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар, Улуттук банк бул баалуу кагаздарды төлөөгө чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон шартта, аныкталган же катталган төлөмдөрү менен карыздык баалуу кагаздарды түшүндүрөт. Мындай баалуу кагаздар баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салуу менен амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат. Төлөөгө чейинки мөөнөт ичиндеги дисконтту амортизациялоо, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен төлөөгө чейинки мезгил ичиндеги пайыздык киреше катары чагылдырылат.

**Баанын түшүүсүнө кам**

*Амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынуучу активдер*

Улуттук банк финансылык активдер боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдарды, финансылык активдин баасынын түшкөндүгүн объективдүү тастыктоолор болгон шартта гана, эсепке алат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар, финансы активинин баштапкы эффективдүү пайыздык чен боюнча дисконттолгон гарантиялар жана камсыздоолорго тиешелүү орду толтурулуп берилүүчү суммаларды кошо алганда, күтүлүп жаткан акчалай түшүүлөрдүн баланстык наркы менен алардын утурумдук наркынын ортосундагы айрыма катары бааланат.

Баанын түшүүсүнөн келип чыккан мындай чыгымдардын орду, кийинки мезгилде баанын түшүүсүнөн чыгымдардын суммасы азайып жана ал ордун толтуруп берүү сыяктуу баанын түшүүсүн таануудан кийинки жагдайларга объективдүү түрдө байланыштуу болушу мүмкүндүгүн эске албаганда, толтурулбайт. Бул учурда баанын түшүүсүнөн мурда таанылган чыгымдын орду, камды корректировкалоо аркылуу толтурулат.

Өздүк наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер үчүн баанын түшүүсүнөн чыгымдар, финансылык активдин баланстык наркы менен ушундай эле финансылык актив боюнча пайданын утурумдук рыноктук нормасын пайдалануу менен дисконттолгон, акча каражаттарынын эсептелинген келечектеги жылышынын утурумдук наркынын ортосундагы айрыма катары бааланат. Баанын түшүүсүнөн мындай чыгымдардын орду толтурулбайт.

*Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Сатуу үчүн колдо болгон активдин баасынын түшүүсү жүрсө, анда анын баштапкы наркы менен (кандай болбосун негизги сумманы жана амортизацияны эсептеп алып салуу менен) учурдагы адилет наркынын ортосундагы айрыманы камтыган сумма, мурда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылган баанын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгымды эсептен алып салуу менен капиталдан түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которулат. Карыздык инструменттер боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдарды алып салуу, эгерде инструменттин адилет наркынын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болушу

мүмкүн болсо, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу орду толтурулат.

Улуттук банктын жетекчилиги банктын контрагенттеринин финансылык абалына туруктуу мониторингди жүзөгө ашырат жана кредиттик рейтингдин төмөндөөсү шартында баанын түшүүсүнө кам түзөт.

**Финансылык активдерди жана милдеттенмелерди таануунун токтотулушу**

*Финансылык активдер*

Финансылык активдин чагылдырылышы (же колдонууга ылайыктуу болсо, финансылык активдин бөлүгүн) төмөнкү учурларда токтотулат:

– активден акча каражаттарын алуу укугунун аракети токтотулган болсо;

– Улуттук банк активден акча каражаттарын алууга өз укугун өткөрүп берсе же активден акча каражаттарын алуу укугун өзүндө калтырып, бирок "өткөрүп берүү" жөнүндө келишим боюнча үчүнчү тарапка көпкө кармоосуз аларды төлөп берүү милдеттенмесин алган болсо; жана

– Улуттук банк же (а) актив боюнча бардык тобокелдикти же пайданы иш жүзүндө өткөрүп берген, же (б) актив боюнча бардык тобокелдикти жана пайданы өткөрүп берген эмес, өзүнө калтырган эмес, бирок активдин үстүнөн контролдукту өткөрүп берген учурларда.

Финансылык активди таануу, ал өткөрүлүп берилген жана таанууну токтотуу үчүн талаптар аткарылган учурда токтотулат. Өткөрүп берүү Улуттук банктан же: (а) актив боюнча акча алууга контракттык укукту өткөрүп берүүнү; же (б) актив боюнча акча каражаттарына укукту өзүндө калтырууну, бирок ошол акчаларды үчүнчү жакка төлөп берүү боюнча контракттык милдеттенмени өзүнө алууну талап кылат. Өткөрүп бергенден кийин Улуттук банк өзүндө тобокелдикти сактап калган абалга жана өткөрүлүп берилген активге ээлик кылуудан алынуучу пайдага кайра баалоону жүргүзөт. Эгерде бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен сакталган болсо, актив баланста калат. Эгерде бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен өткөрүлүп берилген болсо, актив эсептен алынып салынат. Эгерде бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен калтырылбаган, өткөрүлүп берилбеген болсо, Улуттук банк активдин үстүнөн контролдук сакталып калынганбы, ошого баа берүүнү жүргүзөт. Эгерде ал активге контролдукту сактап калбаса, актив эсептен алынып салынат. Эгерде Улуттук банк активге контролдукту сактап калса, активди анын катышуусу кандай уланса ошол чекте таанууну улантат.

*Финансылык милдеттенмелер*

Финансылык милдеттенмелер аткарылган, алынып салынган же мөөнөтү бүткөн учурда эсептен алынат.

Орун алган финансылык милдеттенмелер, ошол эле кредитор алдында башка олуттуу шарттардагы башка милдеттенмеге алмаштырылса, же орун алган милдеттенменин шарттары олуттуу өзгөртүлсө, анда мындай алмашуу же өзгөрүү баштапкы милдеттенмени эсептен алып салуу жана жаңы милдеттенмени таануу катары эсепке алынуу менен тиешелүү балансттык нарктагы айырма, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

**Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер**

Амортизация, активдерди пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү ичинде эсептен алып салуу максатында, негизги каражаттар менен материалдык эмес активдердин балансттык наркына чегерилет. Амортизацияны чегерүү төмөндө келтирилген нормаларды пайдалануу менен түз линиялык ыкманын негизинде жүргүзүлөт:

| | |
|---|---|
| Имараттар | 2% |
| Курулмалар | 5% |
| Эмерек жана жабдуулар | 20% |
| Компьютерлер | 20%-30% |
| Транспорт | 20% |
| Материалдык эмес активдер | 30% |

Эгерде капиталдаштыруу талаптарын канааттандырбаса, утурумдук ремонт боюнча чыгашалар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, алар келип чыккан мезгил ичинде операциялык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

Ар бир отчеттук күнгө карата Улуттук банк, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин баланстык наркы алардын калыбына келтирилүүчү наркынан ашпайбы же жокпу, ошого баалоону жүргүзөт. Калыбына келтирүүчү нарк – бул сатуу боюнча сарптоолорду жана керектөө наркын эсептен алып салуу менен адилет нарктын ичинен чоң маани. Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин баланстык наркы алардын калыбына келтирүүчү наркынан ашкан учурда Улуттук банк, негизги каражаттардын баланстык наркын алардын калыбына келтирүүчү наркына чейин азайтат. Баанын түшүүсүнөн чыгым чагылдырылгандан кийин, негизги каражаттар боюнча амортизациялык чегерүүлөр, кийинки мезгилдерде калдык нарктты эсептен алып салуу менен активдин кайра эсептелинген баланстык наркын (эгерде бул болжолдонгон болсо) пайдалуу кызмат өтөөнүн калган мөөнөттөрүнө бирдей ченемде бөлүштүрүү максатында, корректировкаланат.

**Салык алуу**

Улуттук банк пайда салыгын төлөөчү болуп саналбайт. Улуттук банктын ишине карата колдонулуучу бюджетке бардык милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык төлөнөт. Улуттук банктын агент катары төлөөчү салыгы, Салык кодексине ылайык аныкталат. Бул салыктар операциялык чыгашалардын курамында, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

**Банктардын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар жана алынган кредиттер**

Банктардын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар жана алынган кредиттер эсепке алууда алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк мына ушундай операциялар боюнча милдеттенмелер амортизациялык наркы боюнча чагылдырылат, ал эми баланстык нарк менен төлөө наркынын ортосундагы тиешелүү айрыма, карыз алуу мөөнөтү ичинде, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, пайыздык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

**Уставдык капитал жана камдар**

Улуттук банк катталган өлчөмдөгү уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү же азайтуу "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркы боюнча эсепке алынат.

Милдеттүү камдар аларды бөлүштүрүү учурунда, пайдадан чегерүү аркылуу топтолот. Милдеттүү камдар баштапкы наркында эсепке алынат. 2008-жылдын бугу айынын он алтысында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдүн киргизилишине байланыштуу, аларды уставдык капиталды жана милдеттүү камдарды толуктоого багыттоо жолу менен жалпы камдар алынып салынган.

**Кирешелерди жана чыгашаларды таануу**

*Пайыздык кирешелерди жана чыгашаларды таануу*

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар чегерүү принциби боюнча чагылдырылат жана эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча эсептелинет. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы – бул финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизациялык наркын эсептөөдө, ошондой эле пайыздык кирешени же пайыздык чыгашаны тиешелүү мезгилге чегерүүдө колдонулуучу ыкма. Эффективдүү пайыздык чен – бул анын жардамы менен келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү финансылык активдин же финансылык милдеттенменин учурдагы таза наркына ылайык келтирилген пайыздык чен. Мында дисконттоо финансы инструментинин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү аралыгында же, эгерде аны колдонууга боло турган болсо, кыйла кыска мөөнөткө ишке ашырылат.

Эгерде финансылык актив баанын түшүүсүнүн натыйжасында алынып салынган (жарым жартылай алынып салынган) болсо, пайыздык киреше, баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептөө максатында келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

Адилет наркы боюнча бааланган активдерден алынган пайыздар, пайыздык киреше катары классификацияланат.

*Комиссиондук кирешелерди жана чыгашаларды таануу*

Клиринг жана гросстук төлөмдөрдү ишке ашыргандык үчүн комиссиондук кирешелер, ошондой эле банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча комиссиондук чыгашалар, кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышына жараша таанылат. Башка комиссиондук төлөмдөр кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышына жараша чагылдырылат.

**Чет өлкө валюталарын кайра эсептөө ыкмасы**

Улуттук банктын финансылык отчету Улуттук банк өз ишин жүргүзгөн негизги экономикалык чөйрөнүн валютасында (анын функционалдык валютасын) берилген. Функционалдык валютадан башка валюталарда келишилген бүтүмдөр, бүтүм ишке ашырылган күнгө карата алмашуу курсу боюнча эсепке алынат. Мына ушундай бүтүмдөрдүн натыйжасында алынган пайда же чыгым, баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайдага кошулат.

Финансылык отчетту берүү максатында Улуттук банктын чет өлкө операциялары боюнча активдери жана милдеттенмелери, финансы отчетун түзүү күнүнө карата алмашуу курсун пайдалануу менен сом түрүндө берилген.

**Алмашуу курсу**

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банк тарабынан финансылык отчетту түзүүдө колдонулган эсептик алмашуу курстары жөнүндө маалыматтар төмөндө келтирилген:

| | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | **2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** |
|---|---|---|
| сом/АКШ доллары | 39.4181 | 35.4988 |
| сом/евро | 55.4790 | 52.0111 |
| сом/атайы карыз алышуу укугу | 60.8466 | 55.6362 |
| сом/канада доллары | 32.4723 | 36.1790 |
| сом/австралия доллары | 26.9955 | 31.0561 |
| сом/швейцария франкы | 36.6799 | 31.2723 |
| сом/англия фунт стерлинги | 58.2067 | 70.8396 |

**Финансылык депозитарий функциясы**

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, депо эсептери боюнча баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүнү камсыз кылуу аркылуу депозитарийдин кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштайт. Жогоруда аталган кызмат көрсөтүүнүн чегинде алынган активдер жана кабыл алынган милдеттенмелер Улуттук банктын финансылык отчетуна кошулбайт. Мына ушул операциялар боюнча кредиттик жана рыноктук тобокелдиктер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүктөлөт.

**Жетекчиликтин олуттуу баа берүүлөрү жана баа берүүлөрдүн белгисиздик булактары жагында**

Улуттук банктын финансылык отчетун даярдоо жетекчиликтен отчеттук күнгө карата активдердин жана милдеттенмелердин отчетто берилген суммаларына, ошондой эле бүткөн мезгил ичинде кирешелердин жана чыгашалардын суммаларына таасир эткен баа берүүлөрдү жүргүзүүнү талап кылат. Жетекчилик өз ой-пикирлерине жана баалоолоруна баа берүүнү ишке ашырып турат. Жетекчилик өз ой-пикирлеринде жана балоолорунда мурдатан бери топтолгон тажрыйбаларга жана ошол жагдайларда алгылыктуу деп эсептелинген ар кандай факторлорго негизденет. Айкын натыйжа, ар кандай жол берүүлөр жана жагдайлар шартында берилген баа берүүлөрдөн айрымаланышы мүмкүн. Төмөндөгү баа берүүлөр жана ой-пикирлер Улуттук банктын финансылык абалын чагылдыруу үчүн маанилүү деп эсептелинет.

**Финансылык инструменттерге баа берүүлөр**

Сатуу үчүн колдо болгондор катары классификацияланган финансылык инструменттер адилет наркы боюнча эсепке алынат. Мына ушундай финансылык инструменттердин адилет наркы бааланган сумманы түшүндүрөт жана ал боюнча инструмент, мажбурлап же жоюунун негизинде сатуу учурларын эске албаганда, бүтүмгө келишүүгө ниеттенген тараптар ортосунда бүтүмдөргө келишүүдө алмаштырылышы мүмкүн. Эгерде ошол инструмент боюнча котировкалык рыноктук баа орун алса, адилет нарк рыноктук баанын негизинде эсептелинет. Эгерде рынокто баа берүү үчүн параметрлер жок болсо же аларды орун алган рыноктук баадан бөлүүгө мүмкүн болбосо, адилет нарк баалуу кагаздар боюнча контрактылардын шарттарын, ошондой эле пайыздык чен, өзгөрүлмөлүүлүк, алмашуу курсу жана контрагенттин кредиттик рейтинги сыяктуу рыноктук баа берүү параметрлерин кошо алганда, ар бир продукт үчүн алгылыктуу болгон рыноктук маалыматтарга анализдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу аныкталат. Баа берүүнүн рыноктук параметрлери түздөн-түз байкалбаган учурда, жетекчилик рынок тарабынан ошол инструмент боюнча аныкталышы мүмкүн болгон бааны так чагылдырган мына ошондой параметрге алгылыктуу баа берүүнү белгилейт. Мындай баа берүүнү ишке ашыруу учурунда алдын ала алынган маалыматтарды, мурдатан бери топтолгон маалыматтарды жана экстраполяция ыкмасын кошо алганда, ар кандай инструменттер колдонулат. Эгерде инструменттин наркы рынокто орун алган маалыматтар менен салыштыруу аркылуу тастыкталбаса, бүтүмдүн баасы баштапкы таануу учурунда финансылык инструменттин адилет наркын эң мыкты тастыктоочу болуп саналат. Баа берүү ыкмасын колдонуу аркылуу алынган бүтүмдүн баасы менен наркынын ортосунда келип чыккан кандай болбосун айрыма, баштапкы таануу учурунда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылбайт. Кийинчерээк пайда же чыгым рыноктун катышуучулары баа түзүү учурунда кароого алган фактордун өзгөрүүсүнө байланыштуу болгон деңгээлде гана таанылат.

Улуттук банк, котировкалануучу рыноктук баа жок учурда, финансылык инструменттерге баа берүүгө байланыштуу эсептик баа берүү, баа берүүдөгү белгисиздиктин негизги булагы болуп саналат деп эсептейт. Анын таасири баа берүүдөгү өзгөрүүлөрдү

таанууда бухгалтердик баланста чагылдырылган активдерге таасирин тийгизет, ошондой эле мында, пайда/(чыгым) олуттуу болушу мүмкүн.

Жетекчилик пайыздык чендер, өзгөрүлмөлүүлүк, алмашуу курсу, контрагенттин кредиттик рейтинги жана баалоо корректировкалары боюнча башка жол берүүлөрдү пайдаланган болсо, бул рыноктук котировкалар болбогон учурда финансылык инструменттердин наркына баа берүүдө көбүрөөк же азыраак өзгөрүүгө алып келмек, албетте бул Улуттук банктын таза пайдасына олуттуу таасирин тийгизмек.

**Жаңы жана өзгөртүлгөн стандарттарды колдонуу**

Бул жылы Улуттук банк Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет жана Эл аралык финансылык отчеттуулукту чечмелөө боюнча комитет тарабынан бекитилген жана анын операцияларына тиешелүү, ошондой эле 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн мезгил үчүн отчету түзүү учурунда күчүнө кирген бардык жаңы жана өзгөртүлгөн стандарттарды, ошондой эле чечмелөөлөрдү колдонгон. Жаңы жана өзгөртүлгөн стандарттарды, ошондой эле чечмелөөлөрдү кабыл алуу Улуттук банктын эсепке алуу саясатында өзгөрүүлөргө алып келген эмес жана алар ушул жана андан мурдагы жылдардын маалыматтарын чагылдыруу үчүн пайдаланылган.

Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттары боюнча комитеттин 2005-жылдын баш оона айынын он сегизинде Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттарынын «Капитал жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү» деп аталган биринчи стандартына түзөтүүлөрдү киргизген, ал капиталды тескөөгө тиешелүү иш максаттарына, саясатка жана аны уюштуруу процессине байланыштуу маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат. Кошумча маалыматтар өзгөртүлгөн Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттарынын 1-талабына ылайык, учурдагы мезгил жана салыштыруу үчүн алынган мезгилдердин финансылык отчетторунда чечмеленген.

Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттарынын «Финансылык инструменттер таануу жана баа берүү» деп аталган 39 жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын «Финансылык инструменттер: ачып көрсөтүүлөр» деп аталган 7-стандарттарына карата түзөтүүлөр - Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттары боюнча комитет 2008-жылдын тогуздун айынын он үчүндө Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттарынын 39 жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын 7-стандартына карата түзөтүүлөрдү чыгарган. Алар пайдалар жана чыгымдар аркылуу адилет наркы боюнча бааланууучулар категориясынан туунду эмес финансылык активдердин (пайдалар же чыгымдар аркылуу, адилет наркы боюнча бааланууучу финансылык активдер катары алгач таанууда аныкталгандарды кошпогондо) айрым бир кайра классификацияланышына, ошондой эле айрым учурларда ссудалар жана дебитордук карыздар категориясындагы сатуу үчүн колдо болгондор категориясындагы финансылык активдердин кайрадан классификацияланышына жол берет. Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын 7-стандартына карата түзөтүүлөр, эгерде уюм тарабынан Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттарынын 39-стандартына карата түзөтүүгө ылайык, кайра классификациялоо ишке ашырылган болсо, финансылык отчетто ачып көрсөтүүгө карата кошумча талаптар сунушталат. Бул түзөтүүлөр 2008-жылдын тогуздун айынын он үчүнөн тартып анык болуп саналат жана 2008-жылдын теке айынын биринен тартып, белгилүү учурларда ретроспективдүү негизде колдонулушу мүмкүн.

## 5. Классификациялоодогу өзгөрүүлөр

2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык отчетко 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата берилген отчетту сунуштоо формасына аны ылайык келтирүү үчүн классификациялоодо өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Бул

кароого сунушталып жаткан отчеттун формасы Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө тагыраак чагылдыра тургандыгына байланыштуу.

| Классификациялоодогу өзгөрүүлөрдүн мүнөзү | Суммасы | Классифи-кациялоонун өзгөрүүсүнө чейин | Классифи-кациялоонун өзгөрүүсүнөн кийин |
|---|---|---|---|
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги күндөлүк эсептер | 8 277 | 17 632 754 | 17 641 031 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги мөөнөттүү депозиттер | (8 277) | 8 510 859 | 8 502 582 |
| Жалпы камдар | (1 093 530) | 1 093 530 | - |
| Милдеттүү камдар | 1 093 530 | 100 000 | 1 193 530 |

## 6. Баалуу металлдар

Баалуу металлдар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата |
|---|---|---|
| Депозиттердеги алтын | 2 833 091 | 2 467 336 |
| Депозиттердеги күмүш | 155 | 191 |
| | 2 833 246 | 2 467 527 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (47 888) | - |
| **Жыйынтыгында, баалуу металлдар** | **2 785 358** | **2 467 527** |

Алтын жана күмүш физикалык салмагында 2008- жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата өзгөргөн эмес жана тиешелүүлүгүнө жараша, 83 090 троян унциясын жана 364 троян унциясын түзөт.

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн баалуу металлдар боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат, 21-түшүндүрмөдө берилген.

## 7. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар

Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата |
|---|---|---|
| Мөөнөттүү депозиттер | 11 960 529 | 8 502 582 |
| Күндөлүк эсептер | 10 986 933 | 17 641 031 |
| Кошуп эсептелинген пайыздар | 52 973 | 27 735 |
| | 23 000 435 | 26 171 348 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (384 911) | (137 240) |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар** | **22 615 524** | **26 034 108** |

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат, 21-түшүндүрмөдө берилген.

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк тарабынан тиешелүүлүгүнө жараша, 3 жана 5 банкта каражаттар жайгаштырылган, алардын ар биринин карызы банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча калдыктардын чогуу алгандагы көлөмүнүн 10% ашкан.

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча финансылык активди максималдуу жайгаштыруунун суммасы, тиешелүүлүгүнө жараша 22 615 524 миң сомду жана 26 034 108 миң сомду түзгөн.

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчетто берилген акча каражаттары жана алардын эквиваленттери өзүнө төмөнкү компоненттерди камтыйт:

| | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | **2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** |
|---|---|---|
| Банктардагы каражаттар | 10 986 933 | 17 641 031 |
| Нак чет өлкө валютасы | 267 222 | 74 832 |
| **Жыйынтыгында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **11 254 155** | **17 715 863** |

## 8. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **Номинал-дык пайыз-дык чен** | **Адилет нарк** | **Номинал-дык пайыз-дык чен** | **Адилет нарк** |
| **Адилет наркы боюнча эсепке алынган:** | | | | |
| Карыздык баалуу кагаздар – котировкалануучу | | | | |
| *Эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздары* | 1,45% | 13 755 663 | 4,18% | 9 379 637 |
| *Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 5,34% | 5 228 239 | 6,82% | 1 238 904 |
| *Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 3,36% | 2 850 917 | 2,83% | 2 341 114 |
| *АКШ Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 1,25% | 399 328 | - | - |
| **Жыйынтыгында, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар** | | **22 234 147** | | **12 959 655** |

## 9. Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар

| | 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | | 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | |
|---|---|---|---|---|
| | **Номинал-дык пайыз-дык чен** | **Адилет нарк** | **Номинал-дык пайыз-дык чен** | **Адилет нарк** |
| **Карыздык баалуу кагаздар – шарттар каралбаган** | | | | |
| *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 15,19% | 3 505 088 | 9,70% | 3 899 228 |
| **Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери менен шартталган карыздык баалуу кагаздар** | | | | |
| *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | - | - | 6,15% | 194 933 |
| **Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар** | | **3 505 088** | | **4 094 161** |

2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 194 933 миң сом суммасындагы төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар, баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча камсыздоо катары күрөөгө өткөрүлүп берилген.

## 10. Туунду компанияларга инвестициялар

2008 жана 2007-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча туунду компанияларга инвестициялар төмөнкүчө берилген:

| | 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | | 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | |
|---|---|---|---|---|
| | Катышуу үлүшү | **Баланстык нарк** | Катышуу үлүшү | **Баланстык нарк** |
| «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсы | 100% | 15 000 | 100% | 15 000 |
| «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК | - | - | 68% | 13 000 |
| | | **15 000** | | **28 000** |

Жогоруда аталган туунду компаниялардын финансылык отчеттору Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык, кароого сунушталып жаткан ушул финансылык отчетко консолидацияланган эмес. Улуттук банк өзүнүн «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын уставдык капиталындагы үлүшүн сатууну пландаштырууда.

## 11. Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер

| | Имараттар жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт | Орнотуу үчүн жабдуулар жана бүткөрүлө элек курулуш | Материалдык эмес активдер | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баштапкы наркы** | | | | | | | |
| 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 104 335 | 66 502 | 108 445 | 21 703 | 236 195 | 53 199 | 590 379 |
| Сатып алуу | 45 876 | 9 454 | 15 109 | 333 | 57 308 | 4 464 | 132 544 |
| Которуу | 7 594 | 26 856 | 42 153 | - | (105 816) | 29 213 | - |
| Колдонуудан калгандар | (1 927) | (18 533) | (19 622) | (4 096) | (14) | - | (44 192) |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 155 878 | 84 279 | 146 085 | 17 940 | 187 673 | 86 876 | 678 731 |
| Сатып алуу | 18 733 | 21 375 | 5 221 | 16 525 | 48 729 | 4 262 | 114 845 |
| Которуу | 1 646 | 3 635 | 16 329 | - | (48 363) | 26 753 | - |
| Колдонуудан калгандар | (1 331) | (7 310) | (12 662) | (8 191) | (362) | (1 471) | (31 327) |
| 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 174 926 | 101 979 | 154 973 | 26 274 | 187 677 | 116 420 | 762 249 |
| **Топтолгон амортизация жана баанын түшүүсү** | | | | | | | |
| 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 21 495 | 30 060 | 30 894 | 11 502 | - | 13 402 | 107 353 |
| Жыл ичинде чегерилгендер | 5 262 | 14 809 | 23 030 | 3 666 | - | 17 154 | 63 921 |
| Колдонуудан калган учурда, эсептен алынып салынгандар | (692) | (18 459) | (5 698) | (4 096) | - | - | (28 945) |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 26 065 | 26 410 | 48 226 | 11 072 | - | 30 556 | 142 329 |
| Жыл ичинде чегерилгендер | 5 968 | 18 620 | 29 043 | 5 896 | - | 28 582 | 88 109 |
| Колдонуудан калган учурда, эсептен алынып салынгандар | (1 331) | (7 305) | (12 662) | (8 191) | - | (1 471) | (30 960) |
| 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 30 702 | 37 725 | 64 607 | 8 777 | - | 57 667 | 199 478 |
| **Калдык балансты к нарк** | | | | | | | |
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | 144 224 | 64 254 | 90 366 | 17 497 | 187 677 | 58 753 | 562 771 |
| **2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | 129 813 | 57 869 | 97 859 | 6 868 | 187 673 | 56 320 | 536 402 |

Материалдык эмес активдер программалык камсыздоолорду жана лицензияланган келишимдерди түшүндүрөт.

## 12. Башка активдер

Башка активдер төмөнкүчө чагылдырылган:

